www.bizdin.kg

Сулайман Рысбаев

Умай бала

Романтикалуу жомок-повестъ

Тестиер жана өспцрцм балдар учун

«Бийиктик»
Бишкек - 2011

www.bizdin.kg

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7- 5
Р 88

Рысбаев Сулайман.
Р 88 **Умай бала.** Романтикалуу жомок-повесть. Тестиер жана өспүрүм балдар үчүн. - Б.: Бийиктик, 2011. - 320 б.

18БЫ 978-9967-13-480-10

С.Рысбаевдин бул жаңы китебинде бүгүнкү күндөгү оош-кыйыштуу заман, андагы айрым криминалдуу топтордун балдардын өмүрүнө жана ден соолугуна жасаган зордук-зомбулуктары, заманга жараша балдарга билим-тарбия берүүнүн түйүндүү маселелери, алардын өмүрүн, балалыгын коргоп калуу жана өнүктүрүү үчүн акыл-эстүүлүктүн күрөшү чагылдырылган.

Жомок-повесттин окуясы Жашыл-Нурабад аттуу шаарда бүгүнкү эле күндөрдө болуп өтөт. Ошол шаарда балдарды түрдүү криминалдуу жана кырсыктуу кырдаалдардан сактап калууда автор тарабынан табылган поэтикалуу жомоктук каарман - Умай бала зор аракеттерди жасайт. Адамдарды акыл-эстүүлүккө үндөө менен, бала тагдыры үчүн улууларды ойлонууга чакырат, дилин тазартууга жетелейт. Акылтайдын образы аркылуу автор бүгүнкү күндөгү кыргыз баласынын жаңы бейнесин тартууга жана аны издөөгө кыйла аракеттенген.

Окуясы кызыктуу, чебер тил менен жазылган бул повесть автордун жаңы поэтикалуу табылгалары менен коштолуп, балдарыбыздын гана эмес, ата-энелеринин да жүрөгүнөн орун тапкан сүйүктүү китебинен болуп каларында шек жок.

Р 4603020110 -11

18БЫ 978-9967-13-480-10

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7- 5
© Рысбаев С., 2011.

www.bizdin.kg

Баян башы

Балдар, мен силерге жаңы баянымды айтып берейин. Көңүл салып окугула. Чынбы же жалганбы, илгери-илгери Жер жаңы жаралганда Теңир ата жана Умай эне кошо жаралыптыр. Алар адам баласы жер бетинде жаңы басып тиричилик кыла баштагандагы алгачкы адамдар экен. Азыркы элдердин баары ошол экөөнөн көбөйүп, ошол экөөнөн таралыптыр. Ошондуктан, алардын урпактары ал экөөнү атабыз-энебиз дешип, бирин Теңир ата деп, экинчисин Умай эне деп атап калышкан экен.

Теңир дегени - баарыбыздын атабыз, баарыбызга тең, бирдей ата дегени тура. Ал эми Умай эне дегени - «эң алгачкы», «эң биринчи» эне дегенди туюндурат экен.

Мына ошол үчүн бүгүн да: «Теңир ата, колдо» - деп адамдар бата кылып, ошол алгачкы атадан көп жакшылыктарды

www.bizdin.kg

тиленишет. Ал эми эненин да, жаңы төрөлгөн баланын да пири, колдоочусу деп Умай энени айтат экенбиз. Умай эне эң биринчи эне экендигинен улам өзүнөн кийинки бардык энелерди колдоп жүрөт экен. Айрыкча, жаңы төрөр кезде бардык энелердин оңой көз жарышына жардам берип, жаңы ымыркайлардын оорубай-сыктабай торолушуна, тез басып, тез сүйлөп, аман-эсен чоңоюусуна да бир өзү көз салат экен.

Ошол Теңир ата менен Умай эне да эң алгач ирет балалуу болушкан эмеспи. Биринчи төрөлгөн ошол баланы да алар: «Умай бала» - деп аташыптыр. Андай болсо, Умай бала деген сөз «эң биринчи бала» дегенди түшүндүрөт. Бул бала дагы башкаларга окшобогон касиет-кереметтери менен бирге төрөлүптүр. Өзүнөн кийинки бардык балдарды колдопжөлөп, ар түрдүү кокустуктардан коргоп, аман-эсен чоңоюп эр жеткенге чейин алар үчүн камкордук көрүп, Умай энеге жардам берип, балдарды тооруп келген түркүн кырсыктарды болтурбай, алдын алып, көчөдө, талаада жалгыз жүргөндө көз салып жүрөт экен.

Бала деген бала да, Умай бала сыртынан билгизбей көз салып, жардам берип,

www.bizdin.kg

таламын талашып, кырсыктан коргоп, жанында дайыма бирге жүргөнүн билбейт тура.

Бул жомок-баянымда мына ушулар жөнүндө, Умай баланын керемет-касиети, ал бүгүнкү күндө биздин балдарыбызды кантип коргоп-сактап, алардын эң ишенимдүү коргоочусу жана сактоочусу болуп жүргөнү тууралуу кызыктуу окуяларды айтып берейин...

www.bizdin.kg

Бороондо буюккан бала

Кереметке жолугуу

Мына бул кол менен жасап коИгондоИ кең өрөөндүн чок ортосундагы чакан шаар - Жашыл-Нурабад шаары деп аталат. Ал качан түптөлүп, качан курулганын ар кандаИ аИтышат. Кээси: «Кечээ жакында эле, эки кылымдын бери жагында түптөлгөн» - дешсе, кээси: «Эчактан бери эле бириндеп эл жашап келиптир, киИин беш болуш эл биригип, бир шаар болгон экен»- дешип божомолдошот. Кантсе да, бир жашыл өрөөнгө баткан алакандаИ кооз шаардын тургундары өз мекени менен сыИмыктанып келишет.

Баарыдан да, анын Жашыл-Нурабад дегени кулакка жагымдуу угулат. Карылар аИтып келген сөзгө караганда, «бул шаарды Теңир ата менен УмаИ эне өзү

www.bizdin.kg

жактырып, нурун төгүп кеткен экен» бир кезде. Ошол үчүн жапжашыл болуп дарак көктөп, жайы-кышы жашылданып турганы-турган дешет. Мурда шаар майда тамдардан курулса, мына заман жаңыланып, бүгүн көк тиреген бийик үйлөр курулуп, көчөлөрүнө түркүн машиналар батпай, түндөсү жылдыз көлү жаткансып, түнкү шамдар жыбырап күйүп турат. Мына ошол маалда тоого чыгып караган кишиге алакандай кең өрөөнгө кут төгүп койгонсуп, ал кут алаканында көйкөлүп эрип тургансып, кадимки эле жомоктогу бир Нурабад шаары экен дегендей ой калтырат.

Мына ошол шаарда жомок-повесттин кызыктуу окуясы бүгүнкү эле күндөрдө болуп өттү. Андагы окуялардын кээсин мен өз кулагым менен угуп, айрымдарына өзүм да күбө болуп калдым десем болот. Эмесе, мына ошол окуяларга кезекти берели.

Деги эле, шаар дегениң «шаар» деген эле аты болбосо, айылдыктар алыстан эңсеп, кооз-кооз имараттарын, түркүн буюмтайым оокат сатылган базарларын, чымын-куюн болгон сансыз машиналарын, кызыл-тазыл көчөлөрүн эле көргүлөрү ке-

www.bizdin.kg

лишпесе, келгенден соң түтүн жыттанган абасынан, дары даамданган суусунан бат эле тажап качкылары келишет. А шаардыктар үчүн алар биротоло көнүмүшкө айланып билинбей калса да, баары бир аба жутууга ашыккан балык сымал, ар жума сайын шаар сыртына барып эс алып келүүгө жөнөшөт. Мындайда, бала-чакасын ээрчитип, ал түгүл коңшулар же шеринелеш достор биригип эс алууга чыгышкандар да жыш кездешет. Шаар сыртынын таза абасын эңсегендер, айрыкча, кыш күндөрү көбөйөт. Шаар четиндеги муз тээп көңүл аччу «Жаштык» эс алчу жайы мындайда күжүлдөгөн элге батпай чыгат.

Мына, бүгүн да ошондой болду. Тайыр үй-бүлөсү менен, досу Азим да бала-чакасы менен тиги «Салкын-Төр» лагери тараптагы «Жаштык» эс алчу жайына келишти. Анын үстүнө, Тайырдын баласы Акылтай менен Азимдин кенжетайы Умар - жашы бир, экөө бир бакчага барышат. Быйыл экөө тең беш жашка жаңы чыгышты. Үйлөрү эки башка кичи райондо болсо да, Азим менен Тайыр балдарын жакшы бакча деп, «Жылдызча» деген бала бакчага беришкен.

www.bizdin.kg

Ошентип, улуу шашкеде келишкен эки үИ-бүлө бешим ченге чеИин чана, лыжа тебишип, жакшы көңүл ачышты. Аңгыча эле каИдан-жаИдан келгени белгисиз, кар учуруп катуу келген бороон элди чымын-куюн кылып кубалап, алеки заматта көз ачырбаИ түн түшүрүп таштады. Балдар аталарын, кыздар энелерин таппаИ, «Жаштыктын» муз тепчү эки кош коктусу ызы-чууга толуп калды.

Кимдер эмне болду белгисиз, жанында эле чана тээп турган АкылтаИды издеп таппаИ калган ТаИыр менен аялы Сауле ботодоИ боздошуп, көз ачырбаИ бороИлогон бороондо өидө-төмөн жүгүрүп кыила жүрүштү. Акыры каш караИып түн түшкөндө баласынын табылышынан үмүт үзүшүп, аргасыз үИлөрүнө каИтышты.

«Жаштыкка» барбасак болбоИт, таза аба жутабыз, - деп жатып сен кылдың» дешип, ТаИыр менен аялы Сауле бирин бири күнөөлөшүп, түнү бою уруш-талаш менен таң атырышты. Эне эмеспи, Сауле: «Бороондо буюгуп, карда каИыгып, баИкуш балам, каИда калды?!» - деп ботодоИ боздоп, жанын коёрго жер таппады.

Эртең менен эрте ТаИыр машинасын чымын-куюн аИдап, Сауле экөө «жок де-

www.bizdin.kg

генде, баласынын тоңуп жаткан денесин таап келмекке» «Жаштыкты» көздөй бет алышты. Бирок алар аппак карга оролгон арча-бадалдан башка эч нерсени көрө алышкан жок. Кечке издешип, үмүттөрү биротоло үзүлгөн соң гана үйлөрүнө келип, эстерин жыйып телевизорго кулактандыруу бермекке жөнөштү...

Умай бала жардамга келди.

Чын эле, кечээки бороондо буюккан кичинекей Акылтай эмне болду? Сөздү эми ошондон баштайлы.

Акылтай Умар досу менен кичинекей дөңсөөдөн ылдый чана тээп келатканда катуу бороон куюндап келип, Акылтайды топ арчаны көздөй будамалап алып кеткен. Бороондон аптыгып, оозу-мурдуна кар кирип сүйлөй албай буюгуп жатканда, ата-энелери аны башка жактан издешип ызы-чуу түшүшкөн.

Бир канча убакыттан соң гана Акылтай өзүнө келип, караңгыда көзүн ача албай өңгүрөп ыйлай берип, ээси ооп жатып калат. Ошол маалда, кайдандыр келе калган бир кичинекей жылуу кол анын бетин сылап, каткан карды тазалап, колунан тартат. Тоңуп бараткан Акылтайдын денесине кан чуркап, эсине келет. Көзүнө баланын элеси көрүнөт.

www.bizdin.kg

- Коркпо, мен УмаИ баламын, - деИт жанагы бала.

«А-а, досум Умар издеп келип калган турбаИбы» - деИт оюнда.

- Умарсыңбы? - деИт бышактап басыла калган АкылтаИ.

- Жок, УмаИ баламын... Сенин үнүңдү угуп, мени УмаИ энем жиберди. Тур өИдө, тоңуп калган турбаИсыңбы, кетели...

- Каякка? - деИт АкылтаИ. - Менин атам менен апам каякта?.. Алар кетип калыштыбы?

- Мен сенин атаң менен апаңды көргөнүм жок. Алар бороон болгондо сени таппаИ кетип калган болуу керек? Азыр түн ортосу болуп калды. Жүрү кеттик. ҮИүңдү эртең табасың...

- Сен менин үИүмдү билесиңби? - деИт анда АкылтаИ.

- Сен өзүң таба аласыңбы?

- Түндө таба албаИм да... Атам-апам мени издеИт да... - деп каИра ыИлап кирет АкылтаИ.

- Азыр УмаИ энеме кетели. Эртең менен үИүңдү табууга УмаИ энем жардам берет...

УмаИ бала ошентти да, АкылтаИды колунан тартып алдыга жетеледи. АкылтаИ

www.bizdin.kg

бир кадам таштап, буту жумшак килемге урунгандай болду. Анан ал экөө самолеттой учуп, кайдадыр сызып жөнөштү.

* * *

Умай, бала менен Акылтай кичинекей, анча чоң эмес учуучу килем менен учуп Умалай тоосундагы Алтын өргөөгө келишкенде, Умай эне кирпиктүү көзүн ирмебей күтүп отурган эле.

Анткени ал кеч бешимде бороондо буюгуп, топ арчанын түбүндө карга мурду сайылып дем ала албай, чабалактап жаткан беш жашар Акылтайды жүрөгү менен туюп, аны сактап калууга он миң чакырым алыстагы Умалай тоосунан Умай баланы жибербеди беле...

Умалай тоосунда

Чындыгында, Акылтай ким менен, каякка жана эмне үчүн келип калганын билген жок, биле да алмак эмес.

Умай эне Умай баласы жана Теңир ата жай кылган бул Умалай тоосу тууралуу адамдар билген күндө да, ал жерде Алтын өргөө деген бар экенин, адамдар

www.bizdin.kg

өздөрү Теңир ата, УмаИ эне жөнүндө ар качан аИтып жүрүшсө да, жүрөктөрү менен туюп жүрүшсө да, ал өргөөдө алардын түбөлүк жашап турары тууралуу түк билишпеИт болчу. Мына ошол жерге биздин чоң шаардын кичинекеИ бир наристе баласы АкылтаИ УмаИ эне жана Теңир атанын кудурет-күчү менен минтип келип отурганы аИрыкча керемет окуя болуп калды.

УмалаИ тоосу, дүИнөнүн эң биИик, эң чоң, КудаИ Таала өзү үчүн жасап жер үстүнө өстүрүп чыгарган, эң алгачкы тоо экен. Төбөсү адамзаттын көзү эмес, акылы жеткис биИик экен. Адамзат аягы баспаган бул биИик тоонун жарымын булут чалып турат экен. Булут чалып, жер бетинен көрүнбөИ турганы менен, булуттан өИдө жагы күндүн нурунан алтын-күмүш түстөнүп турганы андан бетер керемет экен.

МындаИ керемет дүИнө кичинекеИ АкылтаИдын кичинекеИ акылын аИран кылып, өзү мактанган шаарынан миңмиллион эсе кооз, сулуу дүИнө болуп көрүндү. Кечээки түндөн берки капасы тарап, ыИы басылып, УмалаИдын күндүн нуру чалган, алтын, күмүш аскаларынын

www.bizdin.kg

коюнундагы Алтын өргөөдөн эми кеткиси келбей, үйүмө кетем деп шашылбай да калды. Акылтай Теңир атаны көргөн жок, бирок Умай эненин айтуусу боюнча Умай бала Акылтайды Умалайдын эң кооз жерлерин көргөзүп, учуучу алтын килем менен саякаттатып чыгууга да жиберди.

Умай эненин ушунча мээримдүү жан экенин туюп, ага Акылтайдын жүрөгү элжиреди. Аны өзүнүн айылындагы чоң энеси жана шаарда күтүп жаткан өз энеси менен салыштыра да карады. Өз энеси, анын эртең менен өз убагында турбаганы, кийимин кирдетип, ичип жаткан чайын төгүп-чачып алганы, оюнкараактыгы үчүн күн сайын он ирет жемелесе да, Акылтай баары бир аны аябай жакшы көрөрү чын го. Ошентсе да, ал эч качан бул Умай эненин мээримдүүлүгүнө түк окшобостугун сезип, ушул ирет өз энеси Саулеге таарынып алды. Ошон үчүн күн сайын он ирет жемелеп-урушуп турган баласын тоого алпарып жоготуп жиберип, түнү-күнү ботодой боздоп, издебеген жери, сурабаган адамы калбаган энеси бүгүн минтип, тентек уулунун караанын көрүүгө зар болуп: «Каякта эмне

www.bizdin.kg

кылып отурду экен... - деп оИлоду АкылтаИ, - эми барганда, жөнү жок теске салып тилдебеИ, урбаИ кала турган болсун...»

УмаИ бала менен аябаИ дос болуп калды, аны менен алтын, күмүш тоонун тектир-карларына чыгып, улак-козулардаИ секирип оиноп, жылуу, дары булактардан ичип, жүздөрүн жууп, сергип, көңүлү ачылды.

Ошентсе да, АкылтаИ улам-улам:

- УмаИ бала, мен эми үИүмө, апама, атама качан барам... Менин үИүм каякта калды?.. - деИ берди.

- Кеч кирсин АкылтаИ, кеч кирбесе, экөөбүздү эл көрүп коёт. Булар кимдер? ЖомоктогудаИ болуп, килем менен учуп жүргөн кимдер? - деп бизди кармап алгылары да келишет. Анын үстүнө, УмаИ энем, күндүз адамдардын көзүнө көрүнүүгө мага катуу тыюу салган...

Ошентип, алар кечти күтүп, оюндарын уланта беришти.

www.bizdin.kg

Акылтаи ҮЙҢнө кайтты

УмаИ бала менен АкылтаИ отурган учуучу килем зор УмалаИ тоосун бир ирет аИланып өттү да, Жашыл-Нурабад шаарын көздөИ бет алды. Ортодогу көз жетпеген аралык бат эле артта калды, алар көптөгөн тоолорду, талааларды, көлдөр менен суларды, жылдыз төгүп коИгондоИ түнкү оттору көлкүлдөп эрип жаткандаи болгон далаи шаарларды басып өтүштү. АкылтаИ мындаИ кооз түндү буга чеИин көргөн эмес. Түнкү оттору жанган жылдыздарды аралап өтүп, АИга жетерине аз калып, каИкып учуп келатышты. Оюна коИсо, АкылтаИ үИүнө барбаИ эле УмаИ досу менен бирге аламды аИланып жүрө бергиси келип кетти.

- Сен эми мага качан келесиң УмаИ бала?.. - деди бир кезде.

- Сен каалаган күнүңдө келип турам,- деди анда УмаИ досу. - Сен мени чакырып эле коИ, мен сенин жаныңа ошол замат даяр болом.

- Кантип чакырам.

- ОпоңоИ эле. Минтип:

«УмаИ досум жардам бер,
Учуп азыр мага кел» -

деп үч ирет аИтсаң болду. Мен УмаИ эне-

www.bizdin.kg

ме айтам да, учуучу килемимди минип алып, учуп келип калам.

Анан дагы буларды түшүндүрдү:

- Мен сага окшогон балдар кыйынчылыкка учураганда жардамга шашам. Кээде, жаш балдарды уурдап кетип жатышат. Аларды ата-энелерине таап берүүгө жардам берем. Кээде, көчөдө балдарды машиналар менен уруп кетип качып кетишет, аларды табышам...

- И-ий, сен кыйын экенсиң э... Сен буларды кимден үйрөндүң? Мага да үйрөтчү...

- Мага буларды Умай энем үйрөткөн. Эгер мени менен дос болсоң, мен каякка барсам бирге барасың, үйрөнөсүң. Көп балдар менен дос болобуз, жардам беребиз...

- Макул... Келе колуңду!

Ошентип экөө кол алышты.

- Дос болдук э... Мен сени менен кайда барсаң бирге барам...

Аңгыча учуучу килем жылдыз төгүп койгондой жаркыраган Жашыл-Нурабад шаарынын үстүнө келип, айлана баштады.

- Кана, үйүң каякта?

- Менин үйүм «Нооруз» деген кичирайонунда... Он бешинчи үй. Биздин үй

www.bizdin.kg

аябай бийик. Он тогуз кабат. Ошонун сегизинчи кабатында... Сексен бешинчи квартирада турабыз. Менин минтип жыргап жүргөнүмдү билбей, атам менен апам «өлдү» деп ойлоп жатышат го э?..

Акылтай үйүнө жакын калганын ойлоп, сүйлөөргө сөз таппай бежиреп жатты...

- Мына, сенин үйүңдүн терезесине жакын калдык. Атаң, апаң, бир туугандарың кантип күтүп жатышканын байкайбыз...

- Балконго конуп алыппы?

- Ооба...

Алар сексен бешинчи квартиранын балконунун кырына конуп отуруп алышып, ак терезе пардадан үй ичин карап отурушту. Үйдө апасы менен атасы экөө тең бар экен.

«Азыр телевизор көрүп отурушат жыргап»...

Кайдан жыргап... Апасы ыйлап отурат. Телевизордон бир кичинекей баланын сүрөтүн көргөзүп жатыптыр... Демейде, жоголгон балдардын сүрөттөрүн ушинтип кечинде телевизордон көргөзчү эле го... Ооба, бул ирет Акылтайдын сүрөтүн көрсөтүп: «Кимде-ким ушундай

www.bizdin.kg

баланы көрсө, токтоосуз бизге кабарлагыла...» - деп жатат да...

Ушуну билип, АкылтаИ чыдабаИ кетип: «Апа-аа» - деп ыИлап жиберди.

- Чүш-ш, - деп УмаИ бала досунун оозун баса коИду колу менен, - токто. Сен экөөбүз азыр жерге түшүп, үИдүн эшигине барабыз. Сен өз үИүңө киресиң. Мен болсо коштошуп, өз үИүмө кетем...

- Эх, меИли, досум!

Акылтаи - цщндө

УмаИ бала кош аИтышып учуп кетти. АкылтаИ күндөгүдөИ эле, короодо кечке оИноп жүрүп, кечинде чарчап келгенсип, жаИма-жаИ үИүнө кирип баратты. Алдынан кошуна дос баласы Элдос чыкты.

Элдос көрө калып эле:

- ЭИ, сен каИда кеттиң жоголуп... Атаң, апаң ыИлап атышпаИбы сени таппаи, - деп момпое беикапар сүилөду.

- Алар менин каИда барып келгенимди билишпеИ ыИлап жатышат да... Мен деген... УмаИ бала досум менен жүрбөдүмбү...

Экөө лифт менен сегизинчи кабатка чыкканча Элдос кечке болгон окуялар-

www.bizdin.kg

ды, тиги «Монохиттеги баягы сары бала» менен урушканын, Керим деген баланын күчүгү жоголгонун, Айканын атасы машина алганын, жана да ушул эки күн ичинде болуп өткөн бир канча окуяларды айтып берүүгө үлгүрдү.

Акылтайдын атасы Тайыр, апасы Сауле болсо бул күндөрү баласын издебеген жери, сурабаган адамы калбаган. Ортодо өткөн эки күндө апасынын чачы агарып, жүрөк оорусу эки-үч ирет кайталанып, доктор уколдоп жатып жакшы болду.

Бүгүн минтип телевизорго сүрөтүн берип, издөө салышкан. Издөө салганы - баягы кымгуут борошо болгон кечте башаламан үй-үйлөрүнө качкан бирөөлөр көрсө, адашкан баланы өзүлөрү менен ала кетти бекен? - деген илгери үмүттөрү эле. Ошентсе да, аман-эсен болсо, үй дарегин билген бала бирөөнүн жардамы менен үйүн табат эле, үйдүн телефонун деле билет эле да - дешип, телефон же каалгадагы коңгуроо «чыр» этсе жүгүрүп чыгып жатышып чарчашты...

Ошентип отурушса эшиктин коңгуроосу «чыр» этти. «Чыр» эткенде, Акылтай тамашалап, атасынын машинасынын сигналынын «пип-пип-пиип» деген үнүндөй

www.bizdin.kg

туурап, «чыр-чыр-чы-ыр» эттирип басты.

- ОИ, АкылтаИым го...

- АИланаИын, кудаИ! Балам го...

- Чын эле... - дешип атасы менен апасы каалганы көздөИ жарыша чуркашты.

Ооба, ошентип АкылтаИды ТаИыр менен Саулеге Теңир ата менен УмаИ эне экинчи ирет берди...

ТаИыр каалгадагы аИнек көзөнөккө биринчи келди да, сыртта коңгуроо басып эпеИип турган АкылтаИды көзүнө жаш толгон көзү менен биринчи көрдү. Көрдү да, Саулени колдон бекем кармап:

- Бакырып иИип, адатыңча, жүрөгүн түшүрүп алба, - деди да, ары ваннаны көздөИ басып кетти.

Сауле да ТаИыр аИткандаИ кылып, демеИдегидеИ эле эшикти ачып, уулун кучак жаИып тосуп алды. Бирок бооруна кысып бир нече мүнөт кое бербеИ босогодо отуруп, көзүнүн жашын көл кылып үнсүз ыИлап жатты.

- Мен деген... УмаИ досумдукуна конокко барбадымбы... - деп быдылдап сүИлөИ берди АкылтаИ. - УмаИ досум экөөбүз момунтип зуулдап учуп саякаттабадыкпы... Силер көргөн жоксуңар да...

www.bizdin.kg

- Умар досум дейби? - деп арттан Тайыр чыгып келди ашыгып. - Эй, сен кайсы Умарды айтасың?..

Анын үнүндө ачуулануу да, таңдануу да, эки күндүк азап менен тозок да сезилип турган.

- Умар досуңдун үйүнө качан бардың?..

Тайыр баягы күнү тоого бирге барган досу Азим Акылтайды үйүнө алып кетип калып, айтпай алдап жатышкан экен деп ойлоп жиберген. Анткени ал баласынын Умай досум дегенин «Умар досум» деп жаткандай түшүнгөн эле.

Алар качан гана, баягы кар борошо уруп адашып табылбай калганда: Бир бала келип тургузуп, кийимин, бети-башын тазалап, жүрү деп үйүнө ээрчитип кеткенин, кеткенде да, уча турган кадимки эле кооз килемдин үстүнө отургузуп алып учуп кеткенин, ал Умай бала деген бала экендигин, анын Умай эне деген апасы бар экенин, алардын үйү тээ алыста эч ким билбеген чоң тоонун ичинде кооз үйдө экенин, ал кооз үйү айылдагы чоң атасыныкына окшош экенин, алар учуучу килемге отуруп алып кооз тоону кыдырып саякат кылганын,

www.bizdin.kg

УмаИ эне аябаИ жакшы, боорукер экенин, УмаИ бала экөө дос болушкандыгын бир укмуш «жомок» кылып, быдылдап аИтып берди.

Атасы менен апасы мындаИ «керемет жомокко» эстери ооп, эмне дээрин билбеИ калышты.

- Врач психиатрга көргөзүш керек тезинен! - деди күбүрөп, көзүнүн жашы алиге тыИыла элек Сауле үнү калтырап.

ТаИыр болсо уулунун сөзүнө оозу ачыла, отура берди шалдырап.

Психиатрда

О-о, АкылтаИ деген жакшы бала турбаИсыңбы? - деди врач жигит алдында тепеИип отурган балага эркелете карап. ТаИыр менен апасы Сауле АкылтаИдын «өөдүк-сөөдүк» аИткан сөздөрүнөн коркушуп, анын эки күн бою каИда, эмне кылып жүргөнүнө таң калышып, акыры ушул психиатр врачка көргөзүүнү чечишпеди беле.

- Кана, мага түшүндүрүп берчи? - деп, болгон окуяны башынан баштап сураИ баштады.

www.bizdin.kg

Ал, адегенде, тоого кайсы күнү, кимдер менен барганын сурады. Тоодо эмне кылып, кимдер менен кантип ойногондорун тактады.

Акылтай болсо, дем алыш күнү «Салкын-Төр» деген тоого барышканын, атасынын досу Азим, анын баласы Умар досу, Умар досунун апасы, өзүнүн атасы, апасы болуп барышканын, чана тээп, асма жол менен тоого чыкканын, баарын кадимки болгонундай эле айтып берди. Анан дөңдөн ылдый чана тээп келатканда бороон болуп, бороон менен учуп барып оозуна, көзүнө кирип жаткан кардан дем алалбай бир арчанын түбүнө жатып калганын; андан соң эптеп турса, ызылдаган шамал кайра учуруп кетип, бир коктуга куланып түшкөнүн; анда да оозу-мурдуна кар кирип, дем ала албай пальтосуна башын катып көпкө үшүп жатканын; «ата-апа» деп коркуп ыйлап, кыйкырганын, анын үнүн эч ким укпай койгонун; караңгы киргенде да ошол бойдон коркуп жата бергенин; анан бир кезде бирөө келип колунан тартып, «тур-тур» дегенин, бетинин карын тазалап, тоңуп калган колдорун-буттарын ушалап, анан аны килемге отургузуп алыс-алыс жакка

www.bizdin.kg

учуруп алып кеткенин жомоктоИ кылып узакка аИтып берди...

Анын сөзүн угуп бүтүп, врач жигит көз аИнегин көзүнө салды да далдаИган чоң кара китепти текчеден алып, каИсы бир барагын издеп тапты. Анын оИлуу, сырдуу кыИмылынан ТаИыр менен Сауле бир жакшылыктуу сөз күтүп, ооздорунан сөз учуп, элеИишип карап отурушту.

Врачтын оозунан: «Балаңар психикалык ооруга туш болгон, нервине суук тиИип, галлюцинацияга кабылган» деген сөзүн уккусу келбеИ, ар бири өз ичинен бул табышмактуу окуянын жандырмагынын жакшылыктуу чечилишин күтүшүүдө. Бирок ушул эки күндө деги эмне болушу мүмкүн эле? Бала тоңуп талаада калса, аны ким, качан, каИда алпарып, анан аман-эсен боИдон кантип өз үИүнө апкелип коИду? Чоң киши болгондо аИтып берет эле да: «МомундаИ киши, моминтип алып келди» - деп...

АкылтаИ болсо, терезени карап, бөлмөдөгү өсүп турган гүлдөрдү кармалап беИкапар оИноИ берди. Анын оюнда УмаИ бала досу, аны менен оИногондору туюлду. «Чын эле, аны качан чакырсам, - деп оИлоду АкылтаИ, бирок аны

www.bizdin.kg

азырынча эч бир киши билбеши керек. Эч ким көрбөшү да керек. Аны жөн эле чакыра берүүгө да болбойт. Балдар уурдалып, же аябай жардам бериш керек болгондо гана чакырыш керек да. Бул жөнүндө менден башка эч ким, бул врач да, атам-апам да билбеши керек... Досторума да айтпашым керек».

Анын бул ойлорун врачтын сөзү бузуп жиберди.

- Балаңар чана тээп ойноп жүргөндө тердеди беле... - деп сурады Тайырдан.

- Тердегендир да... Чуркап, чана тээп ойноп жүргөндө тердесе тердейт да... - деди кыжалат, ал тургай, күлкүсү келип, анча жактыра бербей Тайыр.

- Кеп ошондо, - деп сөзүн бышыктагысы келди врач, - дал ошондо бороон болуп, арчанын түбүнө көпкө жатып калганда баш нервине катуу суук тийген...

- Баланын башына суук тийсе температурасы көтөрүлмөк, эти ысып, башы оорумак да... - деди чыдабай кеткен Сауле. - Мунун эч жери ооруган жок...

Ошондо врач Акылтайга кайрылды:

- Сенин башыңдын каери ооруду ошондо, - деди.

- Иги, менин башымдын эч жери ооруган жок...

www.bizdin.kg

- Эч жери оорубаса, анда баланар аябаИ корккондуктан эсин жоготуп жатып калган да, кимдир бирөө таап алып, үИүнө алып кеткен. Эсине келгенде бала үИүңөрдүн дарегин аИтып, тиги киши таап жеткизген... Бирок ошондон бери өз акылына толук келе элек... ТакаИ галлюцинацияда жүрөт. Ишенбесеңер, азыр да баягысын каИталаИт... Корккондо ушундаИ болот. Ушул болгон сөз.

- Анда эмне кылыш керек?.. - деди көзү жашылданган Сауле чыдамы кетип...

«Эмне кылыш керек?» Бир гана нерсе - ооруканага жаткырыш керек тезинен... Дарылаш керек...

Ишенип келген «олуя врачтын» бул сөздөрү ТаИырдын кулагынын сыртынан кетип жатты. Сауле болсо, «жаткырса жаткыралы» деген оИго келди.

«Болуптур, - деди анан күбүрөнүп, бүгүн дагы да караИ туралы, эртеңден алып келели...» - деди өИдө болуп ТаИыр.

Жаш врач жигит алакан жаИды: - МеИлиңер, бала силердики. Өзүңөр билгиле...

www.bizdin.kg

Чоц эне менен чоц атанын кецеши

Тоо

айыр врачтын айтканына түк ишенбеди. «Эч нерсе билбейт, дагы да врач... - деди ал ачуулана машинасын от алдырып жатып.

Ал үйүнө кайрылып, аялы менен баласын калтырды да, жумушуна барып, бир аптага кезексиз өргүү алды. «Айылга, атама алып барайын... Балким, атам билер... кыргызча бир аз күн дарылатайын дем салдырып», - деген чечимге келди.

Сауле анын бул чечимине макул болуп, эртеси таң эрте аларды айылга узатты.

Миң-Булак айылына жеңил машина менен бешим ченде кирип келишти. Булардын күтүүсүз келгенине атасы чочуп кетти.

- Тынччылык эле, жөн-жай... Иштен облустун борборуна командировкага жиберген. Анан силерге көрсөтө кетейин деп бу тентекти ала келдим, - деди адегенде. Чай ичип болгон соң, Акылтай айыл балдары менен ойноп кетти. Ошондо Тайыр апасы менен атасына болгон ишти бүтүндөй айтып берди.

www.bizdin.kg

- Эми эмне кылсак болот... - деп эси эки болгон ТаИыр элеИе атасынын оозун карады.

Атасы жетимишке келип, салабаттуу карыя болуп калган. Баласынын сөзүн угуп болгон соң, ата-бабалардын арбагына узакка күбүрөнө куран окуп: «Неберелеримди Теңир ата, УмаИ эне, өзүң колдоИ көр» - деп муңкана узакка бата тиледи апакаИ чокчо сакалын каИра-каИра сылап.

- Коркпо, балам. Корко турган эч нерсе жок. Баламды ошол түнү УмаИ эне өзү колдоп, аман алып калган тура... болбосо - деп эне да муундары бошоп жашып кетти.

- О, УмаИ энеси, жаным тартуу сага! Кара башым тартуу сага. КагылаИын УмаИ энеси... Каралдымды өзүң аман алып калган экенсиң... Эми, мындан ары да өзүң жар болуп жүргөИсүң... Тентек балам ошону көтөрө алар бекен...

Ырыскелди карыя УмаИ энеге ушинтип каИра-каИра жалынып-жалбарды да, тигинде оИноп жүргөн небересин өзүнө чакырып алып, балта менен эмдеп, камчы менен домдоп, кыИлага убараланды.

- Теңир ата, өзүң колдо. УмаИ эне, өзүң колдо, баламды. Кара жер, сен

www.bizdin.kg

көтөр, менин балам көтөрө албаИт... АИланаИын ата-арбактар, өзүңөр жар болгула...

Ошенткен соң, атасы Ырыскелди карыя, аИылдын алты-жети аксакалын чакырып, короодон бир сары серкени кармап, небересине садага чапты. Теңир ата менен УмаИ энеге арнап куран окуп, түлөө өткөрдү.

Эртеси Таажы чоң энеси көп ырым-жырым иштерин жасады: кантсе да, коркуп калдыбы деп, аИылдагы ЗеИнеп деген бүбү кемпирди чакырып, жүрөгүн көтөрттү, коргошун эритип, «жүрөк» куИдурду. Түштүктүн зире чөбүнөн таптырып, жүрөк тумар тиктирип, кыбыланы карап аккан мазар булактан тогуз кара таш алдыртып тумар тактыртты. Анын эртеси БүбаИша деген төлгөчү кемпирди апкелдирип, төлгө тарттырды. БүбаИша кемпирдин төлгөсү оң түшүп, баары ыраазы болушту. Андан соң, кечинде Бекбоо деген көзү ачык абышканы алдыртып, шам жактырып, олуя-мазарлардын колдоочуларын чакырып, балага дагы да дем салдырды.

Ошентип бүткүчө арадан төрт күн өттү. Баары жаИында. Төлгөчү, бүбү, көзү ачыктардын баары АкылтаИдын дени

www.bizdin.kg

сак, ден соолугу жайында экендигин айтышып, Таажы чоң эне менен Ырыскелди карыяны абдан кубантышты. Тайыр болсо, «жакшы болсо болду» деп ойлоп, атасынын айтканын гана аткарды. Тайыр «кыргызчылык» дүйнөсүнөн кыйла алыс болсо да, жана бул аткарылып жаткан ырым-жырымга түшүнбөсө да, ага ишенбесе да, атасынын айтканы менен болду.

www.bizdin.kg

Бакчадагы сырдуу окуя

Бакчадан уурдалган бала

Акылтай кайрадан бакчасына бара баштады. Күндөлүк оюн, достору баары бир тең да, Умай бала досу өзүнчө. Аны түк да унуткан жок. Кээде өзүнө чакырып алып, баягыдай, килемине түшүп алып, Жашыл-Нурабад шаарынын үстүн, ак карлуу тоолорду айланып учкусу келет. Керемет кооз шаарынын кооздугун көргүсү келет.

Ошентип жүргөндө, бир күнү кечке жуук бакчада Жакып деген баланы апасы издеп ыйлап жүргөнүн көрдү. Жакып деген бала болпойгон жоош бала болчу. Урса деле унчукпай жүрө берчү. Бирок ал бүгүн бакчага келген эмес да. Келбесе, апасы эмне үчүн аны кечинде издеп жүрөт?

www.bizdin.kg

Тарбиячы эжеИи да Жакыптын бүгүн бакчага келбегенин аИтып, аны эмне үчүн издеп келгенин сурап жатты.

- КапыраИ, мен Жакуну эртең менен бакчага киргизип коюп кетпедим беле?.. - деИт чыркырап апасы.

- Бакчагабы, ушул бөлмөгөбү? - деп сурады тарбиячы эжеИи тактап.

- Эшиктен киргизип кеткен болчумун, жумушка шашып жатып, бул бөлмөгө киргизгенге үлгүргөн эмесмин...

- Балким, адашып башка таИпага кирип кеткендир... Жүрүңүз, издеИли...

Ошентип тарбиячы эжеИ менен Жакунун апасы башка бөлмөлөрдү кыдырып: «Жаку, Жаку, каИдасың?» - деп кыИкырып издеп жүрүштү.

Бирок Жаку ал күнү табылбады. Жакунун жоктугун угуп атасы да келип, бакчага чуру-чуу түшүп, эч кандаИ натыИжа чыкпады.

Бул окуя АкылтаИдын ата-энесин да оИлонтуп коИду.

«Бул эмне деген окуя... Деги, Жашыл-Нурабадда эмне деген окуя болуп жатат? Бакчадан баланы уурдап кетет деген эмне? УурдаИ элек эми адам баласы калдыбы?..»

www.bizdin.kg

Кечинде тамак ичип отурушканда кудум баягы күнү АкылтаИ жоголгондо издешкенсип, телевизордон: «Издөө салабыз. Бүгүн Жашыл-Нурабад шаарындагы № 252 бакчадан беш жашар Садырбек уулу Жакып жоголду», - деп кулактандыруу берилип жатты.

- Көрдүңбү? - деди апасы Сауле, - АкылтаИга эскерте, - этияттап жүрбөгөндүгүнөн минтип жоголуп кетип, ата-энелерин азапка салып отурат.

- КоИчу, баланын жүрөгүн оорутпаИ, - деди анда ТаИыр аялына ачуусу келип.

АкылтаИ оИго батты: «Эмне кылуу керек? УмаИ досумду чакырып, баИкуш баланы таап бер деш керекпи? Өзү деле ошентип, «жардам берем» дебеди беле... БаИкуш апасы ыИлап жатпаИбы... Бирок бул жөнүндө эч кимге аИтпаш керек. Балким, эртең Жаку табылып калар... Табылбаса анда УмаИ досума сөзсүз аИтамын...»

www.bizdin.kg

«Умай досум, жардам бер...»

Зртеси бакчадан эртерээк келген соң, АкылтаИ балдар менен оИногону сыртка чыкты. Ата-энеси аны баягы окуядан киИин ээн коё бергенине аз күн гана болгон. Ал короодо бир аз оИноп туруп, уурданып чыкты да, ары жактагы «Кара-Бак» деген чоң бактын коюу жерине кирип кетти. Бак ичи кооз экен. Ары-бери карап турду да, УмаИ досун чакыра баштады. Негедир, денеси чыИрыккансып, калтырап чыкты.

«УмаИ досум, жардам бер,
Учуп мага азыр кел» -

деп, үч ирет каИра-каИра каИталап жатып, коркконунан элеңдеп ары-бери караИ берди.

Аңгыча баягы кооз учуучу килемине түшүп алып, УмаИ бала досу учуп келди да, алдына конду. АкылтаИ, ушундаИ болорун билип турса да, көз ачып-жумганча болуп өткөн окуядан сестене түштү.

- Эмне, коркуп турасыңбы менден? Экөөбүз убадалашпадык беле, же ишенген жок белең келериме... Сен коркпо... - деди УмаИ бала эпилдеп.

АкылтаИ дагы эле коркконунан унчуга албаИ, чекесинен муздак тер тамчылап кетти.

www.bizdin.kg

- Андан көрө, айт тезинен, эмне болду?

Ошондо гана Акылтай, корккону бир аз унутулуп, экөө дос болгонун эстеп, кол алышып учурашты. Анан акырын унчукту:

- Менин бакчамдан бир баланы уурдап кетиптир. Ким уурдап кеткенин эч ким билбейт? Атасы, апасы издеп жүрүшөт?

- Каяктан уурдашыптыр?

- Эртең менен апасы өзү бакчага жеткирип келиптир да, бөлмөгө киргизбестен шашып жумушуна кетип калыптыр. Ошол... Ошол бойдон Жаку жок... Бөлмөгө кире электе эле уурдап кетишиптир...

- Анан?..

- Ошол... Эки күн болду... Анын аты - Жаку... Чын аты - Жакып.

- Акылтай, болуптур. Бул айтканың жакшы болду. Мен аны издеп табам. Сөзсүз табам да, бакчасына алып келип жеткирип берем... Эртең ушул убакытта ушул жерге кел. Макулбу?..

- Макул... Мени атам издеп калып жүрбөсүн, кеттим - деди да, Умай баланы карабастан чуркап кетти.

Ырас эле, атасы аны издеп калыптыр.

www.bizdin.kg

- Акылта-ай! - деген атасынын үнү чыкты алыстан.

- Мен мындамы-ын! - деп жооп берип, бактын ичинен чуркап чыкты Акылтай.

- Эй, бул жакта эмне кылып жүрөсүң?- деди атасы баласынын колунан алып.

- Ичим ооруп...

Акылтай, эптеп шылтоо тапты.

Бирок ал дагы эле ойлуу болчу. Бир сыр бар экенин туйган атасы, ичинин чын эле ооруган-оорубаганын, кантип ооруганын, бак ичинде эмне кылганын, чын эле ооруса дары ичиш керек экенине чейин айтып, бир нерседен шекшинип, сынап көрдү. Акылтай, берген дарысын да ичпей: «Эми жакшы болуп калды, дагы ооруса, анан ичейин», - деп моюн толгоду. Кантсе да, баягы айылга барганда атасы Ырыскелдинин айткан сөздөрү көңүлүнөн кетпей койду.

«Бу уулуңда бир касиет бар экен, балам. Буга Умай эне жолукканы жалган эмес. Бир касиет менен аман калыптыр, болбосо ал мындайды эч качан оюнан чыгарып да айта алмак эмес. Эгер жөн гана көзүнө көрүнгөн болсо, кайра айткан сөзүндө айырма болмок... Бала неме жаңылып айтмак... Мындай окуя

www.bizdin.kg

дагы да каИталанышы мүмкүн. Ошол үчүн көп ээн коё бербеИ, баИкап жүргүн. Уктуңбу?» - деген атасы.

Азыркы анын такып сураганы ошол болчу. Кантсе да, баласы жанында тургаНы үчүн каИра баарын унутуп, уулу менен атасы башка сөзгө өтүштү.

- Балам, - деди ТаИыр, - эми сен чоңоюп, чоң жигит болуп калбадыңбы? СендеИ балдар эчак эле тамга таанып, өзүнүн, апасынын, атасынын, чоң ата, чоң энесинин, досторунун, ал тургаИ үИдөгү мышыгы менен короодогу күчүгүнүн аттарын жазып үИрөнүп алышты. Сен болсоң, беш-алты тамгадан башка тамганы тааныбаИ жүргөнүң болбоИт. Кел, андан көрөкчө, күндө бирден тамга таанып, окуп-жазганды үИрөнөлү. Макулбу?

Атасынын бул сунушу АкылтаИды абдан кубантты. Аз жерден: «УмаИ бала досумдун да атын жазып үИрөнөИүн» - деп аИтып жибере жаздады.

Кантсе да, ал ошол күндөн баштап тамга таанып, жазганга катуу киришти. «УмаИ бала» - деп досунун атын тез эле жазып үИрөнүүгө ашыкты.

www.bizdin.kg

«Жаку жер цсшцпөп көрцнбөйт»

Эртеси кечинде Жакунун ата-энеси АкылтаИдыкына келишти. Алардын келгенинин себеби, баягы күнү АкылтаИдын эки күн бою жоголуп кетип, анан табышмактуу болуп өзү эле үИгө келип калышы эле.

- Силер мунун сырын биле алдыңарбы?- деп сурады Жакунун атасы. Анын минтип сурап жатканын АкылтаИ оозгу үИдөн угуп отурду. Атасы эмне деп жооп берет экен деп күттү.

- Мен бул окуя тууралуу эч нерсе деп аИта албаИм... Чынымды аИтсам, эмне болуп жатканына акылым жетпеИт...- деп чыдамы кеткен ТаИыр ордунан тура калды. - Баламдын кантип жоголуп, кантип табылганы - мен үчүн эчак көргөн азаптуу бир түш сымал туюлат... Ишенсеңиз, мен сизге...

Ооба, чын эле, ал эч нерсе аИта деле албаИт болчу...

- Эми кантем... Баламды кантип табам...

Бул бышактап ыИлап отурган Жакунун апасы эле. Ал сөздөрдү угуп отуруп

www.bizdin.kg

Акылтай чыдабай кетти. Ал жоголуп жүргөндө апасы Сауле да ушинтип ыйлаган да.

- Мен таап берем! - деп айтып жибере жаздады Акылтай. Ушул сөздөр болуп жатканда Акылтай сыртка билгизбей чыгып кетти. Анткени ал дал ушул азыр шаар чекесиндеги Ботаника кара багынын ичинен Умай бала досуна жолукмак да...

Акылтай лифт менен ылдый түштү да, тызылдап чуркап жакын эле жердеги бакты көздөй жөнөдү. Өпкөсү өпкөсүнө батып, жүгүрүп келатты ал.

Тез эле жетип, Умай досун чакырып, Жаку досунун кайда экендиги жөнүндөгү кабарды билип, ата-энесин ыйлатпай таап бергиси келди...

Келатып эле, аптыгып жатып:

«Умай досум, жардам бер,

Учуп азыр мага кел!» -

деп, зорго сүйлөдү да, жерге кулап кетти.

Анын энтигип, башы айланып, кускусу келип жерде жаткан жеринен Умай бала тургузду.

- Мен сага бүгүн жакшы кабар айта албайм, - деди Умай бала муңайым тарта, - Нурабад шаарынын айланасында-

www.bizdin.kg

гы ар бир кокту-колотту карап чыктым. Ошентсем да Жакуну жер үстүнөн көрө албадым. Бирок ал аман-эсен. Анткени анын жүрөгүнүн согуп жатышын менин жүрөгүм сезип турат. УмаИ энем да ушинтип аИтты.

- Анда Жаку досум каякта?.. - деди АкылтаИ ыИламсырап.

- БилбеИм... Ал жердин астында окшоИт...

- «Жердин астында?..» Эмне, аны көмүпташташыптырбы?

- Жок, эгер аны жерге көмүп таштаса, анын жүрөгүнүн согушун менин жүрөгүм туя албаИт эле да.

- Анда, менин Жаку досум каИда?

- Азыр аИта албаИм... Дагы да үч күн издеИмин. Аны уурдаган адамдардын өзүлөрү да жердин үстүнөн көрүнбөИт. Алар жердин астына үИ казып алып, Жакуну ошол жакта алып жүрүшсө керек...

Ал ушинтти да, килемине түшүп алып, учуп кете турган болду:

- МеИли, АкылтаИ, каИгырба... Жакшы кал. Досуңду таап берем.

АкылтаИ үн дебеИ кол булгалады да, үИүн көздөИ үнсүз басты. Ал дагы эле демин баса албаИ энтигип келаткан. Ал-

www.bizdin.kg

дымдан атам издеп чыгып: «Дагы да кайда жүрөсүң?» - десе, «Эмне дейм» - деп, шылтоо издеп да келатты.

Айткандай эле, үйдүн бурчуна келип калганда алдынан атасы чыкты.

- Кайда жүрөсүң баятан бери? - деди ал тынчсыздана, бир нерседен шектенгендей. Бирок үйдөн жаңы эле узап чыгып, ары көздөй басып кетип баратышкан Жакунун ата-энеси тургандыктан, сөз ушуну менен үзүлдү. Атасы да башка эч нерсе сураган жок... Сурагандан да тартынды. Сураса да эмне деп сурайт?.. Баары бир сырдуу нерсени анын жүрөгү сезип турду.

Акылтай короодогу достору менен ойноп кетти.

Зөөкүр аччынын туткунунда

Умай бала Жакунун караанын жер үстүнөн издеп, чын эле таппады. Ал адамдардын көп амалынын бир амалын билген эместигинен да ушундай болду...

Э-эй, кайсыны айталы. Адамдар кийинки он-он беш жылдын ичинде адепыйманы бузулуп, издегени пайда, аны

www.bizdin.kg

жулуп алабы, уурдап алабы - иши кылса, жан кыинабаи жакшы жашоону көздөрү күч алды. Өкмөттөн коркпогону быякта калсын, кудаидан да коркпои баратат. КудаИдан да коркпогону ушу да: тирүү басып турган кара баштуу адамды карактап уурдап барып, бөИрөкшыирагын сатып баиыганга өткөн жан кечти зөөкүрлөрдүн күн санап көбөИүп баратканына эмне деИсиң...

«Алы жетпеген - акыретчил...» болуп бүттү көптөгөн бечаралар.

КичинекеИ Жакып да, ошондоИ адам кебетесиндеги эки буттуу бир аИбандардын аңдуусуна кабылып отурбаИбы.

Анын үстүнө, күн саИын жумушка кечигип барчу Жакунун апасы, ошол күнү да шашканынан баласын бакчанын оозунан киргизип эле жумушуна шашып кете берген эле да. Ал күн саИын ошентчү. Жанагы адам кебетесиндеги эки зөөкүр муну күн саиын баикап жүрчү.

Жаку бакчага кирип келатканда, зөөкүрдүн бири машинада отурган да, бири бакчанын оозунда турган.

Ал Жакунун алдынан капыл-тапыл чыга калды да, оилонтуп үлгүрбөи:

- АИ, дос, сени тигинде атаң чакырып атпаИбы...

www.bizdin.kg

«Атаң» дегенде бакчага кыйылып зорго келчү Жакып артына бурулду. Караса, бакчанын тушундагы жол жээгинде «Ауди-100» маркасындагы кара машина турат.

Ооба, атасынын «Аудиси»...

Жакып ишенип аркасына шарт бурулду. Тиги белгисиз адам да анын артынан келип, машинанын арткы каалгасын шарт ачып, кичинекей баланы кошо ала кирди. Бул окуяны эч ким байкабай калды. Машина да турган ордунан учкан куштай «чуу» эте алып учуп жөнөдү.

Эки зөөкүрдүн балдарга жасаган бир нече аңчылыгынын дагы бири ушинтип ишке ашты. Алардын бул жолку туткуну Жаку болду.

Алкарадай болгон сулуу «Ауди» шаардын чет жагындагы Салкын-Төр капчыгайын аралап келди да, машинасы менен бетондолгон жертөлөнүн ичине кирип кетишти. Жертөлөнүн ичи кенен үй экен. Үйбү, жертөлөбү сырттан түк билинбейт.

Чыркырап, туйлап ыйлаган Жакуну бир коркутуп, бир алдап жатып эптеп тынчтантышкан. «Сотка» телефон менен ойноп алаксый калат да:

www.bizdin.kg

- Атам каИда күтүп жатат мени? - деИ берет.

- Атаң азыр келет. Сага апаң аИткан жок беле. Биз атаңдын достору болобуз. Сени да бул жакка ала келгин, досторубуз менен чогуу эс алабыз деп бизди жиберди? - дешет алар.

- Алдап атасыңар... Мага апам аИткан эмес... - деИт ыИлап Жаку.

- Азыр... көрөсүң го... Ал быякта күтүп отурат. Биз сени алдап эмне кылабыз...

Бала да... Түркүн оюнчуктарды көргөндө кирип келген бул бөлмө ага оюнчук дүкөнүндөИ болуп көрүнгөн.

- Мына, булар менен оИноп тур... Мен азыр атаңды быякка чакырып келем...- деди тиги киши.

- А, сиздин атыңыз ким? - деди Жакып ыИлактап, элеңдеп.

- А, менин атымбы... Азыр... азыр келип таанышабыз...

Ал аркы бөлмөгө кетти, анткени өзү аИтып жаткан баланын «атасына», аты аИтылбаган, баарынын «кожоюнуна» бу баланын алынып келгени аИтылмак.

Аңгыча, дагы бир адам кирди да:

- 0-о, жакшы жигит тура... Кана, сени ким ыИлатты. Кел, мурдуңду аарчып

www.bizdin.kg

коёюн. Атаң көрсө уят да, чоң эле жигиттин мурду булганып турса жарашпайт... - деди да, колундагы апакай жүз аарчы менен Жакунун мурдун аарчып-аарчып койду. Бала мурдун эч күмөн санабай тосуп берди, шуу-шуу дем алды. Анан бат эле «уйкусу келип», көшүлүп уктап кетти...

Тиги жигит, наркоздон улам уктап калган баланы чечиндирип, операция бөлмөсүнө көтөрүп жөнөдү.

Операция өтө жашыруун эле. Эмне болуп жатканын да эч бир жан билбеген-туйбаган жашыруун жер астындагы бөлмөдө болмок...

Ошол эле операция бөлмөсүндө бөйрөгүнөн жабыр тарткан, Бишкектин белгилүү бир жеке ишканасынын жетекчиси, чоң бизнесмендин баласы жаткан. Дасыккан хирург баланын оң бөйрөгүн тиги бизнесмендин баласынын жабырланган бөйрөгүнүн ордуна салмак...

www.bizdin.kg

Издөө

Бала көзүн «уИкудан» ачса, баягы: «Атың ким?» - деп сураса аИтпаИ коИгон «баИке» маңдаИында туруптур.

- Атам канакеИ? Ал качан келет?

Наркоз тарагандагы Жакунун алгачкы сөзү ушул болду. Тиги адам аны дагы да алдап жатты.

- Келген жокпу? Сен уктап калган турбаИсыңбы? Жумушуна каИра кетип калган турбаИбы...

Ээги кеберсиген жаш баланын эриндерин суу менен аарчып отурду тиги киши. Иши кылса, ага баланы багуу, кароо, сооротуу, тамактандыруу милдеттери жүктөлгөн эмес беле. Ал мындаИдын далаИын көргөн. Көнүп да калган бул жумушка. Бирок да татынакаИ бөбөктүн бөИрөгүн башкага алмаштырып салган бүгүнкү окуя анын жүрөгүн оорутту. Буга чеИин мындаИ жаш балдарга аңчылык кылышчу эмес.

Бул ирет, таптакыр башкача болду. УшундаИ болорун билгенде да, баары бир «кожоюндун» аитканын аткарбаи коюуга болбоИт эле.

www.bizdin.kg

Мындан башка дагы бир болгон окуя анын башын маң кылган. Анда жаш жигиттин бөИрөгү бир чоңдун кызына салынган эле. Ошондо да булардан кол үзүп, кетем деп кете албаИ коИгон. Кетиши өлүмгө тете болмок. Бул окуя аны биротоло бекемдеп коИду.

Арадан төрт-беш күн өткөн соң, «кожоюн» «Аудинин» аИдоочусу менен атын аИтпаган жанагы немени өзүнө чакыртты.

- Силерди кимдир-бирөө баИкап калган жок беле? - деди сырдуу карап. - Бизди сыртыбыздан кимдир бирөөлөр тынымсыз көз салып тургансыИт. Туясыңарбы ушуну? Кимдир бирөө күнү-түнү бизди аңдып тургансыИт!

Сезесиңерби ушуну!.. - деди зиркилдеп.

- Жок... - дешти берки экөө жарыша, шибеге менен бир саИгандаИ чочушуп.

- Силерге менин буИругум: бир апта бою эч ким эшикке чыкпасын! Бул жерде эч ким жашабагандаИ түр көрсөткүлө!..

Баары «кожоюндун» аИтканындаИ болду. Бирок Жакунун ушул жерде экенин баамдап-туИган УмаИ бала күндүр-түндүр көз салып, аИланчыктап кетпеИ жүргөнү анык болчу.

www.bizdin.kg

Ацчыга көрцнгөн «ажайып сыр»

Д е м алыш күнү күн кадимкидей жылып, эрте жаз экендигине карабай, айлана-тегеректин кары эрип кетти. Жертөлөнүн ичи ысып дым болгондуктан, «кожоюн» эшикке чыгып баратып минтти:

- Бир аз аба жуталы. Жүрү... - деди «АУДИни» айдаган узун бойлуу жигитке, - кеңешели...

Экөө күндүн жылуу нуруна далысын тосуп турушуп, тамеки чегишти.

- Эмки милдет мындай, - деди «кожоюн» өтө олуттуу түрдө. - Сен бүгүн шаарга баргын да, Термез шаары менен байланыш. Баланы биз мындан ары бул жерде кармап тура албайбыз. Биздин ишибиз бүттү...

- Термез менен эмнеге байланышам?

Айдоочунун бул суроосу аны тырчытып жиберди:

«Эмнеге» дегениң кандай? Унутуп калдыңбы? Бул баланы Термезге кетириш керек?

- Термезге?.. Бул баланыбы?

- Ооба... - деди ал өктөм унчугуп.

www.bizdin.kg

- Жеңил машина менен жибериш кыИын. Таможнядан өткөрбөИт. Анын үстүнө баланын эч кандаИ документи жок. А поездден алып өтүп кетишет... - Сен эртең таңкы поезд менен кетиресиң... Угуп жатасыңбы?

- Ооба...

- Шаарга азыр барып, Сатарга жолугасың. Ал сени Термезге алып кетчү адамга кездештирет. Экөөң убадалашып баланы таңкы поездге жеткирип бересиң... Түшүнүп жатасыңбы?

- Түшүнүп жатам...

- Акчасын нак алып каласың...

- Акча?..

- Ооба..

- Канча акча берет?

- Ал өзү билет... Берет, а сен аласың...

- Мм...

- Болду анда, сүИлөштүк... Мен ичкери кireИин... Сен жөнөгүн да, кеч бешимге чеИин келип кал. Сатар менен жолугуп, тиги адам менен беттешип, эмне деп сүИлөшкөнүңдү мага жеткиресиң...

Сөз бүттү.

Сөз менен кошо...

«Көрсө, бул бечара баланы Термезге сатат тура... Баары бүтүп, ушу калдыбы? Ушунчалык да мыкаачылык боло-

www.bizdin.kg

бу... Ушунчалык да таш боордук болобу? Адамды малдай сатуу деген ушул турбайбы, көрсө... Муну кудай кечирбейт...»

«Аңчы» ушинтип силкинип алды да, жерге түкүрүп, машинасын койгон жертөлөнү көздөй басты...

Жертөлөнүн артында Умай бала жашынып отурган. Ал баятан берки «кожоюн» менен «аңчынын» сөздөрүн бүтүндөй угуп койду.

«Демек, бүгүн сактап калбаса, Жакунун тагдыры кыйындап калган экен. Канткенде алып кала алабыз?..»

Аңгыча «Ауди» машинасы от алып, жертөлөдөн чыкты да, ачуусу келген айдоочусунун эркине баш ийип, зуулдаган бойдон жолго түштү.

Умай бала килемине отурду. Учуучу килем өйдөңкү калың карагайларды көздөй учуп барып, кайра ылдый кайрылды. Бул учурда «кара аргымак» бир канча жерге узап кеткен эле. Өзөн ээн болчу. Умай баланын килеми вертолёттой кайрылып келип, машинанын үстүнөн үч айланып учту. «Аудинин» айдоочусу өзүн айланып учуп жүргөн «Шахрезаданын учуучу килеминдей» болгон килемди, анда отурган кичинекей баланы көрүп, машинасын токтото

www.bizdin.kg

калды. Эмне кыларын билбеИ, «көзүмө бир нерсе көрүнүп жатабы» дегендеИ, эсакылын жыИнап бир канча убакыт турду. Эшикке чыгаИын деп, чыга албады.

Килемдин үстүнөн УмаИ бала машинанын токтогонун көрдү. Анан ал каИра каИрылып келип, жерге коно тургандаИ өңдөндү да, күн чыгыш жактагы баягы муз тепчү коктуга кирип көрүнбөИ калды.

Бул «сырдуу окуя» «Аудинин» аИдоочусун апкаарытып таштады. «Алласы оозунан ыргыган» неме колу-буту калтырап, машинаны аИдаганга чамасы келбей калды. Каира артка кайрылаиын деп көпкө оилонду. Бирок кыиладан киИин машинасын от алдырды да, шаарды көздөИ жөнөп кетти.

Аңчынын чыккынчылыгы

Аңчы шаарга барды да, «кожоюн» аИткан иштерди тез эле аткарды. Ошенткени менен, ал капчыгаИдан көргөн «сыр» көз алдынан кетпеИ, кечке эмне кылып жүргөнүнүн маанисин түшүнбөдү. «Кожоюндун» аИтканыаИткан, аны мыИзамдаИ аткаруу керек. Бирок бул сырдуу окуя эмне үчүн болуп

www.bizdin.kg

атканын, анын бул баланын тагдырына тиешеси барбы, жокпу, ага башы жетпеди.

Кубарган өңүнө кызыл кирбеген бойдон, аңчы кайрадан шаардан чыкты.

«Баягы сыр дагы да көрүнөбү» - деген ой оюнан кетпеди.

Ойлогондой эле болду. «Жаштык» муз тепчү коктусунун оозуна келгенде учуучу килем кайкып учуп чыкты да, бир айланып келип, бет маңдайында калкылдап турду. Машина да өзүнөн өзү эле токтоп калгандай болду. Аңчы колу-буту титиреген боюнча машинасын башкара албай калды.

Умай бала машинанын маңдайына келип, жерге конор-конмоксон болуп тура берди. Ал айдоочуга бир нерсе дегендей болду, бирок баланын үнү ага угулган жок. Ошондо ал машинанын терезесин да кантип ачканын билбей калды. Анан мындай сөздөрдү укту:

- Байке, - деди үнү дирилдеген Умай бала, - Жакуну бакчасына эртең эрте менен жеткирип коюңузчу. Өзүңүз алып кетпедиңиз беле. Эми кайра өзүңүз жеткирип коюңузчу. Атасы менен апасы Жакуну жоктоп ыйлап жатканын ойлосоңуз... Сизден көптөн-көп суранам... Өзүңүздүн деле Жакудай балаңыз бар го?

www.bizdin.kg

«Демек, баарын көрүп-билип коИгон жан бар тура - деген ой жүрөгүнө иинедеИ саИыла түштү. - Анда өлдүк!..»

- Сен өзүң кимсиң? КаИдан келдиң?..- деди «аңчы» үнү буулуп, дене-бою калтырап.

- Мен УмаИ баламын... УмаИ энем жиберди. Жакуну Термезге кетирбеңиз... Макулбу? Эгер Термезге кетирсеңиз, баарын аИтам... Силердин ким жана каерде экениңердин баарын, Салкын-Төрдөгү жертөлөңөрдү билдим. Баарын аИтам. Мен азыр УмаИ энеме кеттим... Сизди макул болду деп аИтам... КаИта эртең менен көрүшөбүз, баИке!..

Ушул сөздөрдү аИтты да, УмаИ бала учуучу килеми менен баягы муз тепчү коктуну көздөи учуп, көрүнбөи калды.

Эмне кыларын билбеген «аңчы» чекесинен чыккан терди аарчып кыИлада эсине келди да, машинасын от алдырды.

«Бул сыр мага бекер көрүнгөн жок. Бул менин түбүмө жетет... УмаИ эне өзү колдогон касиеттүү бала тура Жаку. Эгер бул оюм чын болсо, анын өмүрүнө коркунуч келтирген адамдын өзүн сөзсүз КудаИ Таала жазалабаИ коИбоИт...»

Ушуну оИлогондо «аңчы» ого бетер коркуп кетти. Ал өздөрү турган

www.bizdin.kg

жашыруун жертөлөгө кантип келгенин билбей калыптыр. Саат убадалашкан убакыттан эчак өтүп кетиптир. Анын кубарган өңүнөн бир нерсени сезген «кожоюн» такып сураганына карабай, эч нерсе деген жок. Анткени ал болгон окуядан да, ага жараша эмне кыларын так биле албай чексиз кыжалаттангандыгынан да ошентти.

- Башым ооруп, жаным жер тартып турат... Чарчадым... Эч качан турбай, ойгонбой, эки-үч күн жатсам го... - деди ал муздак пиводон жутуп атып...

«Кожоюн» ага мындан аркы кыла турган иштерди дагы бир жолу бышыктап айтты да, жатчу бөлмөсүнө кетти. Ал эми «аңчы» болсо, Жакунун бөлмөсүнө кирди.

Жаку уктап жатыптыр. Уктаганда да далай ирет чыргоолонуп тынчтанбай, кыйналып жатып уктайт эмеспи. Кээде уктабай чыр салганда укол сайып, же тамагына дары кошуп берип уктатар эле. Көрсөтмө ушундай болчу.

Операциядан бери жыйырма беш күн болду, толук айыгып да калды «кожоюн врачтын» айтымында. Ал тургай, операция кылган бөйрөгүнүн тушу да дээрлик билинбей калды. Бала да... Денеси жаш...

Жаку эч нерсени билбей тынч уктап жатты...

www.bizdin.kg

Эми алдыда аны эмне деген тагдыр күтүп турат? Ага белгисиз да. Ага эле эмес, анын тагдыры колунда турган «аңчынын» өзү да билбеИт эле...

Жанагы сырдуу окуя «аңчынын» башын маң кылып, азыр эстегенде да жүрөгү зыр этип, дене-бою дүркүрөп-дүркүрөп алды.

Таңкы саат төрткө жакындаганда уктап жаткан Жакуну акырын оИготту:

- Тур... Кетебиз... - деди «аңчы» үнү диридеп. Ал «капыстан» үИүңө кетебиз» деп аИтып жибере жаздады.

- «Кетебиз?» Каякка?.. Менин үИүмөбү?.. Атам менен апамабы?

- Ооба, - деген сөз оозуна келди «аңчынын». Эмнегедир баланы аяп кетти. МындаИ аёо сезими буга чеИин келбегенине таң калды.

Жаку карбаластап, көзүн ушалап, «үиүмө барам» деген ои менен тез-тез киИине баштады. Аны карап туруп, «аңчынын» боору ооруп кетти...

Чын эле үИүнө алпарып таштасамбы?.. «Кожоюнга» эмне деп жооп берем анда?.. Жок. Жооп бере албаИм... Андан көрөкчө, көз көргүс жакка качып жок болуш керек... Болбосо, бул иш өлүмгө барабар иш...» - деген оИ менен алпуруша берди...

www.bizdin.kg

Башы ооруп, денеси дүр-дүр эткени басылбады...

* * *

Таң каракчысын теше жиреген кош жарык Салкын-Төр капчыгайы менен ылдый келатты. Ал биздин «аңчынын» «кара аргымагынын» жарыгы эле.

Ошол жарыкты ээрчий үстүнөн байкап, учуучу килемин минген Умай бала коштоп келатты. Анын өзүн калбай ээрчип келатканын «аңчынын жүрөгү» билип койду. Бул ирет машинанын ичинде Жаку бар экендигинен улам, ал кокус коркуп калбасын деп Умай бала көрүнбөөнү чечкен.

«Аңчы» өзүн алдастаткан чексиз ойго алдырып койгон. Ошон үчүн машинасын жай, эшек арабанын ылдамдыгы менен айдап келатты. Мунусу же атайын убакытты өткөрүү же поезддин таңкы рейсинен кечигүү экендиги белгисиз... Бул абалын «аңчы» өзү деле түшүнбөдү.

Шаар көрүнгөн «Босого» кыштагынын дөбөсүнө чыга келгенде, машинасын токтотуп, ар жерин чукулап куру бекер убакыт өткөрдү. Ансайын, ал эмне кыларынын жолун издеп жатты... Ал «жолду» таппай жатты...

www.bizdin.kg

- Качан жетебиз атам менен апама...- деген чыргоо Жакунун сөзүнө да көңүл бөлбөду...

Аңгыча таң да агарды. Өзүн баятан коштоп келаткан учуучу килем көрүнбөИ калды.

- Өх-х! - деди шуу үшкүрүнүп.

Саат жетиге аз калган экен. «Поезд жетиде жөнөИт...» - деп жатты бир ою.

«Бакча саат жетиде ачылат...» - деп жатты экинчи ою.

«Жетиге жетиш керек...» - деп жатты биринчи ою.

«Каякка барыш керек?..» - деп жатты экинчи ою.

«Чыккынчысың!» - деп жатты биринчи ою.

«Жок, мен чыккынчы эмесмин...» - деп жатты экинчи ою.

Анан машинасына отурду да, газды түтөтө басты. Таңкы шаардын көчөсү ээн болчу. Машина өтө чоң ылдамдык менен келатты. «Баатыр-Ата» көчөсүнө келгенде оңгобу, солгобу...

Жок! Солго тез бурулду...

www.bizdin.kg

Сенсациялуу билдирцц

Жаку өзүнүн бакчасына эдиреңдеп эле кирип барды. Анан өзүнүн күндө барчу бөлмөсүнө киргенде алдынан чыга калган Сонун эжейин кучактап калды.

- Ой, Жаку, келип калдыңбы? Кайда жүрдүң?..

Жаку эмне дээрин, эмне деп жооп берерин билбей, бышактап ыйлап жиберди.

- Сен үйүңдөн келдиңби? Апаң, атаң апкелдиби быякка? - дей берди тарбиячы.

- Жок, бир байке... - деди мурдун «шыр» тартып.

- Кайсы байке?

Жаку ийинин куушурду.

- Сен каякта жүрдүң буга чейин?

Аңгыча бакчанын бөлмөсүнө башка балдар да ата-энеси менен ээрчишип келе башташты.

Тарбиячы эжейи бул жаңылыкты айтуу үчүн, бакчанын башчысын көздөй Жакуну көтөрүп алып жөнөдү. Өзү да көзүнүн жашы төгүлүп, өз баласы жоголуп табылгандай сүйүнүп алган болчу...

www.bizdin.kg

...Ошол күнү кечинде кыргыз телекөрсөтүүсүнүн «Шок факт» программасынын атаИын чыгарылышы көрсөтүлүп жатты.

«Урматтуу Жашыл-нурабаддыктар. Бүгүн биз шаарыбыздын № 252 бала бакчасында болгон сенсациялуу окуя тууралуу баян кылабыз, - деген диктор жигиттин үнү жаңырды:

- Урматтуу Жашыл-нурабаддыктар! Шаарыбыздын № 252 бала бакчасынын тарбияланууучусу беш жашар Садырбек уулу Жакып деген бала бир аИдаИ убакыт мурда ушул бакчадан уурдалып кеткени кабар кылынган болчу. Эми ошол бала туптуура жыИырма беш күндөн киИин, бүгүн эртең менен эрте бакчага өзү эле келип калган. Ал эми аны уурдап кеткен белгисиз адамдар өзүлөрү бакчага таштап кетишкен да, даИынсыз жоголушкан.

Окуянын жыИынтыгы тууралуу ички иштер бөлүмүнө билдирилди. Анын жыИынтыгы туурасында киИинки берүүлөрүбүздө кабарлаИбыз».

Диктордун ушундаИ билдирүүсү менен катар, Жакыптын бакчага кантип келип калганын тарбиячысы кошумча аИтып берип, а бирок Жаку өзү буга че-

www.bizdin.kg

йин кайда жүргөнүн билбегенин, а бул сырдуу окуянын азырынча дагы эле табышмактуу бойдон калганын айтты.

Мындан да табышмактуусу дагы бир окуя: «Бууракан» каналынын боюнан менчик номерлүү кара түстүү «Ауди» автомашинасы табылгандыгы, ал машина каналдын үстүнө тоңгон калың музга жарымы сайылып, жарымы чыгып турганы, бирок машинаны кран менен чыгарып алганда айдоочусу тирүү табылбагандыгы, ушул сыяктанган кара «Ауди» эртең менен саат туптуура жетиде бала бакчанын эшигине келип токтоп, андан бир жаш бала чыгып бакчаны көздөй чуркап киргени, андан соң машина катуу ылдамдык менен шаардын түндүк тарабын көздөй кеткенин көргөндөр бар экендиги, бул эки окуя бири-бирине байланыштуубу, же жокпу, азырынча орган тарабынан изилдөөгө алынып жаткандыгы тууралуу да билдирилди...

«Төбө чачты тик тургузган бул окуя калайык-калкка чагылгандай тарады...

Телевизорду карап отурган Акылтай кыйкырып жиберди:

- Ата, апа, Жаку табылыптыр... Бакчага өзү эле келип калыптыр!..

www.bizdin.kg

Атасы менен апасы тамак иччү бөлмөдөн жүгүрүп келишти. Телевизорду эки-үч мүнөт тыңшап турушту да, Сауле Жакунун апасы менен атасынын телефон номерин тере баштады...

АкылтаИдын эсине УмаИ бала келди.

«О, УмаИ досум! Жакуну сен таптың! Сен болбосоң, аны эч ким тапмак эмес! Сага ыракмат» - деп ичинен күбүрөндү да, атасы менен апасы Жакунун ата-энесин куттуктап сүИлөшүп жатканынан паИдаланып, балконго чыгып кетти.

Ал УмаИ досун чакыра баштады:

- УмаИ досум, кел... Сагындым сени... УмаИ досум, кел!

Көз ачып-жумганча УмаИ бала килемине минип алып зуулдап учуп келип калды.

- Саламатсыңбы, АкылтаИ!

- Ох, ырас келбедиңби. Жакунун табылганын телевизордон көрсөтпөдүбү! Сага чоң ыракмат.

- Эч нерсе эмес. Башка сөзүң болбосо, каИра кетеИин. Силерден башка жактарда да ушундаИ окуялар көп болуп жатат. Балдарды уурдап кетүү, сатуу, барымтага алып, ата-энесин кыИнап акча алуу... УшундаИлардан чарчап бүттүм...

www.bizdin.kg

- Мейли, Умай досум. Кош, көрүшкөнчө...

Умай бала тез эле учуп жөнөдү да, көрүнбөй калды.

Жашыл-Нурабад шаары жылдыз көлүндөй көйкөлүп тынч жатат. Балким, көптөн бери түйшөлүп тынчы кеткен шаар, Жаку табылып, жок дегенде бүгүн бир түн тынч уктар...

Эртең дагы эмне окуя болот?.. Ким билет?..

* * *

Эмесе, уктар алдында бата тилейли: «Наристелериңди сакта, энелердин көз жашы көлдөбөсүн, о Умай эне! Балдардын баары - сенин досуң, Умай бала! Сен да аларга жар бол! Өзүң да бар бол!

Кайыр эмесе, кайрадан көрүшкөнчө аман бололу!»

www.bizdin.kg

Төрөт үчүнөн алмашылган наристе

Акылтай мектепке бара турган болду

Тайыр менен Сауле уулу чоңоюп келатканына бир жагынан сыймыктанса, бир жагынан «кайсы мектепке берсек экен» - деп, тынчы кете башташкан эле. Акылтай атасы алып берген сүрөттүү «Алиппе» китебиндеги тамгаларын эчак таанып, шатыратып окуп калган. «Эми буга кайрадан тамга таанытып отуруунун кереги жок. Бекерге баланы бир жылга артка тартып, убактысын алып эмне? Мектепте баланын билгенин күн сайын кайрадан сурап отуруу - тажатып жиберет го» дешип, мугалимдиктин сырларын анча ажыратып түшүнө алышпаса да, өз ара күбүр-шыбыр кеп кылыша турган.

www.bizdin.kg

Бирок бала үчүн ата-энеден өткөн мугалим да, тарбиячы да болбостугун эч ким баамдабаИт. Ошентсе да, бала деген бала, мектепте мугалим эмне тапшырма берсе аткара бермеИ адат болуп калган. Азырынча, үИдөн сырткары чыгып көнө элек балага кандаИ мектеп болсо да, үИгө жакындыгы жакшы болмокпу, ким билет. Ата-энеси жумуштан келгенче, өзү сабагынан чыгып, үИгө келип, курсагын тоИгузуп, эс алып, достору менен бирге аман-эсен оИноп жүргөнү да жакшы го... Анткени атасы ТаИыр менен апасы Сауленин иштеген иштери эки башка жерде, тээ борбордо да. Эртең менен кетип, кечинде зорго үИгө каИтышат...

Ушуну оИлоп келатты ТаИыр, өзүлөрү жашаган «Нооруз» кичи раИонунун чоң мектебине АкылтаИды апкелатып.

Мектепке келгенде директор ТаИырды 1-класска кабыл алып жаткан мугалим эжеИге жиберди. Ал АкылтаИдын алдына тамгалуу сүрөттүү китепти коИду.

- Кана, АкылтаИ, тамга тааныИсыңбы? Бул каИсы тамга?

АкылтаИ китепти бир, эжеИди бир ирет карады олуттуу боло калып, анан:

- Мен буларды билем да... - деп, колу менен ары жылдырды.

www.bizdin.kg

- А-а, тамгаларды тааныИсыңбы? Азаматсың. Анда бул китептен окуп көрчү...

Мугалим эжеИ АкылтаИга кыргыздын белгилүү балдар акынынын кыска-кыска ырларынан турган жыИнагынан бир бетти ачты.

- Бул ырды окуп көрчү...

АкылтаИ эч буИдалбастан:

«Күчүк эмен жалбырагын,

Казга тиштеп барыптыр...» -

деп шатыратып окуду да, кабагын түИө капалуу унчукту. - Муну мен билем да... Бакчада эжеИибиз жаттаткан...

Канча күндөн бери 1-класска балдарды кабыл алып жатышса да, бул мугалим мындаИ баланы жолуктура элек болчу. Ал бир эсе таң калып, бир эсе ыраазы болуп, АкылтаИды чачынан сылады. Анан ТаИырды уулу менен директорго ээрчитип келди.

- Бул бала мектепке эчак даяр экен. Муну тамга тааныбаган балдар менен бирге 1-класска отургузууга болбоИт...

- АндаИ жаңы методика менен окуткан мектеп барбы Жашыл-Нурабадда? Жок да... - деди директор тиги мугалимди карап.

www.bizdin.kg

«Анда каИда барабыз?» - дегендеИ, ТаИыр аларды директор менен мугалимди суроолуу карады.

- Эксперименталдык класстары бар чоң-чоң мектептер бар, - деди бир аз оИлоно калып директор. - Аларда тамга таанып келген балдар үчүн өзүнчө программалары болбосо да, сиздин баланыздаИ зирек балдарды өзүнчө класс ачып окута баштады.

- АИтсаңыз. АндаИ болсо, сиз каИсы мектепти сунуш кылар элеңиз...

- «Манас-Ата» Улуттук гимназиясын билесизби...

Баятан китепти оИлуу баракта отурган АкылтаИ да сөзгө аралашып, атасына бурулду.

- Ата, ошол «Манас-Атага» баралычы... Ал жерде...

- Аны сен каИдан билесиң, балам?- деп уулунун сөзүн бөлдү ТаИыр.

- Күнүгө эле телевизордон аИтып жатпаИбы...

- Ооба... Ооба, мына, балаңыз да билет экен... - деп АкылтаИдын идиректигин баамдаган мугалим менен директор каткырып күлүп калышты. - Балаңыз сизден мурда эле ошол мектепти жак-

www.bizdin.kg

тырып тандап жүргөн тура. Эмесе, ошол жакка барганыңар оң.

Ошентип, Тайыр директор менен кош айтышып, эшикке чыкты.

Уулу чоңоюп келатканын көрүп турганы менен, аны кандай мектепте окутуу тууралуу эмгичекти ойлонбой келгенине Тайыр уялып калды. Он баласы болсо го, бир жөн... Жалгыз эле уулу болсо... Анан да айылдан келген малчы болсо го!.. Уят эле иш болду Тайырдын оюнча.

Ушуларды ойлоп, уулунун зирек сезими бар экенине дагы бир ирет ынанып, аны эркелете кобуранып, уулу өзү каалап турган «жакшы мектепти» көздөй машинасынын рулун бурду.

Көңүлсүз аяктаган кече

Жакшы шылтоо - жакшы отуруштун себепчиси болот эмеспи. Мындай отуруш - шаардыктардын көнүмүш адаты. Уулу мектепке киргенине шылтоолоп, Тайыр менен Сауле кошуналарын, досторун кечки конокко чакырышкан.

- Уулубуз чоңоюп, киши болуп, мектептин босогосун аттап отурат. «Ата-

www.bizdin.kg

энелеринин жөрөлгөсү» - деп, силерден бата алганы чакырдык - деп Сауле жетине албаИ отурду. ҮИгө досторунан Азим келинчеги менен, анан да эшиктеш коңшусу ШаабаИ, келинчеги ГүлаИ менен келишкен.

ҮИдөгү чакан маИрамдагы жакшы сөздөр АкылтаИга арналганы менен, баары өзүлөрү үчүн болду. АкылтаИдын мектепке киргени - алар үчүн жакшы шылтоо гана болуп берди. Ичимдиктердин тазасынан «кылт» эттирип коюшуп, саясаттагы «шаИтан оюндардан», дүИнөдөгү окуялардан, анан да өзүлөрүндөгү жаңылыктардан чер жазыша кеп салып отурушту.

- Эмнеси болсо да, өткөн кыштын суугу менен быиылкы жылдын жаикы-күзгү ысыгындаи аба ыраиын көргөн эмесмин. Эч нерсе эмес, кыш кирип келсе, мындаИ ысыкты да сагынасыңар. Ошон үчүн жакшылап ысып-ысып алалы... - деди Азим отургандарга күлкү чакырып.

- Кыштын кыштаи, жаидын жаидаи болгону эле жакшы. Бирок эртең турмуш кандаИ болот? Балдардын келечеги кандаИ болот? Келгиле, балдарыбыздын жакшы келечеги үчүн тост көтөрүп коё-

www.bizdin.kg

лу, - деди сөздү башкага бурган Азимдин келинчеги Нурлана.

Сөздү чала кызып калган Шаабай андан ары улап кетти.

- Тайыр менен Сауле эстүү экен. Бир баланы багып чоңойтуу - бүгүнкү заманда кыйын деле эмес. Мына биз, Гүлай экөөбүз, балалуу болот деген ушу деп төрт беш кыздуу болдук... Айлыгыбыз жетпейт... Кыздарыбыз болсо чоңоюп келатат... Бала чоңое баштаганда, алардын түйшүктөрү да чоңое баштайт экен...

- Эч нерсе эмес. «Кудай Таала ар бир баланы бергенде өз ырыскысы менен берет» - деген. Сен ага кейибе, - деди ага каршы боло Сауле, - кыздарың чоңоюп алган соң, кийин силерди багышат.

Шаабайдын жанагы сөзү аялын ойго салып койгондой болду. Күйөөсүнүн «төрт кыздуу болдук» деген сөзү - мурдатан жүрөк өйүп жүргөн сөзү да... Ал улам күйөөсүн карап, негедир, тынчсыздана баштагандай сезилди.

Чын эле, дал ошондой болду. Шаабай ичиндеги арманын айтып жиберди көрүнөт:

- Кыз деген бирөөнүн бүлөсү да... Чоңойсо кетип калат. А мага... Менин эркек балам жок... Бул - менин арманым...

www.bizdin.kg

Кызып алган соң, күИөөсүнүн ушул сөздү далалат аИта берерин азыр да алдыртан сезип, иИненин үстүндө отургансыган ГүлаИ күИөөсүн тынчтандырмакка ага ыктады.

- КоИчу Шаке! КоИчу, кудаИ берген жылдыздарыбыздын көңүлү оорубаИбы... Өзүң да: «Менин жылдыздарым» - деп эркелетип каласың го...

- КудаИда күнөө жок, ГүлаИ... Күнөө кимде... Кимде?

- Менде!.. Күнөө менде... Ушундан көрөкчө, мени өлтүрүп коИсоңчу!..

ГүлаИ шолоктоп ыИлап жиберди.

ДалаИдан бери жүрөгүн кыИнап келген сөз чыгып кетти... Тигилердин көңүлү деп бир куюм ичип алган ГүлаИ да жарылып кетти...

- О, кудаИ аИ! ӨлөИүн десем өлө албаИм. Кыздарымды кыя албаИм...

- КоИчу, ГүлаИ, дагы да боюңда бар! Бир эркек төрөп аласың... КудаИ берерин унутпасын... - деп көңүлүн жаИгаргысы келди Нурлана.

«КаИдагы жакшы шылтоо эле! КаИдан да чакыра коИдук эле?!.»

Ушуну оИлогон Сауле ГүлаИдын көз жашын аарчып, колуна сүлгү карматты...

www.bizdin.kg

Отургандардын баары: «Бир эркек бала төрөп өлсөм - ошондо өлөйүн» - деп, жыл сайын төрөй берип чарчап, эми да кош боюн эптеп көтөрүп жүргөн арык сары келинди аяп турушту. Отуруш дымый түштү...

Ата-энелеринин ооздорун карап отурушкан Акылтай, Азимдин баласы Умар, Шаабайдын улуу кызы Адила дагы көңүлсүз боло калышты.

Акылтай кошуна кыз Адиланы аяй тиктеп: «Чын эле булардын да эркек бөбөгү болсунчу» - деп тилеп кетти.

Элеңдеген Адила жана үйгө келген кибиреген үч синдиси энесинин ыйлаганын көрүп элейип тура калышты.

- Апа... Апаке, ыйлабаңызчы... - деп жалбарып Гүлайдын колдоруна жармашты. Кызыл жүздүү татынакай кыз Адила: - Ата, сиз апамды урбаңызчы э...

Кыздын бул сөзү отурушту уютуп таштагандай болду. Баары коргошундай уюп, отурган жеринде катып турушту.

Эх, десең! Көрсө, улуулар акылдуусунганы менен, алар өз проблемасын гана ойлонуп, балдарга кедергисин тийгизерин байкашпайт тура...

Акылтайдын эсине Умай досу келе калды. Саатты карады. Эчак түнкү он

www.bizdin.kg

бир болуп калыптыр. УИкусу келгенин сезди. МаанаИынын чөгө калганы жаткысын келтирди. Диванга кыИшаИып, бат эле уктап кетти...

Кичинекейлердин кум дөбөдөгү чөц сөздөрц

Түшүнө УмаИ досу кирди. АкылтаИ, өңүндөгүдөн бетер, кечинде үИдө болгон окуянын баарын төкпөИчачпаИ УмаИ досуна аИтып берип атыптыр.

«Эртең көлөкөң таманыңа түшкөн кезде баягы бакка кел. Мен сенин тилегениңди УмаИ энемден сураИын... Анан калганын көрөбүз...» - деди УмаИ досу түшүндө.

ОИгонсо таң атып калыптыр. Бирок ТаИыр менен Сауле жаИ турушту. Эртең мененки чаиды да жаи ичип болуп, АкылтаИ оюнга кетти.

- Ысыкта каИда эми? - деди апасы кыжаалаттана.

- Көлөкөгө оИноИбуз...

Ошентти да, Умар досу менен убадалашкан жерге чоң оюнчук машинасын кучагына кысып алып чыгып кетти. ЫлдыИкы кабатка түшкөндө ШаабаИ

www.bizdin.kg

байкенин улуу кызы, татынакай Адила баштык көтөрүп алдынан чыкты. Акылтайдан бир жаш улуу, 1-классты быйыл бүтүп, 2-класска көчтү. Чын эле татынакай кыз. Аны көрүп, Акылтай атасынын түндөгү сөздөрүн эсине салды.

- Адила, биз менен ойнойсуңбу?
- Жок, апам дүкөнгө жумшады...

Кыз муңайым унчукту да, тез-тез басып тепкичтерден түшүп кетти. Артынан карап баратып, кызды аяп кетти. «Эркек баладан бир бөбөгү болсо ээ - деп ойлоду Акылтай. - «Умай энеден сурап келем» дебедиби Умай досум. Чын эле, Умай эне Адиланын апасына бир эркек уул берсе»...

Бийик үйдүн далдасында мурдатан бери үймөк кум боло турган. Бул кум дөбө ысыктан калкаланган балдардын ойной турган эң сонун жери. Анын жанында күндүн аптабынан далдалап турган чоң эмен дарагы да бар.

Достору - Умар, Кутман, Замир, Айка, Элдостор болуп чогулуп оюнга киришти. Кумга машина жол салышып, бири өйдө, бири ылдый көздөй айдашып, жарышып ойношту. Бир кезде Элдос менен Умардын машинасы катуу урунуп, эки машина эки жакка тоголонуп кетти.

www.bizdin.kg

- О, авария!.. - деп күлүп калышты. Өзүлөрү да чекелери менен сүзүшүп алышыптыр. Томуюп, кызарып чыкты.

Аларды көрүп, АИка «Тез жардамдын» медаИымындаИ болуп, Элдос менен Умардын томуИган чекелерине «дарысын» басты. Баары жыргап күлүп алышты.

- Кечээки телевизордон көрсөткөн машиналардаИ болду э... - деп калды Элдос.

- И-и, кечээ «Шок фактыдан» көрсөтпөдүбү. Эки машина экен, бири «Ауди», бири «Мерс», экөө коюшуп, эки жакка учуп кетиптир. «Мерс» өрттөнүп, ичинде кичинекеи бала күиүп калыптыр.

- Аман бекен? - деп сурады АкылтаИ.

- Аман болмок беле, атасы менен апасы денеси күИүп, аман калыптыр. Баласы болсо...

«Баласы чарчап калыптыр» деген соңку сөз АкылтаИдын жүрөгүнө октоИ тиИди. «Кап, УмаИ досум болгондо, - деп оИлоду ал. «УмаИ досум бир аз мурдараак билгенде, сөзсүз, сактап калмак»...

«Бала деген баладаИ, башы-көзү чарадаИ эле болбоИбу, улуулардын жумушу менен иши эмне» - деп коюшат улуулар. Мүмкүн ушундаИ деп чоңдор оИлосо

www.bizdin.kg

ойлогондур, бирок балдар алардын кылык-жоруктарын алдыртан байкап-баалап жүргөнү менен иштери жок. Ошол үчүн балдар өзүлөрү кичинекей болушса да, өзүлөрүнөн «чоң-чоң» маселелерди божурап кеп кылышпайт дейсиңби. Тыңшап отурсаң таң каласың, күлөсүң...

- Баягы күнү «роддомдон» бир баланы сатып жатканда кармап калышыптыр. Көрдүңөрбү? - деди Замир, машинасына экскаватор менен кум жүктөп жатып.

- Ооба, мен көрдүм. Жаңы төрөлгөн эркек баланы эки жүз долларга сатып атыптыр да...

-«Эркек баланы?»

Акылтай оюн токтотуп, ойлоно калды. Замир жанагы сөзүн улантты.

- Бир аялдын жалаң кыздары бар экен да. Анан «роддомдон» эркек бала сатып алайын дептир да. Барып бирөөнүн жаңы төрөлгөн эркек баласын сатып алып жатканда, төрөгөн энеси билип коюптур...

- Иги, - деди тактап коймокко Умар,- баланын энеси эмес, милиция...

- Иги, энеси...

- Иги...

Иши кылса, ошондой болгону чын экен. Акылтай кечээ кечтеги Шаабай

www.bizdin.kg

баИкенин эркек баласы жок экени, ошол үчүн мас болуп алып чатак салганы, аялы ГүлаИ эже күИөөсү урат деп коркуп ыИлаганы эсине түштү. Жана эшикке чыгып келатканда Адилага жолукканын эстеди.

«Алар деле бир эркек бала сатып албаИбы, - деп оИлоду АкылтаИ, - бирок милиция билип коИсочу... Баары бир алып коёт да. Ал гана эмес, түрмөгө камап таштасачы... Бая күнү ошо эки жүз долларга төрөт үИүнөн сатылган бала жөнүндө, анан ал сатып жатканда кармалып калганы, соттолгону телевизордон көрсөтүлбөдүбү... Уят да! КоИ, андан көрөкчө, УмаИ досума аИтам. Баса, түндө түшүмдө аИтпадым беле... «Көлөкөң таманыңа түшкөндө Кара-Бакка келгин» дебеди беле...

Ошентип, кичинекеИ беш наристе балдар кичинекеИлердин «чоң маселелерин» кеп кылышып, кум дөбөдө кызуу оИноп жатышты.

www.bizdin.kg

«Умай досум, жардам бер»

Түшкү тамакка курсагын чала тоИгузуп алып, АкылтаИ каяккадыр шашып жөнөмөкчү болду.

- Эми дагы каИда ысыкта? - деди апасы ага кыжалаттана.

- ОИноп келем.

- Ысыкта каякка оИноИсуңар?

- Көлөкөдө эле...

- Ваннага түшүп салкындап алсаң го...

- Келгенден киИин...

Ошентти да, УмаИ досуна жолукмакка жөнөдү.

УмаИ досу тууралуу атасы менен апасына аитаиын - деит. Аита албаит. Анткени алар ишенбеИт да. Баягы өзү «Салкын-Төрдөн» жоголгондо: «УмаИ досума бардым» - десе, ишенбеИ коИбоду беле. КиИин Жаку жоголгондо да аИтаИын деген. «УмаИ досум жардам берип, таап берди» - деп да аИтаИын деген. Анда да аИта албады.

Ошондогу кара «Аудинин» ээси даИынсыз жоголду. Машинасы болсо «Бууракан» каналынан табылды. Анын аИдоочусу каИда кеткенин, каИда жашынып жүргөнүн, Жакуну ким уурдап барып,

www.bizdin.kg

эмне кылышканын - баарын сага кийин айтып берем» - деген Умай досу. «Ки-йин чоңойгондо «СНБшник» болосуң, ошондо алардын уюгун табасың» деген... «Ооба, - дейт оюнда Акылтай, - чоңойгондо мен дагы, Умай досумдай болуп балдарга жардам берем».

Ушуларды ойлогончо, Умар, Замир досторуна «азыр келем, ойноп тургула, менин ичим ооруп жатат...» деген калп шылтоо айта салды да, «Кара-Бакты» көздөй шашып жөнөдү. Келсе, Умай досу күтүп туруптур. Экөө кол алышып, андан соң шаардык балдарча чекесин тийгизип, сүзүшүп учурашып, кучакташып да алышты.

- Көптөн бери көрүшпөй кеттик, - деди Умай бала. - Сен мектепке окууга кирип жатыпсың. Абдан жакшы...

«Баарын билет экен да... - деп ойлоду Акылтай. - Балким, кечээки сөздөрдүн да баарын билип жүрбөсүн...»

- Сенин өзүңдөн угайын, айтчы. Кечээ кечте эмне болду?

Умай досунун бул суроосу Акылтайды аң-таң калтырды.

«Демек, айттырбай эле билет тура...»

Акылтай баарын айтып берди. Түшүндө да айтып бербеди беле. Өзүнүн мек-

www.bizdin.kg

тепке кантип барганын, мугалимдер кантип окутуп сынаганын, аларга эмне деп жооп айтканын, анан «Манас-Ата» деген улуттук гимназияга барганын, атасы менен энеси досторун чакырып конок кылганын, анан да, Шаабай байкенин мас болуп алып: «Эркек балам жок» - деп ыйлаганын, Гүлай эженин: «Ушундай жашоодон көрөкчө, өлөм» - деген сөздөрүн... Баарын...

- Макул, - деди Умай бала, - мен Умай энеме бүтүндөй айтып берейин. Анын эмне дегенин өзүңө билдирем. Ал сөзсүз жардам берет.

Ошентти да, учуучу кооз килемине отуруп, бат эле учуп кетти.

Акылтай аны узатып коюп, өзүнүн эң жакын адамын алыска узаткандай, ичи эңшерилип, үйүн көздөй чуркады.

Адила сцицпчц айтып келди

Арадан эки айча убакыт өткөндөй болгон. Дем алыш күнү болчу. Эртең мененки чайды ичип жатышканда Акылтайлардын үйүнүн коңгуроосу кагылды. Акылтай эшикти ачса, Адила экен. Адила эшик аттап кирди да:

www.bizdin.kg

- Сауле эжеке! - деп шашып аптыгып туруп калды. Сауле ашканадан бери баш бакты.

- Сауле эже! Атам сүИүнчүлөп коИ деди силерге, - деди дагы, жер карап, сүрдөп, сөөмөИүн тиштеп туруп калды үнү диридеген жаш кыз.

- А-а, болсун, болсун! Апаң эмне төрөптүр?

- Эркек ляличка... төрөптүр...

Кыз дагы эле уялып, сүрдөгөн үнү диридеп, аИтарын аИттым дегенсип эми бурулуп кете турган болду.

- Болсун! Болсун! АИ, коё тур. Бери каИрыл. Мен азыр... - деди да ТаИырга карады. - БаИкуш ГүлаИ эрдик кылган экен... КоИ, наристе кызга сүИүнчү береИин.

Кечээ түндө «тез жардам чакырып» ШаабаИ ГүлаИды төрөт үИүнө жеткирип келген. Буга чеИин деле доктурлар көрүп, аппаратына салып, бирде эркек, бирде кыз деп жатып, ШаабаИ ишеңкиребеИ калган болчу.

«КудаИдын бергени да! КудаИдан башка мага күИөр эч кимим деле жок» - деп ичинен тынып жүргөн. КудаИ ишин оңдогону ошо да...

www.bizdin.kg

АкылтаИ: «Баягыда УмаИ досум аИткандаИ болду» - деп оИлоп отурду. «УмаИ досум жардам берди. Ал УмаИ энеме аИтам, ал сөзсүз эркек бала берет дебеди беле. АИткандаИ болду. Адила бүгүнтөн баштап эркек бөбөктүү. КандаИ гана жакшы болду. Эми атасы урушпаИт». АкылтаИ ушул оюн апасы менен атасына ачык аИтып бергиси келди. Бирок ар даИым УмаИ досу: «Мен жөнүндө, азырынча, эч кимге, эч качан оозуңдан чыгарбагын» деп эскертет эмеспи. Эмне үчүн? Качанга чеИин аны жашырууга болот? Белгисиз...

Атасы менен апасы чаИга бата кылып өИдө турушту да: «ШаабаИ коңшусун куттуктап коёлу» - деп чыгып кетишти. АкылтаИ жалгыз калды.

АкылтаИ мектепке бара баштагандан бери баягыдаИ оюнчук көтөрүп жүргөнү калган. Мына азыр да, дептерин алып жазууларын карап отурат. Ата-энесин кыИкыртып атып сабакка даярданмаИ жаман адаты жок. Күндөлүк иштерин өзү эле иреттүү жасаИт. Эртең менен эрте турат. Тамагын ичип, таза киИинип, окуусуна барат. Окууга бара баштагандан бери оюнду унутуп баратканын оИлоп коёт апасы. Анткени бала деген бала да, бала баладаИ эле болот да. ОИногусу

www.bizdin.kg

келер, тентектенгиси келер, шоктонгусу келер... Сабагына даярданарда уктагысы келер, жалкоолонгусу да келер. Бала деген чоң киши эмес да. «Ойнобош керек, тентек кылбаш керек, жалкоо болбош керек» - деп ойлонбойт да. Анда ал бала болбой калбайбы. Ал ошол үчүн бала да.

Бирок Акылтай андай деле болбоду. Ойнор кезде оюн менен, ата-энеси жумшаган кезде аларга жардам берүү менен алектенгени бар. Анын курулай шоктугу, жалкоолугу унутулуп, Умай досу менен болгон байланышынан бери таптакыр башкача мүнөз күткөн. Азыр дагы ошол мүнөзүнөн жанган жок. Кээде сабактарын даярдап алып, атасы Тайыр сатып берген компьютердеги «Автожарыш» оюнун ойноп убакыт өткөрмөйү гана бар.

Азыр да дептерлериндеги жазуусун бүтүрө салып, ошол оюнун баштап алган. Бирок бир-эки «айлампадан» кийин ойногусу келбей калды. Анын оюна Умай бала досу түштү. Досуна Адиланын бүгүнкү төрөлгөн эркек бөбөгү жөнүндө айтып бергиси келе берди.

Ошондо бая күнкү Умай досунун табышмактуу сөздөрү кылт этти. Умай досу айткан мындай деп: Жакында

www.bizdin.kg

ГүлаИ эже эркек төрөИт - деди УмаИ энем. УмаИ энем: «Аларды өзүм колдоИм деди. Бирок эмнегедир эркек баланын төрөлгөнүнөн киИинки күндөрү бир канча убакытка чеИин күңүрттөнүп жакшы көрүнбөИ жатат деИт. Уясын таба албаИ адашкан чымчыктаИ адашып кетет окшоИт деИт»... деген.

«Адашып кеткен чымчыктаИ» болгону эмнеси - деп оИлоИ берди АкылтаИ. Канча убакыт өтсө да, кичинекеИ Акылтаидын кичинекеи акылы Умаи эненин бул табышмактуу сөзүнүн жандырмагын чече албаИ коИду. УмаИ эне аны билип турса, неге адаштырбаИ коИбоИт? Билип турса, адаштырбаИ эле коИбоИбу? - деп оилои берет.

Ушул суроосун АкылтаИ ошондо эле берген УмаИ досуна. Бирок УмаИ досунун бул сөзү аны аргасыз улутунтуп тим коИгон:

«Кээде адамдар атаИын бири-бирине жамандык кылат. А кээде билбеИ жасашат, жөнөкөИ эле жаңылыштык өздөрүнө да, башкаларга да чоң зыянга турат...»

«УмаИ досум, - деген ошондо АкылтаИ, - бир нерсе болсо, сага аИтам. Сен жардам бересиң... »

www.bizdin.kg

Ата-энесине окшобогон сары каш бала

А«»

зыр төрөт үйү мурдагыдай эмес деп наалыгандар көп. «Төрөй албай кыйналып жатсаң: «Онтолобой жөн жат. Болбосо, эмне келдиң бул жерге? - деп жаныңды кашайтат», - дешет, кейип. Ошентсе деле Шаабайдын келинчеги Гүлай эже кубанычы койнуна батпай отурду. Төрөгөнүнө үч күн болгондо эле чыгып, үйүнө келген. Шаабай, өзү айткандай эле бир жума көзүн ачпай жатып арак ичти. Үйдө той артынан той болду.

Гүлай белин тыбыт жоолук менен бекем таңып алып, баарына чыдады. Өзү чай коюп, өзү чай кайнатып, өзү чай куюп, меймандарды күтүп жүрдү.

Арадан кантип эки ай өтүп кеткени билинбей калды.

Шаабай уулунун атын Бакыткелди койгон. «Үйүбүзгө кубаныч алып келди, кубаныч менен кошо бакыт апкелди - деп, уулумдун атын Бакыткелди койдум» - деп, улам бакылдап, терисине батпай жүрдү.

Бирок ошол кубанычы бир күнү кокусунан астын-үстүн болду.

www.bizdin.kg

Баласын карап, жытынан жыттап отуруп, бир нерсени баИкап, аялы ГүлаИга минтти:

- Э... ГүлаИ... Бу сенин төркүндөрүңдө сары каштуулар деле жок эле го...

- Эмне болду? - деп күИөөсүнүн суроосуна түшүнө бербеИ сурады ГүлаИ баласынын жалаягын жууп жаткан калыбында.

- АИтам да, - деди ШаабаИ сөзүн улап, - бу балаң, деги кимге окшошуп баратат, же мага, же сага окшобоИт...

- Эмне? - деп алды ГүлаИ, эринен шек санагансып аИтып жаткан сөзүнө териге түшүп. - Эмне деп жатасың?

ШаабаИ аялынын көңүлү оорубасын дегенчелик кылса да, баары бир өзүнүн оюндагысын аИтып жатты:

- Биздин тукумда деле мындаИ сары каш, сары жүздүүлөрүбүз жок эле.

- КоИчу, ШаабаИ, дөөдүрөбөИ. Өзүңдүн эле балаң... Же, шек санап жатасыңбы...

ШаабаИ «ток этер» сөзүн аИткан ГүлаИдын жүзүнөн таИсалдаИ түштү. Унчукпаи калды. Күрсүнүп өИдө болду да, баланы «желбешигине» жаткырды. Тамеки тартмакка балконду көздөИ басты.

www.bizdin.kg

ГүлаИ баланын жууган жалаяктарын кермеге жаИды, анан күИөөсүнүн сөзү жүрөгүнө тие, эмчек издеп ыИлап кирген баласына үИрүлдү. Жүрөгү элжиреИ тик-теп отурду. Чын эле, баласы Бакыткелди же өзүнө, же күиөөсүнө окшобои, сары балапандаИ болуп, башкачараак экен...

«Өзүмдүн эле балам» - деп жатты оюн-да ГүлаИ. - Өзүмдүн эле балам... Башка кимдин баласы болмок эле... Болсо да, эч кимге бермек эмесмин... »

Токойдогу «жашынмак оюну»

АкылтаИ ошентип, 1-класстын оку-учусу болуп калганына жарым жылдаИ болуп калды. Декабрь аиы кирип келгени менен, шаар быиыл жылуу. Былтыркы «мүИүз аяздаИ» кан-тип болсун. Даралтардын жалбырактары эми гана текши күбүлүп, табият кышты дагы деле чындап күтпөгөндөИ, коңур күз бүтпөчүдөИ узарып бараткан. Мын-даИды кыргыздар: «Чымыны жок жаИ»-деп коюшат эмеспи.

«Манас-Ата» Улуттук гимназиясы-нын жанында дүпүИгөн чоң бак бар эле. Анын бир жак чекеси: «Достук гүл багы» - деп аталат. Ошон үчүн бул жер эс алуу-

www.bizdin.kg

га ылайыктуу жакшы жер. Аны мектеп балдары: «Токой» - деп коюшат.

Токойдун ичи балдар үчүн жомоктой болуп, табышмактуу дүпүйөт. Анткени чекесинен киргениңде эле, карагайлар кучагын кең керип, арчалар бапайып, кайыңдар шоодурап, дуб даректары заңкая көк тиреп, чын эле жомоктогудай туюлат. Арылап бара алышпайт балдар. Ары жагында гүл багы бар экени менен деле майда балдардын жумушу жок. «Жоголуп кетесиң, эй, бери бас, ал жакта жомоктогу жез тумшуктар бар!..» - дешип, Акылтай достору менен барганда бири-бирин коркутуп киришет.

Бүгүн дагы эс алуу учурунда Акылтай класташтары менен ушул токойдо ойноп жүрүшкөн. Эмнегедир, Акылтайдын эсине Умай досу келе калды. Анын үстүнө, Умай досу менен көптөн бери көрүшө элек. Көрүшөргө шылтоо да болбой жатпайбы.

Анын үстүнө, күндө эртең менен атасы мектебине жеткирип коёт. Сабак бүткөн соң, бир эс алуу болот да, андан кийин өз алдынча даярдануу башталат. Андан кийин атасы жумушунан кайтып келатып, Акылтайды үйгө алып кетет.

www.bizdin.kg

Ошондой. Иши кылса, мектепте балдар бир мүнөт да бош калбайт. Бир мүнөт убакытты куру өткөрүүгө мүмкүн эмес.

Эжейи Кайыргүл жакшы мугалим болуп чыкты. Окуучуларын тооктун жөжөлөрүнөн бетер, кайда барса ээрчитип алат. Окуучулары да аны абдан сүйүшөт. Сабактагы сүйлөгөн сөздөрү кулактарында бекем уюйт. Акылтай деле сабагынан көп кыйналбайт. Башка балдардан түк калышпайт. Азырынча, классындагы алдыңкы окуучу. Ошентсе да, кээде унутуп коймой, эсинде турса да шашкалактап, ирети менен айта албай, көптөн кийин гана: «Кап, минтип эле айтып койбой» - деп өкүнүп калмайы бар. Акылтай ушунусуна өкүнө берет, анысын кемчилиги катары көрүп, уяла берет.

Ушулар тууралуу Умай досуна айтып бергиси, андан жардам алып, кеңеш уккусу келет.

Бирок азыр чакырса Умай досу көз ачып-жумганча келе калат да, бирок балдарга көрүнбөшү керек эмеспи. Ал баягыдай эле эч кимге көрүнгүсү келбейт...

Ошентсе да Акылтай: «Келгиле, жашынмак ойнойбуз» - деди да, өзү алыс жашына турган болуп, токой аралап кирип кетти. Бир топко чейин коюу дарак-

www.bizdin.kg

тардын арасына чуркап барды да, ары-бери классташтары алыста калганын билген соң, УмаИ досун чакыра баштады.

- УмаИ досум, мага кел,

УмаИ досум, жардам бер, бер...

Арадан бир-эки мүнөт убакыт өткөнчө баягыдаИ эле учуучу килемин минип, УмаИ досу келип калды. УмаИ досунун учуучу килеминин шуулдаган добушуна токоИ жапырылып, досун бери өткөздү. Жерге жеңил конгон килемден өзгөчө нурданып, көздөрү жылдыздаИ жанып күлмүңдөИ караган, торсоИгон татына УмаИ бала АкылтаИга колун созду. Экөө кучакташа көрүштү.

- Кел, АкылтаИ досум, килемге түш. Ары-бери учуруп келеИин, - деди УмаИ бала.

- Жок. Башка күнү. Бир аздан киИин жумушунан каИтат атам...

- Эмнеге чакырдың, жөн-жаИ элеби?

УмаИ бала шашып, эмнеге чакырганын билгиси келди.

- Жөн-жаИ эле. Мен сагындым сени, УмаИ досум. Сени көргүм келди.

- Мен дагы, баягы ШаабаИ баИкенин баласы жөнүндө чакырып жатабы? - дедим эле.

www.bizdin.kg

Умай досунун бул сөзүнө Акылтай анча маани бербеди. Анткени анын үйүндөгү окуяларды ал билбейт эле да. Анын билбегенин Умай досу туйду да, унчуккан жок.

- Мага жардам берчи, Умай досум,- деди ошондо Акылтай. - Мен китептен окугандын баарын билгим келет. Мугалим эжейимдин айтканынын баарын унутпай эстеп калгым келет. Мен баарын баарынан кыйын билгим келет... Мен чоңойгондо баарын билген, кыйын адам болгум келет...

Акылтай аптыгып оюндагысынын баарын айтып жатты. Ал, чын эле, өзү айткандай баарын билген бир керемет адам болгусу келет. Азыр окууну эми гана баштады. Али кичинекей. А, чоңойгондо чоң министр, президент болгусу келет. Депутат болгусу келет. Үч кабат үйүм, кооз машиналарым болсо дейт. Баарын билген академик болгусу келет...

Ал ушул оюндагысынын баарын досуна аптыгып, толкунданып жатып айтып түгөттү.

- Макул, - деди Умай досу. - Мен сага баарына жардам берем. Сен эртеңден баштап, мугалимиңдин айтканын ойлонуп угуп, ойлонуп түшүнүп, «Алиппеңден»

www.bizdin.kg

окуганыңды оИлонуп окуп, суроолорго оИлонуп жооп берүүгө аракет кыла башта. Мен сага ошондо гана жардам бере алам. ЭжеИиңдин аИткан сөзүн калтырбаИ аткаргын. Досторуңду да бүгүнтөн баштап сыИлап, урушпасаң, алар дагы сени сыИлап, урушпаИт...

Ата-энеңдин да тилин алып, аИтканын өз убагында аткарсаң, баары сенин аитканыңдаи, оилогонуңдаи болот. Бирок эч качан: «Мен кыИынмын баарынан» - деп кыИынсынып мактанба. Антсең, баары тескери болуп чыгат. Уктуңбу?

- Уктум, - деди АкылтаИ.

- Сен ошондо гана баарынан кыИын болосуң...

АкылтаИ оИлогон оИлорунун жообун угуп, кыялындагысынын ачкычын тапкансып сүИүнүп, досун кыса кучактады.

- Керек болсом, чакырасың да... - деди кете турган болуп УмаИ бала.

- Ооба... Көрүшкөнчө жакшы бар...

Экөө кош аИтышты.

АкылтаИ учуучу килемде көтөрүлүп бараткан досуна кол булгалап узакка турду...

www.bizdin.kg

«Акылтайды жез тумшук жеп кетти»

Булар минтип жүргөндө жашынмак ойноп жатышкан балдар Акылтайды издей беришти. Ары чуркап издеп, бери чуркап издеп таппай жүрүштү.

- Акылта-ай! Таппады-ык! Өзүң чы-ык! Кайдасы-ың? - деп чакырышса да дайыны билинбеди далайга.

Акырында Нурсултан деген бала:

- Аны «жез тумшук жеп кетти» окшойт... - деди бүшүркөп токойдун калың жагын карап.

- Чын эле «жез тумшук жеп кетти» аны. Өзү да айткан: «Токойдо жез тумшуктар бар, ары барбагыла» - деп...

- Кеттик... - деди коркуп кеткен Каныбек аттуу бала.

Баары «дыр» коюп жөнөп беришти. Чын эле, артынан «жез тумшук» кууп келаткандай жүгүрүштү.

Удургуп жүгүрүшкөн топ балдар мектептин темир короосунун дарбазасына киргенде гана артын карашты. Артта эч кандай «желмогуз» жок экендигине ишенгенден кийин эми жай басып классына кириштн.

www.bizdin.kg

Бул убакта өз алдынча даярдануу бөлмөсүндө мугалим эжеИи аларды күтүп отурган болчу...

Сабагын пландап отурган КаИыргүл эжеИ балдар парталарына отурган соң баш көтөрө карады.

- АкылтаИ каИда, көрүнбөИт го... ҮИүнө кетип калдыбы? - деди балдарга каИрылып.

Адегенде эч ким унчуккан жок. Дымып отуруп калышты. Балдардын бир билгендери бардаИ, КаИыргүл каИра сурады. «Балким, бирөө менен урушуп алып, токмок жеп сыртта ыИлап отурбасын» - деп оИлоду. АкылтаИ, тентек болбосо да, шоктугунан кээде ошондоИ адаты бар эмес беле...

- ЭжеИ, - деди ошондо тынчтыкты бузуп Нурсултан, - АкылтаИ болуп токоИдо жашынмак оИноп жатсак эле жок...- деди алаканын жаИып.

- «Жок» дегени эмнеси?

- Жок, таппаИ коИдук. Чакырсак да келбеи коиду...

- ЭжеИ, - деди андан соң Каныбек көздөрүн чекчеИтип, - аны токоИдогу «жез тумшук жеп кетти» окшоИт!

- Эмне?! - деп тура калды КаИыргүл.

www.bizdin.kg

Балдар аИтарын аИтып алышып, бөжө-
иүп унчукпаи калышты. Каиыргүл алар-
дын эмне деп жатканына түшүнбөИ, же
берген суроосуна жооп ала албаИ каИсак-
тады. Канчалык каИталап сураса да, ал-
ган жообу - жанагы сөз...

Балдарды ээрчитип алып, баары то-
коИду көздөИ жүгүрүштү.

КаИыргүл эжеИи бир нерседен коркуп,
каерде оИногонун, АкылтаИ каякка жка-
шынып кеткенин өз көзү менен көргүсү
келип, тапырап жөнөп келатышты.

Ошол маалда алардын алдынан ма-
шиначан ТаИыр чыкты. ТаИыр маши-
насынан түшүп, КаИыргүл менен күлө
карап учурашканы менен, КаИыргүлдүн
өңү суз эле. Балдарды караса, баары эле-
Иип, аны шектүү карашты... «Сиздин
балаңызды издеп келатабыз» - деп аИта
албаИ, «азыр... биз...» деген боюнча алга
жөнөдү КаИыргүл.

ТаИыр балдардын арасынан уулун
таппаИ туруп калды. Аңгыча, КаИыргүл
эжеИ токоИ аралап жөнөп: «Акылта-аИ!
КаИдасы-ың?!» - деп чуркап жөнөгөнүн
көрдү.

- Жашынмак оИноп жатканбыз да...
Анан АкылтаИды токоИдогу «жез тум-

www.bizdin.kg

шук жеп кетти», ошол боюнча жок... - деп жиберди бир бала.

- Эмне дейт!

Ошондо гана Тайыр бирдеме болгонун эми гана сезип, өзү да чуркап жөнөдү. Өзү балдарга кошулуп: «Акылтай! Акылта-аа-й! - деп, үнүнүн баарынча кыйкырып токой аралап баратты...

Бул кезде Умай досу менен коштошкон Акылтай атасынын катуу чыккан үнүн таанып, акактап чуркап келаткан...

Коркуп алган Тайыр алдынан чуркап чыккан Акылтайын көргөндө кучактап көтөрүп алды да, ошол боюнча эч нерсе дешке үнү чыкпай, муундары титирегени басылбай койду. «Балким, чын эле жашынмак ойноп жатып алыска кетип калган чыгар» - деп жатты оюнда...

Кантсе да, бала аман-эсен экен... Кайыргүл демин басып, Тайырга карады. Эми гана учурашып, аманчылык сурашты...

Бир нерсе деп сүйлөшүү азыр ыңгайсыздай туюлду... Ошондон улам Тайыр да эч нерсе дебестен кете турган болду.

- Акылтайды алып кетесизби? - деп сурады Кайыргүл эжейи, бирок атасынын жообун укпай эле: «Мейли, уруксат,

www.bizdin.kg

бара бериңиздер» - деп жиберди шашкалактап. Ал, ТаИырдын колуна баласын аман-эсен тапшырганына сүИүндү. «ТокоИдо наркомандар болушат экен» - деп уккан КаИыргүл чын эле коркуп кеткен эле. Анын да денесиндеги калтырагы алиге басыла элек болчу.

«Башкадан бөлөкчө бала»

Мектепте биринчи класс экенине карабаИ, балдардын жүгү көп. Өзүнөн үч эсе оор жүк көтөргөн кумурскадаИ болуп, АкылтаИ да күндөлүк сабактарын күн саиын көжөлүп окуит. Немец, англис, орус тилдерин үИрөнүп, анан өз эне тилинде ырларды шар окуп, аларды бат жаттап, сүрөттү мыкты тартып, мугалиминен укканды уккандаИ каИта аИтып берип, бат эле башка балдардан өзгөчөлөнүп баратты. ЭжеИи сүИлөп бүткөнчө, сөзүнүн аягын оозунан жулуп аитар оюн улантып алып, аитып бергени андан бетер таң калтырып баратат. Класстагы балдарды жарыштырып китеп окутса, алардан эки-үч эсе бат окуп, окуганын онтолобои түшүндүрүп сүилөп, өзүнөн эки класс өидө окуган балдардаи болуп баратат...

www.bizdin.kg

Кайыргүлдүн эки көзү эле Акылтайда. «Көз тийбесин» - дейт кайра өзүнө өзү күбүрөнүп,- кудайым берген бала экен... Өмүрлүү болсо экен...»

Адатта, мугалимдин ийгилиги окуткан окуучусунун көрсөткүчү менен баалланган жагы бар го мектепте. Окуучусу жакшы болсо да, жаман болсо да, сөз мугалимге тиет, же макталат, же сындалат дегендей.

Ушундай окуучусу бар үчүн Кайыргүл да мектепте жүзү жарык, директор менен окуу бөлүмүнүн башчысы аны «мыкты мугалим» катары жыйындарда атын айта баштады. Ансайын, Кайыргүл Акылтайы менен мактанып, өз баласынан кем көрбөй, ооруса ооруп, айыкса айыгып, жанындай көрөт.

«Бул - анык интеллектуал! Зирек окуучу деп ушуну айт. Ага өзүндөй татыктуу камкордук керек... А бизде ошондой шартыбыз барбы? Ага биз ошондой шарт түзүп бере алдыкпы? - деп өзү менен өзү сүйлөшө берет Кайыргүл. - Мындай балдар үчүн өзгөчөлүү китеп керек, өзүнчө эксперименталдык изилдөө керек. Анын кантип ийгиликке жетип жаткан атайын изилдөө керек чыгар... Ал

www.bizdin.kg

үчүн мен баланын келген-кеткенин эсептеп, билгенин сурап баа коюп отура берип, диспетчер болбошум керек. Баланы өнүктүрүшүм үчүн, ага татыктуу мугалим болушум үчүн изилдөөчү-мугалим болушум керек!»

Биринчи жарым жыл аяктап, жыИынтык чыгара турган кез келди.

- Балдар, ушуну менен экинчи чеИрек да бүттү. Эртеңден баштап, эки жума каникулда болосуңар. Жакында «Жаңы жылдык балаты» оюнун өткөрөбүз, - деп түшүндүрдү КаИыргүл эжеИи. -Каникулда «Алиппеден» үИрөнгөн тамгаңарды унутпаИ келесиңерби?

- Ооба, - дешти балдар жалпы.

- Мен каникулда «Алиппени» бүтүндөИ каиталап окуп, үирөнгөндөрүмдү бүтүндөИ жаттап келем, - деди тура калып АкылтаИ.

- Ооба, сен кыИын болсоң, эжеИ жокто окуп көрчү, - деп арткы партада отурган Каныбек кыИкым таба сүИлөндү. Алардын мындаИ каИым аИтышкан сөздөрүн Т/1 к> к> «_» Каиыргүл эжеии оңдоп коюуну оилоду. Ага жоопту АкылтаИ өзү деле аИта алмак, бирок ал үчүн ыңгаИсыздыкты түзгүсү келбеди:

www.bizdin.kg

- Жакшы окуучу мугалим үйрөткөнүн унутпашы керек. Анан да мугалимди карап отура бербей, өзү да аракет кылыш керек. Акылтай ошондой өз алдынча аракет кылгандыгы үчүн жакшы окуп жатат... Түшүндүңөрбү? Мен силердин баарыңар Акылтайдай болушуңарды каалайм!

Акылтай Каныбектин да, өзүн колдой сүйлөгөн эжейинин да сөзүн угуп укмаксан болуп, китептерин китеп кабына салып жатты...

«Көрөсүң го, - деп жатты оюнда, - каникулда баарын жаттап келем да, сенден дагы да он эсе ашып кетем...»

Баланын табияты ушундай тура: бири-бирине атаандашып кийинип, бири-бирине атаандашып тамак жеп, бири-бирине атаандашып окуп-ойноп өсөт тура. Балдар ошентип бири-бирине атаандашып чоңоёт тура!

Ошентип, «жаңы жылдык балаты» оюну да болду, ал өтүп, кышкы каникул күндөрү башталды. Апасы Сауле, атасы Тайыр каникул күндөрүндө уулунун көңүлдүү эс алуусу үчүн парктарга, циркке алпарып, же тоого барып эс алдырып келүүнү ойлонуштурушту. Анан бул ойлорун ортого салышты эле, Акылтай-

www.bizdin.kg

дан «барбаИм» дегенден башка сөз чыкпады. «Каякка баралы» десе да «жок» деИт. Андан көрөкчө: «Тоого баралы, чана тээп оИноИлу» - деИт. Ага атасы менен апасы көнбөИт. Баягыда тоого эс алууга барабыз деп, АкылтаИды жоготуп жибергени эстеринде да. Экинчи анткилери келбеген Сауле менен ТаИыр бирибирине карап унчугушпады. Эмне кылса да, мыкты окуп, жакшы жүрүп, жакшы өсүп келаткан бөипөигөн сүиүктүү уулунун көңүлүн улагылары келет. Бирок: «Канткенде көңүлүн өстүрүп, колубуздан келген ата-энелик парзыбызды аткарар экенбиз» - деп, көз кареги менен тең аИланып, жалынып жалбарышат.

ЭжеИинин: «Менин АкылтаИым башкалардан бөлөкчө бала», - деп эркелеткенин оИлошуп, кудаИга миң ирет жалынышат.

Ошентип, АкылтаИ эшикке чыкпаИ, достору менен да оинобои, телевизор, компьютерди да карабаИ, окуганы «Алиппе», «Англис тили», «Немис тили». Анан эс алганда «Математикадан» эсеп чыгарат, «Адептен» ыр жаттаИт.

«Бул балаң тескерисинче иш кылат»- деп күлөт ТаИыр уулун эркелетип,- э,

www.bizdin.kg

Сауле, Акылтай «Алиппени» окуп чарчаганда, эсеп чыгарып көңүл ачат! Бу кандай?»

«Садаган болоюнум, эс алчы, чарчадың го... - деп Сауле уулун ой-боюна койбой, кучагына кысып диванга кыйшаят... Чындап эле чарчаган Акылтай, быйпыйып уктап кетет...

Куурчактардын «цилөнцц тою»

Акылтай эшикке чыгып достору менен ойногонду сагынды го, бир күнү акырын басып эшикке чыкты. Каалганы жаап, артында турган Адиланы көрдү. Адила, негедир, ыйлаган түрү бар, бетин колу менен басып, кызарган көзүн Акылтайдан жашыргандай болду.

- Адила, жүрү, эшикке ойнойлу... - деди колу менен жаңсап, курткасынын сыдырмасын сыдырып жатып.

Адила унчукпай, баягы калыбында тура берди.

- Сага эмне болду, Адила - деди сергек Акылтай. Адила жооп берүүнүн ордуна ээктерин эмшиңдете бышактап ыйлап жиберди.

www.bizdin.kg

- Атам... апамды уруп... - деди улутуна.

- Эмнеге урду...

Кыз унчуккан жок.

- Качан урду?

- Азыр эле... Анан мени эшикке чыгарып жиберди...

- Ким?

- Атам...

- Атаң маспы?..

- Ооба...

АкылтаИ чоң кишиче тактап сурап билди да, бирок колунан эмне келмек эле кызды алаксытып, эшикке алып кеткиси келди:

- Жүрү, эшикке оИноп келебиз...

- КиИимим үИдө да... ҮшүИм...

- Менин курткамды киИ. Мен башка киИим киИип чыгам...

Кыз башын иИкеди.

Ошентип, Адиланы ээрчитип, АкылтаИ экөө короого чыгышты да, оИноп жүргөн балдарга кошулушту.

Балдар кышкы чыкыроонго карабастан, боргулданып тердеп, ар жерден сынык кыштардан чогултушуп, үИ куруп жатышкан экен. Наркы көчөдөгү үИ куруп жаткандарды көрүп, ошолорду туу-

www.bizdin.kg

рап жатышканы да. Акылтай менен Адила дагы бул «куруучуларга» аралашты.

Адегенде, үйдүн дубалдарын куруп бүтүштү. Андан соң: «Үстүнө эмне жабабыз» - деп ойлонуп калышты эле, Замир рейка менен тактайлардын кесиндилерин таап келип, тизип чыгышты. Элдос менен Акылтай усталык кылып, рейкалардан айырмач жасашты. Анан картондор менен үстүн жабышты.

- Эми бул үйдө кимдер жашашат? - деп калды алаксып, көңүлү сергий түшкөн Адила.

Адиланын бул сөзү чын эле баарын ойлонтуп койду. Ар кимиси жакшы бир нерсени ойлоп тапкылары келишти. Ошол кезде булар менен топурап бирге жүргөн короолош балдар-кыздардын колдорунда куурчактары бар эле. Карашса татынакай сулуу кыз жана сулуу жигитке окшогон эки куурчак бар экен.

Уларбек деген бала:

- Келгиле, мобул жигит менен мобул кыздын «үйлөнүү тоюн» өткөрөбүз!- деп каткырып жиберди, ойлоп тапкан жаңылыгына сүйүнүп.

- Кыз менен баланы «Лимузинге» салыш керек да? - деди анда Адила кыялданган түрдө.

www.bizdin.kg

- Менин үИүмдө «Лимузин» бар. Мен азыр апкеле коёюн...

Көптөн бери оИнолбоИ калган оюнчуктарын эми эстеген АкылтаИ үИүн көздөИ чуркады. Анын минтип оюнчуктарын эстеп, балдар менен оИногусу келип калганын баИкаган апасы Сауле оюнчук ак «Лимузинин» таап бере салды эле, ал досторуна жеткенче шашты.

Келсе, достору «Аяна» деп ат коюшкан кыз менен «Актан» деп ат коюшкан жигитти «үИлөнүү үлпөтүнө» эчак даярдап коюшуптур.

Алар «Аяна» менен «Актанды» апакаИ «Лимузинге» мингизишти да, «Манас аИылына», андан ары «Түбөлүк отко» чеИин «саякатка жиберишти». «Саякаты» бүтүп келгенде, үИүнө киргизе турган болушту.

Киргизели дешсе, «үИдүн» эшиги, анан да терезеси жок экен. Эх, десең, мына тамаша! «Бул усталар үИ курушканы менен, терезеси түгүл эшигине, эшиги түгүл, терезесине орун коибои, унутта калтырышканы кызык болбодубу!

- ЭИ, ушу да болобу? Бул үИдүн эшиги менен терезеси кана? - деди күлкүсүн тыя албаган АкылтаИ.

www.bizdin.kg

Эми үИгө эшик чыгаруу, терезе салуу кеч болуп калды. Ал үчүн, «үИдүн» дубалын бусууга туура келет. Балдар эптеп тургузуп алышкан үИүн бузкулары келбеди.

«Эмне кылалы?» - деген суроого Элдос жооп тапты.

- Дубалын бузбаИлы, андан көрөкчө үИдүн үстүн ачалы, кыз менен жигитти уктоочу бөлмөгө үстүнөн салалы, - деди «акыл» таап. Буга баары макул болушту.

Баарылап жапкан тактаИ, реИкаларын, шифер ордуна жапкан кардондорун алып, үИдүн үстүн ачты да, «үИлөнгөн» «Аяна» менен «Актанды» үИдүн үстүнөн салышты. Анан үИдүн үстүн каИра жакшылап жабышты. Ошентип, «Аяна» менен «Актандын» үИлөнүү тоюн бүтүрүшүп, баары чоң кишилерче: «ООмиИин!» - деп бата кылышты.

ҮИдүн эшик, терезесин салбаИ калганына АкылтаИ да, Элдос да, Замир да, Адила өкүнүшсө да, баары бир «Аяна» менен «Актандын» үИлөнүү үлпөтүн минтип жакшы өткөрүшкөнүнө, тоИ бүтүп, үИлөнгөндөр өзүлөрүнүн «уктоочу бөлмөсүнө» кирип, «уктап калышканына» абдан ыракат алышты.

www.bizdin.kg

- Кой, эмесе, жаңы үйлөнгөндөргө батабызды берели да, - деп, чоң атадан бетер алаканын жая купшуңдап, балдарга карады Акылтай.

- Ооба да, - дешти достору дагы.

- Анда эмесе, эки жаш бактылуу болушсун! Кармашкан колдору үзүлбөсүн! Оомийин!

Ошентти да, Акылтай каткырып күлүп, жүзүнө бата тартты. Анын сөзүн Элдос улантты:

- Кудайым эки жашка ынтымак бersин! Оомийин!

Андан кийин Замир бата берди:

- Эмдиги жылы эгиз эркек балалуу болушсун! Оомийин, Аллоу акбар!

«Эркек балалуу болсун!» деген Замирдин сөзү бала болсо да Адиланын жүрөгүнө тийди. Ачыла түшкөн көңүлү кайта чөгө түштү. Анткени атасынын күндө айткан ачуу сөздөрү кулагынан кетпей калган да. Аны оюн-чындан бата кылып тамашага батышкан балдар кайдан сезишмек.

Ушуну менен балдардын бүгүнкү оюну бүттү.

www.bizdin.kg

Тумоологон наристе, же црой учурган иликтоо...

Быйылкы кыш - «кийиз аяз» болсо да, кыш деген кыш экенин унутпады. Декабрь менен январда күн жылуу болгону менен, чилде чыккан соң, Жашыл-Нурабад шаарында суук кайра күчөдү - дешип кеп кылып жатышкан эле адамдар. Үй түнкүсүн суук тартып, анан да жарык өчүп, шаардын бийик үйлөрүндөгү жашоо да кыйындап кетти.

Ушунун айынан болду го, Шаабайдын кичинекей «сары каш уулу» бир күнү тумоолоп калды.

Үйгө келген «тез жардамчылар» Бакыткелдинин «өпкөсүнө суук тийип» калганын айтып, ооруканага алып кетишти.

Көптөн бери жүрөгүн өйүп жүргөн бир ой бар эле Гүлайда. Ушундан улам же атасына, же өзүнө окшобогон сары каш уулунун анализин, канынын түрүн Шаабайга билгизбей чыгартып, өзүнүн көптөн берки эки-анжы оюн тактап билип алууну ойлоду.

Алар жаткан бөлмөсүнүн медайымы татынакай сулуу кыз экен. Аны менен жакшы мамиле түзгөн Гүлай эч кимге

www.bizdin.kg

билгизбеИ, оюндагысын аткарып берүүсүн суранды.

- Макул, - деди кыз, - а... ал сизге эмне үчүн керек?

ГүлаИ аИла жок, башынан өткөн окуяларды, төрт кызды удаа төрөгөнүн, күИөөсү ШаабаИ: «Эркек уул төрөбөИсүң» - деп кектеп жүргөнүн, «эркек уулум жок» деп мас болуп алып ыИлачу күндөрүн, эми эркек уулдуу болсо: «Мага окшобоИт, бул каИдан төрөлгөн бала» - деп кол тиигизип ура баштаганын ыилап отуруп аИтып берди.

- Чын эле күиөөмдүн аитканын оилоп алып, эмне болгонуна башым жетпеИ жүрөт. АИланаИын сиңдим, жардам берчи... Баса, билип алчы, күИөөм экөөбүздүн каныбыздын түрү окшош...

ГүлаИ өзүнүн да, сары каш уулунун да анализдерин каИтадан берип, медаИым кыздын соңку сөзүн зор үмүт менен күтүп калды.

Кандын анализинин жыИынтыгын кыз заматта эле аИтып берди.

- Мен сизди кубанта албаИм, эжеке, эгерде күИөөңүздүн каны менен сиздики окшош экени чын болсо - деди бир аз мукактанып, - анда балаңыздыкы башка...

www.bizdin.kg

- Башка болгондо... кандаИ?..

- Сиздердики биринчи болсо, балаңыздыкы үчүнчү экен...

- Демек...

- Демек, аны өзүңүз гана билесиз...

- Жок... - деди ГүлаИ башын чаИкап. АндаИ десең жаңылышасың... Мен эч качан беИчеки иш жасаган эмесмин... А балким... Балким, анализ жаңылыш чыгышы мүмкүндүр?

- Жок, биздин приборлорубуз жаңылбаИт. Жаңы аппараттар?

- А... балким, бала төрөт үИүнөн алмашып кетүүсү мүмкүнбү?..

- «Алмашып?..»

- Коюңузчу?

- Бизде азырынча, мындаИ окуялар боло элек...

- Ар кандаИ баИкабастык, же кокустук болушу мүмкүн да. Мен азыр ошондоИ болгонбу деп шекшинип жатам... Каны башка экени чын болсо, анда булменин балам эмес. Менин балам башка бала менен алмашып кеткен...

- А сиз өзүңүз... - деди анда тиги кыз, шектене карап, - сиз өзүңүз дагы да кыз төрөп, бирок кызыңызды эркекке алмаштырып алган жок белеңиз...

www.bizdin.kg

Гүлай көзүнүн жашын аарчып, жакасын карманды:

- Кудай урсун, кызым... Бирөөнүн ырыскысы бирөөгө жукмак беле?! Мен төрөгөндө эле акушерка сүйүнчүлөп: «Сүйүнчү, эже, уул!» дегени азыр да кулагымда турат...

Бул сөзүн айтып, Гүлай өзүнүн сөзү чын экендигин бекемдегиси келди.

Ортону оор тыным ээлеп калды. Түшкү тынымды Бакыткелдинин эмчек издеп чыргоолонгону бузду...

- Мен балама барайын... - деген Гүлай, баары бир бул бала өз курсагынан чыккан бала эмес экенине чындап көзү жетти. Ошентсе да бала экен да, башка бирөөнүн баласын деле эмизет тура.

Белгисиз бирөөнүн, болгондо да кандай адамдын баласы болду экен дегендей туюк шекшинүү денесин дүркүрөтүп ийди эмчегин баланын оозуна салып баратып...

www.bizdin.kg

Издөө керек... Бирок кайдан?

Сары каштуу Бакыткелдини алып, ГүлаИ кышкы каникулдун соңку күндөрүндө үИүнө чыгып келди. Эки коңшу балага ден соолук тилеп кирип-чыгып чогуу чаИ ичишти. Бул күндөрү ШаабаИдын да, ГүлаИдын да маанаИлары жакшы эле. Бирок эки күн өткөн соң, мындаИ окуя болду.

Кечинде ТаИырлардын үИүнүн эшигинин коңгуроосу кагылды.

Сауле эшик ачса көзүнүн жашы көлдаИра болгон Адила турат. Ал Саулени көрө сала аптыгып:

- Сауле эжеке... Апамды атам уруп жатат!.. - деди да, буркурап ыИлап жиберди.

Сауле: «Азыр» - деп эшикти чала жаап, эмне кыларын билбеИ ТаИырга каИрылды.

- КоИ, жүрүчү, балекет баскырдыкы! Булар эмне эле болуп жатат? Бир билгени бар ШаабаИдын - деп күңкүлдөИ сүИлөгөн ТаИыр күрмөсүн иИинине сала Сауле экөө шашып жөнөштү.

Келсе, ГүлаИды ШаабаИ бурчка такап алып оозуна келген ороИ сөздөр менен сөгүп, опузалап жатыптыр. Кыздары

www.bizdin.kg

аркы үйдө ботодой боздошуп, диванда баласы жатат чырылдап, жылаңач!

Кирип келип эле Тайыр Шаабайды кучактай калды:

- Ай, Шаке, болду эми!.. Бир ачууңду мага бер... Суранам... Балдарыңды чырылдатпа...

Шаабай кызуу экен. Ошентсе да, капыстан кирип келген Сауле менен Тайырды көрүп, соолуга түшкөнсүп, эмне кыларын билбей анын эркине көндү. Уялды го... Анын колунан бошогон Гулай диванга отура калып, бетин басып ыйлап жиберди.

- Айланайын, Сауле... Кантем... Ушундан көрө, төрөбөй эле өлүп калсамчы...

- Ой, койчу Гуля, эмне болду мынча. Балаң чоңоюп келатат...

- Ошо чоңоюп баратканда азап-кайгы да чоңоё баштабадыбы?! О, кокуй ой! Эмне кылам, айланайын, кудайым ай!

Шаабай менен Тайыр жетелешип балконго чыгып кетишти.

- Аныңэмнең? Түшүндүрчү, Гуля,- деди анын табышмактанткан сөзүн түшүнө албай Сауле.

- Көптөн бери эле Шаабай: «Бу балаң кимдин баласы? Мага окшобойт, же

www.bizdin.kg

сага окшобойт» - деп «кыңк-мыңк» эте берчү... Анан эмне болду дебейсиңби, айланайын Сауле...

Гүлай сөзүн айта албай өксүп-өксүп ыйлап отурду... Сауле мойну-башынан кучактап, жан алакетке түштү... Гүлай бир аз эс алды да, оор үшкүрүнүп алып, баланын өгүнкү ооруп калгандагысын, догдурда жатканда өзүнүн да, баласынын да канынын анализин тактап чыгарганын, баланын канынын тиби Шаабайдын канына да, өзүнүн канына да окшош эмес экенин, врач кыз: «Бул бала, балким, каны да, физиономиясы да окшобосо, төрөт үйүнөн алмашылып кетсе керек» - деп чыгарган чала бүтүмүн айттып берди.

- Ушундай... - деп улутунуп алып, диванда дагы эле болсо ыйлап жаткан балага нес боло карап отурду... - Ошол сөздөн кийин, кудай бар го, ишенсең, Сауле, ушул баланы эмизгим эле эмес, колума кармагым да келбей калды. Денем, жыйрылып, ансайын Шаабайдын кактабай канымды алганы жаныма батып баратат... Айланайын, Сауле, өзүмдүн балам кайда? Кантип табам!? Кантип, кайдан издейм?!

www.bizdin.kg

Катуу чыккан ыИды угушкан ТаИыр менен ШаабаИ балкондон чыга келишти.

- АИланаИын, ТаИыр, - деп дагы эле уңулдап боздоп ыИлап жатты ГүлаИ, - ШаабаИ жанымды коИбосо, балкондон кулап өлөм... Чынымды аИтаИын... Мен ШаабаИдын алдында тазамын, кудаИ алдында акмын! Мага жардам бергиле, өз баламды издеп табаИын...

ТаИыр эмне жөнүндө сөз болуп жатканына түшүнбөи, элеиип туруп калды. Аны Сауле ГүлаИдын аИтканы боюнча каИталап түшүндүрүп берди. ТаИыр деле эмне дээрин билбеИ, шалдаИып отура берди.

- Болуптур, - деди Сауле, сөздү жыиынтыктагандаи болуп, - издеили, баарылап издеИли.

- ИздеИли, бирок каИдан? - деди ШаабаИ, баягы ачуулганын жоготуп, мокогондоИ болуп. Анын жүзү бозоруп, мурдагы жадыраган өңү чын эле кете түшүптүр.

Баарынын оюнда тең бир гана суроо турду, ал суроо баарынан тең чечкиндүү жооп күтүп турду...

«Издеш керек..! Бирок каИдан?»

«КаИдан да болсо издеш керек!»

www.bizdin.kg

Издөө улануда

ҮИгө келген соң, ТаИыр менен Сауле «сары каш» баланын каИдан, кантип келип калганы тууралуу узак сүИлөшүштү. Алардын сөзүн АкылтаИ каалганын жылчыгынан угуп жатты.

«Баягы күнү Адила ошол үчүн ыИлап босогодо турган тура... Ошол үчүн ШаабаИ баИке ГүлаИ эжени урат тура... БаИкуш ГүлаИ эже ошол үчүн күнүгө көзү шишип, ыИлап, өз баласын издеп жүргөн тура... ГүлаИ эженин баласын таап бериш керек... Баягыда УмаИ досум бир нерсе тууралуу аИтам деп аИтпаИ коИбоду беле... Ал ошону аИтам деген го... АндаИ болсо, бул тууралуу УмаИ досума тезинен аИтуум керек...»

Ушуну оИлоп өз бөлмөсүнүн чала жабылган каалгасынын жылчыгына дагы эле кулагын тосо оИлонуп тура берди АкылтаИ. Атасы менен апасынын сөзү бүтүп, укташты көрүнөт. Өзүнөн болсо уИку качты. УктабаИ көпкө жатты...

«Эртең, - деп оИлонуп жатты АкылтаИ, - эртең УмаИ досума баарын аИтам. Ал жардам берет. Адиланын өзүнүн

www.bizdin.kg

бөбөгүн, Гүлай эженин өзүнүн баласын таап бер дейм...»

Ошентип түн бир оокумга чейин кирпиги ирмелбей ооналактап жатып, бир кезде уктап кеткенин билбей калды.

Эртеси атасы ишке, апасы Сауле Гүлай эже менен бир жакка кеткен соң, Акылтай достору менен короого чыккан. Бир аздан соң: «Силер ойноп тургула, мен азыр келем» - деди да, үйлөрдөн ары жактагы токойго жүгүрүп кетти.

Эч кимге көрүнбөгөн жерге барды да: «Умай досум, мага кел...» - деп чакырып отурду. Досу узакка күттүргөн жок. Демейдегидей эле, учуучу килемин минип алып, шуулдап учуп келип калды.

Экөө кучакташып учурашты. Анан сөзгө өтүштү.

- Мен сенин окууңду жакшы окуп жатканыңды, бардык досторуңдан эң мыкты окуй баштаганыңды билдим, Акылтай, - деди Умай бала. - Эми мындан да жакшы окуйсуң. Баарынан кыйын бала болосуң...

Акылтай өзү жөнүндөгү Умай досунун сөздөрүн угуп: «Булардын баарын кайдан билип алды?» - деп таң калып турду.

«Сен таң калып турасың го э... - деди анда Умай досу. - Мага баарын күн му-

www.bizdin.kg

рунтан эле Умай энем билип-сезип айтып турат. Мына азыр да сенин эмне үчүн чакырганыңды туюп келдим. Ал тургай, качан чакырат экен деп күтүп жүрбөдүмбү? Кана, сүйлөчү... Өзүңдөн угайын...

Акылтай кечээ кечинде Шаабай байкенин үйүндөгү болгон окуя тууралуу, Гүлай эже күнүгө баласын издеп, кайдан табарын билбей ыйлап жүргөнүн айтып, бүгүн апасы Сауле Гүлай эжени ээрчитип: «Баласы төрөлгөн төрөт үйүнө кетишти окшойт» - деп сөзүн бүтүрдү.

- Жакшы болуптур, - деди Умай бала Акылтайдын сөзүн угуп, - бул тууралуу мен Умай энеме айтам, ал кайсы баланы ким төрөткөнүн билет. Мен андан сурайын да, сага келип айтам. Сен апаң менен Сауленин эмне кылганын мага билдиресиң. Анан баланы байкабай алмаштырып алган медайымды, бала алмашылып каякка алынып кеткенин издейбиз...

Ошентти да, коштошуп учуп кетип жатып, буларды айтты:

- Башка жакка да чакырып жатат. Сага айтпадым беле, мындай окуялар жер бетинде ого эле көп. Баарына жар-

www.bizdin.kg

дам бериш кыИын... Ошентсе да, жардам берүүгө шашам... Кош, жакшы кал!

- Жакшы бар. Мен апамдардын сөзүн угаИын, анан...

Ал күнү ошентип кеч кирди. Апасынан эч нерсе тууралуу биле албады. «Кечинде атам келгенде, каИда, кимге барганын, эмне болгонун аИтып берет. Ошондо угуп алам...» деген оИго келди АкылтаИ.

Ырас эле ошондоИ болду. Кечки чаИ ичерде атасы ишинен келди. Сауле чаИ ичип отурганда, ГүлаИ экөө төрөт үИүнө барганын, анын башчысына кирип, болгон окуяны болгондоИ аИтып беришкенин, ал ГүлаИ төрөгөн күнүндө кимдер кезметте турганын тактап сураштырды. Жанара деген жаңы иштеген кыз ошол күнү кезметте турганын, ал кыз тээ алыскы жаңы курулушта жашаарын, ал кыз бүгүн иште жок экенин билип каИтышты. Тактап коИчу бир нерсе, ошол түнү он эки эркек наристе төрөлүптүр...

- Бирок ал кыз: «Ооба, кечирип коИгула, мен баИкабаИ алмаштырып алган экенмин...» - деп моИнуна ала коИбос! Бул ишти моИнуна коюу, коИгондо да ошол он эки наристенин кимисине алмашып кеткенин кудаИ деле билбеИ калгандыр, - деди териге түшкөн ТаИыр.

www.bizdin.kg

Сауле «Терикпей коё тур» деген маа-ниде салмак менен сөзүн улады:

- Ал күнү он эки наристенин жети-си эркек төрөлүптүр. Эгер алмашса но-мерлеп жазууда, же номерин керебетине илип жатканда байкабай алмаштырып алды...

- Аны да кудай билет... - деди дагы эле териге, - аны эч ким таба албайт... Эмне болмок эле... Башка бирөөнүн бала-сын багып алып деле жатпайбы...

- Кеп анда эмес да, өзүнүкү жок болсо бир жөн, а бар туруп алмашылып кетүү-эмне деген кордук. Сен эркексиң, сен бала төрөгөн эмессиң. Ошол үчүн сага баары бир...

Сауле чыдабай кетти.

Тайыр, баары бир өз оюнда турду:

- Жок. Мен анткен жокмун... Бирок ...

«Тамашакөй шариктер» деген мульт-фильмди көрүмүш болуп көзү аякта бол-гону менен, кулагы сөздө болгон Акыл-тай баарын угуп отурду...

- Эми эртең да барасыңарбы?..

- Ооба, эртең Шаабай дагы чогуу ба-рат?

«Шаабай барат» дегенде Тайыр ойло-но калды.

www.bizdin.kg

- ШаабаИ... барбаИ коё турбаИбы дүрбөтпөИ, - деди бир аздан соң, жанагы кыздан акырын сурап көрбөИсүңөрбү? Балким, баИкабаИ бир нерсе болсо, же бир билгени болсо, өзү эле аИтып берер...

- Ким билет, андан бери алты аИ болуп баратат... МоИнуна алабы? Же, баарын эле эстеп жүрөт деИсиңби...

- Ошентсе дагы...

- Макул, антсе да болот... Эгер моИнуна албаса, сотко берүү керек...

- Сотто эле моИнуна ала коёбу, далил болбогон соң - деп каршы чыкты ТаИыр, - Бул субъективдүү нерсе... Анткени бала алмашылганы далилденбесе, ГүлаИдын өзүнө эле уятыраак иш болот...

Ушул сөздөрдү аИтып жатып, ТаИыр уулун карап алды. Андан ары эч нерсе деИ албады.

Кантсе да, сөздүн учугу киИинкиге калды.

АкылтаИ: «Булар эмне чечимге келишери соттон киИин белгилүү болот окшоит сыягы» - деп, оилуу кала берди.

www.bizdin.kg

Соттун чечиминен кийин...

АкылтаИ күндө апасы менен атасынын сөзүнөн улам баарын билип жүрдү. Билмексен болуп, жанынан чыкпаИ отурганын алар деле эрөөн албады. Анткени апасы Сауле ТаИырдан эртерээк иштен келет да, ГүлаИдан көп жаңылыктарды угат, аларды ТаИырга аИтат. Анын үстүнө, ал ГүлаИ менен төрөт үИүнө да канча ирет бирге барды! Ал жердеги кезметчи кыз менен канча ирет сүИлөштү. ТаИдаИ так секирген кыз моИнуна албаИ келет. Андан жыИынтык болбогон соң, сотко каИрылышты. Сотто да чогуу болушту.

Баары бир, тиги кезметчи кыздын сөзүнөн жакшы жыИынтык болбоду. Деги, эмне болсо да, ГүлаИ төрөгөн түнү жети келин эркек төрөгөнү так экен. Кимисинин баласы менен алмашып кеткенин кызматчы кыз чын деп моИнуна алса, алар берки алты келинди издеп таап, алар менен жолугушуулары керек. Алар дагы болгон окуяны туура түшүнүп, балдарынын ДНКсын лабораториялык иликтөөгө берише коёбу? Бирок кезметчи кыз моинуна албаи коигон соң, сот эч

www.bizdin.kg

нерсе деп чечимге келе алган жок. Иш дагы кийинки иликтөөгө калтырылды.

- Баарын ошол кезметчи кыз гана билет. Бардыгы ошонун бир ооз сөзүндө... Мен деле ошол ойдомун, - деди Тайыр ойлуу. - Кантип ал кыздан чындыгын билүү керек?

Тайыр, кандай болсо да, Шаабай менен Гүлайга жардам берүү керектигин, эгер бул иш оң чечилбесе, Шаабай менен Гүлай экөө ажырашып кетерин айтып, сөз үзүлдү.

Акылтай, баары бир атасы менен апасы эч нерсе кыла албастыгын, сот да эч кандай жардам бербестигин билген соң, буга «Умай досум» гана жардамдашат, Умай досум гана Гүлай эжеге таап берет өз баласын деп айтсамбы» - деп ойлоду. - Канча ирет оозун таптап барып айта албады. «Бирок баары бир, ага атасы да, апасы да, эч ким Умай бала» деген сөзгө ишенишип... Эх, десең! Баягыда Жакуну эч ким таппай каларда таап бербедиби... Анын да ким тапканын эч ким билбей калбадыбы? Жаку өзү эле жоголуп, кайра өзү, өзү эле табылып калгандай болуп көрүндү...»

www.bizdin.kg

Сулайман Рысбаев

Умай бала жардамга келди

Умай бала Акылтайдан болгон окуяны бүтүндөй укканча бир канча убакыт өтүп кетти. Кыш өтүп да бараткан. Ансыз деле кар узак жатпаган Жашыл-Нурабадга жаздын белгиси акырындап келе баштады.

Төрөт үйүндөгү баягы кезметчи кыз Жанара Жашыл-Нурабад шаарынын түндүк тарабындагы «Келечек» деген кичирайондо эжесинин үйүндө турганына жарым жыл болуптур. Анын үйүнүн дарегин дагы Акылтай апасынын сөзүнөн улам билип алды.

Умай бала эми ишке киришти. Ага ыңгайлуу учур - Жанара таң эртең менен ишке жөнөр мезгил эле. Ушул учурду тандап алды да, таң эртең өзүнүн учуучу килемине минип алып, жылдыз көлүндөй жылтыраган Жашыл-Нурабаддын үстүнөн айланып өтүп, төмөн тарапты көздөй болжоп жөнөдү. Үйлөрдүн көбү эки-үч бөлмө болуп салынган бири-бирине окшош чакан ак тамдар экен. Умай бала өзүнүн гана туюму боюнча, Жанара турган үйдү тапты да, анын ишке жөнөрүн күтүп, акмалап айланып учуп жүрдү.

www.bizdin.kg

Таң жаңыдан атып келаткан маал эле. РаИондогулардын көбү али таттуу уИкуда. Жанара саат 7де ишке барышы керек да. Ал үчүн жок дегенде, бир саат мурда жолго чыгуусу керек. Ошон үчүн, Жанара алда канча эрте, саат 5 жарымда туруп ишке жөнөөгө камынган. Бул - анын күндөлүк көнүмүшү эле.

Жанара деле бир аИдан бери каИдагы бирөөлөрдүн «баламды алмаштырып коигонсуң» деген арызы менен беимаза болуп жүргөнүн эң жакшы түшүнөт. Ал үчүн төрөт үИүнүн башчысынан да жеме укту, сотко барды, баары бир ал анда да жүрөгүндө түИүлүп турган бүдөмүк бир оиду ачык аитпады... Аита да албаит эле... Анткени ал сөз өзүнүн тагдырын чечип коИмок... Бирок аИтпаган күндө бир үИ-бүлөнүн тагдырын чечип коёру менен иши жок.

УшундаИ бушаИман оИдо бүгүн да эртелеп ишке жөнөдү. АИлана ала телек кардан анчеИин караңгы болбосо да, бозоргон таң анын алдынан тосуп алды. т г о ф ф

Үидөн аялдамага чеиин үч жүз метрдеи аралыкты жөө басат. Ортодо бош аянт, аянтты кесип өткөн жалгыз аяк жол. Аянттын чети эски чоң арык, арык жээгинде муруттаи сербеиген эски камыш-

www.bizdin.kg

тар... Майда бадалдар... Андан арытадан чоң жол өтөт.

Жанараны жүрөк туюму менен тааныып билген Умай бала дарактардын арасынан чыгып учуучу килеминен жерге түшпөгөн боюнча алдынан тосуп турду. Аны Жанара даана көрдү. Көрдү да, көзүн ачып-жуумп, дале болсо көргөн көзүнө ишенбей карап турду. Анын асмандан учуп келгенинен улам да денеси дүр этти. Ал: «НЛО» деген болчу эле, ошол болуп жүрбөсүн. Ал болсо эле өлдүм... Алар адамды белгисиз жакка алып кетет экен да, эс-акылынан ажыратып туруп апкелип таштап коёт экен...» деп, гезит-журналдан окуп-билгендерин эстеди. Чын эле, «НЛОго» окшогон учуучу бир нерседен жерге түшпөй алдын тороп турган, кичинекей бойлуу, бакыракай көздүү, торсойгон бала эсинен тандырды.

Жанара «эс-акылым жоголуп кетпесе экен» деген ой менен өзүн өзү кармап турса да, артка, же башка жакка кача албады. Анткени анын эс-акылы ордунда болсо да, денеси өлүктөй болуп, колу-буту кыймылга келбей калган.

www.bizdin.kg

Жанара чочуп кеткендиктен, тиги кибиреген неме сүИлөп бирдеме дегенче мен сүилөиүн дедиби, оозуна келгенин аитып жиберди:

- Сен каИдан келе калган немесиң? АИт, сага менден эмне керек?.. - деди төбө чачына чеИин денесинин дүркүрөгөнү басылбаИ.

УмаИ бала «менден коркпоңуз» дегендеИ колун жаңсап, таазим эте учурашып алды.

- Сиз менден коркпоңуз, эжеке... Мен сизди билем... Сиз...

Жанара алдын тороп туруп турган «кибиреген» немеден денеси дүркүрөгөнү дагы деле басылбаИ, калп эле каИрат кыла, УмаИ баланын сөзүн бөлө сүИлөдү:

- Сен мени каИдан билесиң? СендеИ немени мен көргөн эмесмин... АИт, менде эмне ишиң бар?..

- Ачууланбасаңыз... Андан көрө, эсиңизди жыИып оИлонуңуз дагы... Төрөт үИүнөн эки эркек баланы кантип алмаштырып алганыңызды моИнуңузга алып, чындыкты аИтыңыз... Болгону ушул...

- Сен эмне, «НЛОсуңбу»... - деди абдырап ого бетер чочулаган Жанара.

- Жок, мен УмаИ эненин баласы, УмаИ баламын... УмаИ энем мени сизге

www.bizdin.kg

жиберди. БеИкүнөө бирөөлөрдү ыИлатпасын, анын убалы болот - деди... Алмашылган баласын таап берсин, болбосо өзүнүн өмүрүнө зыяны тиет деди... Эгер чындыкты аИтып, УмаИ эненин батасын алсаңыз, киИин өзүңүзгө жакшы болот деди... Көп балалуу болуп, балдары акылдуу, сулуу болот деди... Сиз, менден коркпоңуз, эжеке... Түшүндүңүзбү?

УшундаИ кичинекеИ болуп туруп, ушунчалык акылдуу сүИлөгөн бул «кибиреген» неменин бир керемети бар, касиети чоң экенин туИду Жанара. «Эгер эле УмаИ эне өзү жибергени, анын УмаИ бала экени аык болсо, чындыкты аИтпаска чара жок» - деп оИлоду ал.

ШалдаИып оИлуу турду Жанара... Кезметте турган ошол түн көзүнө элестеп жатты. Болгон окуя болгондоИ элестеп жатты: Эки керебетке илер эки эркек баланын төрөт белгиси жазылган номерлери баИкабастыктан колунан түшүп кеткени көз алдында каИталанып жатты. Ошондо «булардын каИсынысы кимисиники эле?» - деп буИдала калып, анан колунда турган эки окшош, бирок номерлери башка эки карточканы боолголоп туруп: «Ушул эле болушу керек эле.

www.bizdin.kg

Ооба, ушул эле болчу... Кудай өзүң кечир, эгер жаңылсам» - деп илип койгону да көзүнө көрүнүп жатты. Бирок аны билип туруп жашырып айтпай жатпайбы!

«Эми айла жок... Бул көзүмө даана көрүнүп турган керемет сыр соо койбойт мени. Эми чындыгын айтпасам, өз өмүрүмө өзүмдүн зыяным тиет экен» ...- деп, бетин басып отура калып, ыйлап жиберди...

- Ыйлабаңыз, ачыгын эле айтып коюңуз. Ошондой болду беле?.. - деди соорото Умай бала.

- Ооба, - деди Жанара үнү калтырап, ыйлап жаткан калыбында.

- Эмне үчүн ошондой кылдыңыз? Атайылаппы?

- Жок! Байкабай калыпмын... Кокустан болгон удаа төрөлгөн эки эркек баланы эки керебетке жанаша жаткыргам... Анан алардын номери жазылган карточкамды илгичекти дагы бир бала төрөлдү деп калганда, шашкандан колумдагы карточкамды жерге түшүрүп жиберипмин... Өзүм да жаңы эле ишке келип, анчалык көнө элек болчумун. Карточкаларды жерден алып, буйдала карап тургам да: «Туура эле болуш керек» - деп

www.bizdin.kg

иле салгам. Ошондо жаңылыш илип койгон экенмин... Кийин билдим.

- Эми болор иш болуптур. Сиз кандай жардам кыла аласыз?

- Эми... Мен азыр ишке барам да, башчыма айтып: «Мойнума алдым, байкабай калыпмын», - дейм да, Гүлай эженин үйүнө телефон чалам... Мени кечирсин Умай энем!

Жанара дагы деле ыйлап жаткан:

- О, Умай эне, кереметиңден айланайын, Умай эне! Мени кечирегөр!

- Макул, - деди Умай бала, - мен Умай энеме айтып барам. Ал өзү деле ушунун баарын билип-туюп тургандыр. Сизди сөзсүз кечирет... Эми ыйлабаңыз... Жакшы калыңыз. Биз дагы да көрүшөбүз... Мен кеттим.

Ал соңку сөзүн айтып болуп, өйдө көтөрүлдү.

Айланага жарык кире баштады. Арытан келаткан айрым адамдар даана көрүндү. Ошондо гана Жанара эсине келип, колу-буту калтырап-титиреген бойдон алдыга кадам таштады. Оор үшкүрүнүп алып, бетин жүз аарчысы менен аарчынып, мас адамдай теңселе басып автобусту көздөй чуркады...

www.bizdin.kg

Жанара чындыкты айтты, бирок...

Бүгүн заматтын ортосунда күтүүсүз окуялар болуп өттү. Саат тогуздан өткөндө ГүлаИга төрөт үИүнөн телефон чалышты.

Телефондогу дабышты тыңшаса, төрөт үИүнүн башчысы. ГүлаИ экенин билген соң, түз эле:

- СүИүнчү! - деди ал.

- Болсун, болсун! СүИүнчүңүздү бере-Иин!

- Эмесе, мындаИ. Наристеңиздин алмашып кеткени тууралуу даттануунуз чын чыкты. Баягы кезметчи кыз моИнуна алып, алмашып кеткенин ырастады. Мына ал кыз жанымда отурат. Сиз азыр, тезинен бизге келиңиз. Алмашып кеткен баланын ата-энесинин дарегин берем, чогуу барып сүИлөшөсүздөр - деп сөзүн бүтүрдү.

Жүрөгү титиреп, эрдин бекем тиштенген ГүлаИ эмне кыларын билбеИ, быИпыиып уктап жаткан беикүнөө наристе Бакыткелдини бир карап, телефонду бир карап, көзүнүн жашын үнсүз төгүп шалдаИып отуруп калды.

www.bizdin.kg

«Эмне кылуу керек? Демек, чын экени ырас экен да... Менин жүрөгүм сезген аны... Эми эмне болот... Тиги кишилер эмне дейт... Кантем? Кудай ай!..»

Анан ал Сауленин ишине телефон чалды. Сауле: «Азыр барам» - деди шашкалактай. Аңгыча, Сауле келип, мындан ары эмне кылуу керектигин алдыртан болжолдоп ойлонушту. Анан жылуулап ороп Бакыткелдини көтөрүп алып, төрөт үйүнө жөнөштү. Ал жерден Жанара кошулду. Бала алмашылып кеткен үйдүн дарегин алышты. Бул эле «Шамал» кичирайонунун 190-үйүндө турушат экен. Балага ат коюшпай: «Үйдөн өзүбүзчө кеңешип, мусулманча ат коёрбуз» - деп чыгып кетишиптир. Үчөө ошол жерден таксиге отурушту да, дарек боюнча бат эле жетип келишти.

Мына, эми баары кайрадан башталат. Тиги аял кандай кабыл алар экен? «Өзүмдүн эле балам, алмашылган эмес жана да эч кимге алмашпайм этпейм! Жогол, шуркуя! - деп үйүнөн кубалап чыкса кантебиз?» - деп, алиге көрөк эле адамдан уга элек сөзүнө денеси үшүгөн Гүлай кичинекей айыпсыз наристени кучагына кысып, жүрөгү жарылчудай дүкүлдөп, тепкичтен көтөрүлүп артта ке-

www.bizdin.kg

латат. Алдыда Жанара, анан Сауле. Баары үнсүз... «Эмне болор экен?» - деген суроо мээнин капкагына бурама болуп кирип бараткандаИ...

Алтынчы кабат. Токсон алтынчы квартира. Жанара коңгуроону басты. Аздан соң бир орус аял эшик ачты.

Башка...

Балким, дарегинен жаңылыштыбы?

Жок, төрөт үИүнө жаңылыш дарек менен келбеИт эле.

- Бул үИдө Кулукеева Саадат деген аял жашаИбы?.. - деп сурады Жанара тиги аялдан.

- Алар бул жактан көчүп кетишкен. Биз үч аИ мурда сатып алганбыз. Аялынын аты Соня болчу. Балким, силерче Саадат болушу мүмкүн...

- Жаңы дарегин аИта албаИсызбы?..

- Жок... Түшүнүгүм жок.

Аял башка эч кандаИ маалымат бере албады. КаИсы бир жаңы үИ куруп жаткандар тарапка көчүп кетишсе керек эле... - деп күн батыш тарапты колу менен жаңсады да, эшигин жапты.

Мына эмесе... Эми таап ал, эр болсоң!

«Шамал» кичираИонунан ары жакта жаңы курулуштардан: «Сары-Челек», «Ак-Марал», «Ала-Тоо» дегендер бар.

www.bizdin.kg

Ал жакта жок эле дегенде, он беш-жыйырма миңдей жаңы үйлөр түштү. Алардын кайсы биринен издөө керек?..

Ушул эле сөздөр кечинде Тайыр менен Шаабайлар иштен келгенде да кайталанды.

Акылтай да ата-апасы менен Шаабайлардын үйүнө барган. Алдыга тамак коюлуп, Шаабай менен Тайыр: «Стрести кубалайлы» - деп, бир бөтөлкөнү ортого коюп алып, ууртап-татып отурушкан.

- Кулукеева дегендердин баарын издеш керек. «Дарек-бюро» деген бар, «Сурап-билме бюросу» дегендер бар... Бардык жаңы конуштардагы маалелерден, айыл өкмөттөрдүн баарынан издөө керек... - деп жатты Тайыр Шаабайга дем берип, сен, Шаабай, башыңды көтөр да, бир апта ишиңди ташта. Ушунча болгон соң, табыш керек...

Бул сөздөрдүн баарын Акылтай угуп отурду.

Ал: «Умай досумдан башка эч ким таба албайт. Ошол гана билет... Мен андан сурайын» - деп айта албай, Адила экөө тетири карап ойноп отуруп өзүнчө күбүрөнүп жатты.

Шаабайга Тайыр да жардам берүүгө ашыкты. Тайырдын машинасы менен

www.bizdin.kg

шаардын батыш тарабындагы жаңы конуштардын бардык аИыл өкмөттөрүн, маалелерди түрө кыдырышты. Эч кимиси үч аИ мурда Кулукеев дегендердин көчүп келип үИ сатып алганын билишпеИт экен. Баары эле «бири келип, бири кетип, башаламан түшкөн мындаИ учурда жашоочулардын так тизмесин ала албаИ жаткандыктарын, көпчүлүк чеке жактарда маале башчылары деле даИындала электигин аИтышты. Акырында: «ИздеИли, убакыт бергиле, билсек эле силерге кабарлаИбыз» - дешип даректерин алып калып жатышты.

Ушинтип, ШаабаИ менен ТаИыр бир апта жүрүп эч нерсенин даИынын таппаИ, эстери-ооп отурушту. Анан тигилердин телефон чалышын гана күтүп калышты...

www.bizdin.kg

Сулайман Рысбаев

Умай эненин касиети

Бул ирет төрөт үйүнөн алмашылып кеткен Шаабайдын баласын издеп табуу - Умай балага да оңой болгон жок. Баягыда Жакуну жашыруун жертөлөдөн издеп табуу кандай болсо, ошого тете болду. Анткени наристенин аты да белгисиз эле, анан да наристе бала, азырынча, өзүн өзү билелек, эс-акылына кире элек кези да. Умай балага ушунун өзү да кыйын болду. Анткени баланы атынан да эмес, анын ким экенин жандүйнөсү аркылуу туюм менен билүү керек эле. Ошол үчүн Умай бала касиеттүү Умай энеге кайрылды.

Умай эне өзү менен өзү болуп, касиеттүү дубаларын окуп, улуу керемет туюмдун күчү менен, жер бетинин кичинекей бир чекити болгон Жашыл-Нурабад шаарынын 2-төрөт үйүндө аяк оона айынын 11ине караган түнү туулган эркек наристелер азыркы күндө кайда экенин издеди. Улуу кудайдын берген шыпаасы менен, үч күндүк дуба окуусунан кийин гана Умай энеге алардын ар бирине кандай ат коюлганы, азыр алар кайсы жерлерде жашап жаткандыгы билинди.

www.bizdin.kg

Анткени Улуу кудаИ ар бир пендесинин жылдыздарына карап, алардын кимиси каИсы жерде, кандаИ тагдырда өмүр кечирип жатканын сан миң периштелери аркылуу билип турат экен да! Мындан өткөн укмуш болорбу?!

Мына ошентип, Улуу КудаИдын берген керемет шыпаасынын көмөгү менен гана алмашылган наристенин биринин аты - Нурислам, экинчисинин аты - Бакыткелди экени УмаИ энеге маалым болду.

УмаИ бала бул маалыматтарды аИтып, АкылтаИ менен кеңешип турду. Бир апта өткөн соң гана Нурислам деген наристе бала жана анын баккан ата-энесинин үИү табылды. Бул тууралуу да УмаИ бала келип АкылтаИга билдирди эле, АкылтаИ аябаИ сүИүнгөнүнөн эмне дээрин билбеИ калды.

«Ар кимдин өз бөбөгү болушу керек да, ар ким өз бөбөгүн эркелетип оИноткон жакшы да...» - деп оИлоду АкылтаИ. Анын көз алдында татынакаИ кошуна кыз Адила элестеп турду.

Ошентип, УмаИ бала «Ак-Марал» кичираИонунун аИмагын акмалап жүрдү. Акыры, короо-жаИлуу, чоң ак тамды таап, үстүнөн учуп өттү.

www.bizdin.kg

«Ушул үИ, - деди дааналап туюп-баамдаган УмаИ бала. - Ушул үИ. Нурислам тиги жарыгы төгүлгөн үИдө уктап жатат... Апасы уктар алдында эшикке чыгат... Анан...»

Тынч түн коюулана берди. ҮИдөн Нурисламды баккан энеси сыртка чыкпады. УмаИ бала күтө берди...

ҮИдүн жарыгы өчтү.

УмаИ бала сабалап учуп, УмалаИ тоосуна бүгүн аргасыз куру кол каИтты. Анын тапшырманы орундата албаИ көңүлсүз келгенин сезди УмаИ эне.

- Эч нерсе эмес, - деди анын көңүлүн көтөрмөккө, анан мындан ары эмне кылуу керектигин түшүндүрдү. - Адамдар жаңылыштыгын өзүлөрүнөн көрбөИт. «АИтпаса түшүнбөИт, акырын аИтса укпаИт, катуу аИтса көңүлү ооруИт» дегендеИ... Анын азабын башкалар тартат... Сен үч күн бою Нурисламды баккан энесинин түшүнө киресиң. Үч күн бою бирдеи эле сөзүңдү каиталаисың?.. Үчүнчү күнү күндүз барасың, кокус чочуп кетсе, эч нерсе дебестен артыңа каИтасың. Анткени түшүндө көргөнүн өңүндө каИта көргөндө адамдар чочуп кетери бышык. Ага ошол жетиштүү. Анан өзү эле чын-

www.bizdin.kg

дыкты айтып, өз баласын издейт. Андан ары иш да өзүнөн өзү бүтөт...

Үч кцн бою коргон окшош тцш...

Б у л жакшынакай апаппак үйдү Керим менен Саадат үч ай мурда сатып алышкан. Короо-жайы кенен, кудум өзүлөрү каалап салдырып алгандай.

Саадат баласынын жаңы жууган ороолорун жайганы короого чыккан. Күйөөсү Керим жумушка, улуураак балдары мектепке кетишкен маал эле. Кермеден ары коргон, коргондон ары жагында жаңы тургузулган апакай тамдар, коңшулардын үйлөрү. Бирин-экин эл деле көчөдө көрүнбөйт. Үйгө карай баскан Саадат кайдан-жайдан келе калган мотурайган баланы көрө калды. Ал дарбазадан бери кирип келаткан экен. «Дарбаза жабык эле да, бул кантип кирип келди?» - деп таң кала карап турду Саадат. Байкаса, бул бала эмес, анан да жер балдарына окшобогон, жүзүнөн нуру төгүлүп, көзүнүн оту жанган башкача бала экен. Бул бала көктөн түшкөн неме экенин,

www.bizdin.kg

жөн бала эмес, анын Умай эненин өзүнүн баласы экенин жүрөгү туйду Саадаттын. Көзүнөн көзүн албай таңыркаган Саадат бу баланын учуучу килем менен келип түшкөнүн байкабай калгандай.

«Энеке, арыбаңыз, - деди адеп сактап Умай бала. Баягы эле туюк сезимден чыга албай турган Саадат баш ийкеп «арыба» дегендей белги бергени менен, тилден калгансып, унчуга албады. - Мени сизге Умай энем жиберди...

«Ооба, айтпадым беле, бул бала тегин бала эмес, Умай эненин баласы дебедим беле. Бирок мага эмне келди... Менде эмне жумушу бар...» - деп ойлой берди Саадат. - Кудай ай!.. Мен эмне күнөө кылдым?»

«Сиздин балаңыз Нурислам төрөт үйүнөн башка балага алмашып кеткенин билбейсизби?»

«Эмне?.. Алмашып?.. Кимге... Каякка?.. - деп ойлогону менен, тиги баланы «оозуңа таш» деп жибере жаздап, оозун колу менен басты.

«Сиз, албетте, билбейсиз. А тиякта бечара энеси ыйлап, өз баласын таппай жүрөт. Ошондон улам, үйү бүлүнүп, күйөөсү менен ажырашканы жатат... А сиз,

www.bizdin.kg

өз балаңыз каИда экени менен ишиңиз жок. Аны сезбеИсиз дагы».

Ошондон киИин гана эсине келип, Саадат минтти:

«А... а... аны сага ким аИтып жүрөт, балам? Ким билет экен алмашканын...»

«Бул сөздү силердин балдарыңар жаңы төрөлгөндө баИкабаИ алмаштырып алган кезметчи кыз моИнуна алып, эми баарылап сизди издеп таппаИ жүрүшөт. Сиз тезинен төрөт үИүнө барыңыз. Күтүп жатышат...»

«Эмне?!» - деп башын мыкчып жерге отура калган Саадат көзүн ачса, төшөгүндө жатыптыр. Түшү экен...

- Өх! - деп оор улутунуп оИгонгонун күИөөсү Керим сезди да, эмне болгонун сурады. Таң атып келатыптыр. Саадат алиги көргөн түшүнө таң калганы кетпеИ турду. Дүкүлдөп согуп жаткан жүрөгүн колу менен басып, оң жамбашына оодарылды.

Күиөөсүнө аитаиын деп аита албады. «Түшкө эмнелер кирбеИт... Жаман түшүңдү агып жаткан сууга аИт, жүрүп жаткан желге аИт деген эмеспи», - деп оИлоду да, уктап жаткан Нурисламды бешигинен чечип коИнуна алды...

www.bizdin.kg

Ушул эле түшү Саадатка үч күн бою кирди. Эркелетип жытын искеген, күлкүсү чыгып үйүн шаңга бөлөп келаткан наристе уулу Нурислам жөнүндө үч күн бою көргөн мындай кооптуу түшү эсин эки кылып койду. Саадат эмне кыларын билбей, акыры күйөөсү Керимге айтууга аргасыз болду.

- ...Ушинтип эле кыйнап бүттү... - деди оор үшкүрүнүп, - түшкө ишенип иш кылган адамды көрө элекмин, тообо!

Керим эмне дээрин билбей, унчукпай тамак ичти да, ишине кетти.

- Көрүнгөндү ойлонбой, доктурга барчы, ооруп калбагын, - деди кайрылып...

Канткен менен, баары Умай эне айткандай болду. Төртүнчү күн дегенде, улуу шашкеде доктурга жөнөгөн Саадаттын алдынан чыкты Умай бала. Ошол күнү Нурислам да сыркоолоп калгандай болгон. Түнү бою чыргоолонуп уктабай чыккан. Аны жылуу ороп алып, Саадат өзү да доктурга көрүнүүнү ойлогон. Короого чыкса, баягы үч күн бою түшүнө кирген Умай бала алдында тосуп туруптур.

Ансыз да жүрөгү опкоолжуп, бир белгисиз туюмдан коркуп денеси титиреген Саадат катуу кыйкырып жиберген. Көрсө, адамды белгисиздик гана корку-

www.bizdin.kg

тат тура. Эгер бирөө баланды мага бер деп колунан талашса, эч нерседен коркпостон өлүмгө да тике караИт эле да. Бир катуу кыИкырып алган Саадат эси ооп жыгылды.

Көзүн ачып «Тез жардам» машинасында өзү менен бирге келаткан Керимди көрүп, Саадат эрдин акырын күбүрөттү:

«Сен коркпо... Мага УмаИ эненин баласы өзү келди... Чын экен, эми ишендим...»

«Бактылуу тагдырлар» тууралуу телебаян

Арадан бир аИдан ашык убакыт өттү. Кыш өтүп, жаз белгиси келип калган. Жакында жаз келет, Нооруз маИрамы болот, - деп калган убак.

Кечке жуук бүтүндөИ кыргызстандыктар дүИшөмбү күндөгү «Тагдыр баяны» телепрограммасын көрүүгө отурушту.

Анда программаны алып барып жаткан ак буурул чачтуу орто жашап калган адам мындаИ деп сүИлөп жатты:

- Урматтуу телекөрүүчүлөр! Биз бүгүн, адаттагыдаИ эмес бир окуя тууралуу сүИүнүч менен кабарлагыбыз келет. Биз-

www.bizdin.kg

дин программада, демейде, татаал тагдырга туш болгон адамдардын жашоосунан алып көрсөтчү болсок, бүгүн, тетирисинче, бактылуу эки эненин бактылуу тагдыры тууралуу көрсөтүүбүздү баштайбыз...

Ушул телеберүү көрсөтүүлөрү тууралуу алдын ала билишкен Тайыр менен Шаабайдын үй-бүлөсү Шаабайдын үйүнө чогулушкан. Үстөл майрамдагыдай жасалгаланган. Ананчы, бүгүн бул үй-бүлөдө майрам эмей эмне?! Өз наристеси төрөт үйүнөн алмашылып кетип, жети айдан соң табылып, минтип кубанычтары койнуна батпай турушпайбы? Баарынан да, баштарынан өткөн канча күнкү ый, канча күнкү беймаза окуялар, урушталаштар артта калып, акыры өз баласы табылып отурган окуяны көрсөткөн теле-баянды бүтүндөй кыргызстандыктар көрүп отурбайбы!

Телебаян окуянын башынан баштап ирети менен тартылыптыр.

Телебаянды ата-энелери менен бирге, Акылтай да көрүп отурду. Ал ичине сыр катып унчукпай отурганына аябай ызалуу эле.

Адегенде, төрөлгөн эки эркек наристе... Энелердин бирдей кубанычы...

www.bizdin.kg

Анан кезметчи кыз балдардын номерлери жазылган эки окшош карточканы жазып даярдаганы...

КыИналып төрөлгөн дагы бир наристе... Ага шашылыш жардам...

Кыз, баИкабастык менен, баягы эки карточканы колунан түшүрүп жиберди...

Аны шашыла алып, керебетке илди...

Эки наристенин үИлөрүнө чыгарылышы...

Адегендеги кубанычтуу күндөрдөн соң ГүлаИдын, анын күИөөсү ШаабаИдын жаңжалдары...

Бакыткелдинин күтүүсүздөн ооруп калышы, ооруканадагы ДНКнын анализи, үрөи учурган жыиынтык!

Өз наристесин издеген ГүлаИдын убаИымдуу күндөрү...

Төрөт үИүнөн чалынган кубанычтуу коңгуроо...

КичинекеИ Нурисламды көтөргөн аялдын келиши...

КаИрадан ДНК анализи...

Кубанычтуу жыИынтык!

Кубанычтан чыккан көз жаштар...

- О-о, кыргызстандык калаИык-калк! Урматтуу Жашыл-нурабаддыктар! МындаИ окуяны ким көрүптүр, - деп улантты сөзүн буурул чач алып баруучу. -

www.bizdin.kg

Улуу кудай өзү акыйкат экен. Пенденин жаңылыштыгын баары бир Улуу кудайым өзү көрүп турат экен. Ар бир төрөлгөн наристени Умай эне өзү байкап турат экен! Мына анын күбөсү, Умай энебиз өзү таап, аны Умай энебиздин баласы Умай бала наристелерди өз энелеринин колуна тапшырып отурат...

Ишенбесеңиздер, сөзүмдү Нурисламдын баккан энеси Саадат эжебизге берейин.

- Умай энебиздин бар экенине ишендим, - деди сулуучумак келген сары жүздүү татынакай келин Саадат. - Умай энебиз жиберген анын баласы Умай бала менин түшүмө үч ирет кирди. Төртүнчү күнү аны өз короомдо өз көзүм менен көрдүм. Көргөнүмдө эсим ооп жыгылып калыпмын. Мындайды бирөөдөн уксам, түк да ишенбейт элем... Эртеси өзүм келип, төрөт үйүнүн башчысына болгон окуяны айттым...

Акылтай ушул сөздү угуп отуруп, Нурисламды бир карап алды да, ордунан тура жөнөдү.

- Сен кайда? - деп сурады атасы Тайыр. Анткени анын оюнда өткөн жылдагы Умай бала туурасындагы окуя келе

www.bizdin.kg

калды. Анда да ушул сыяктуу жомоктогудаИ окуя болбоду беле...

- ҮИгө... - АкылтаИ тартынчактаИ сүИлөдү.

- Отур, тамак ич... Анан чогуу кетебиз...

- Азыр эле, каИра келем...

Апасынан ачкычты алды да, үИүнө жөнөдү. Тигилер эч нерседен беИкапар маИрамдап кала беришти. «УмаИ эне», «УмаИ бала» деген жомок сыяктуу сөздөрдү угуп жатышса да, ага анча деле ишене беришпеген сыяктуу...

Анын үстүнө, күн саИын эле «көзү ачык» дегендер көбөИүп, элдин аларга ишеничи мурдагыдаИ эмес. Бул ирет да ошондоИ кабылдашып, тиги Саадаттын «УмаИ баланы көрдүм» дегени анча ишенкиретпеИ: «Бу да көзү ачык бирөө го, болбосо татынакаИ эле неме экен, жомоктогудаИ нерсенин эмнесин аИтып жатат» дегендеИ оИго салып жатты...

www.bizdin.kg

«Адамдар бизге ишенишпейт, бирок бизден дайыма жакшылык тилешет»

Акылтай үйгө кирери менен балконго чыкты. Алыскы мейкиндикке көзүн узатып, Умай досун чакыра баштады.

- Умай досум, тез кел...

Умай досум, тез кел...

Умай досум, тез мага кел.

Бир аздан соң Умай досу килемине минип алып учуп келди да, балкондун кырына конду. Экөө кучакташа учуришты. Акылтай сүйүнгөнүнөн толкунданып турган. Көзүнө сүйүнүчтүн жашы толуп, сүйлөй албай турду. Аны көргөн Умай досу чочуп кетти го:

- Ой, сага эмне болду? Дагы эмне болуп кетти? - деди карбаластап.

- Эч нерсе... Мен... сүйүнгөнүмдөн...

Чөнтөгүнөн жүз аарчы алып чыгып, жүзүн сүртту. Анан тамагын жасап жөтөлдү да, буларды айтты:

- Бүгүн эки үйдө чоң майрам. Баягы окуялардын баарын «Тагдыр баяны» деген телепрограммага тартышкан. «Бактылуу эки эненин бактылуу тагдыры»-деп көрсөтүп жаңы эле бүттү. Ошондо

www.bizdin.kg

УмаИ эне, УмаИ досум сен жөнүндө Нурисламдын энеси аИтты...

- Ыракмат, сага, УмаИ досум! - деп сөзүн улантты АкылтаИ, - ГүлаИ эже менен ШаабаИ баИкенин сүИүнгөнүн аИтпа! Баарынан да, Адила досума өзүнүн бөбөгү табылып жакшы болду... Сага ыракмат!..

- Эч нерсе эмес, АкылтаИ досум! УмаИ энемдин камкордугу жана колумдан келишинче сенин жардамың менен кызмат кылдым... Болгону ушул. Ушинтип даИыма бирге бололу! Кимге жардам керек болсо, биргелешип жардам берели! Бирөөлөргө жардам берип кубантуудан өткөн бакыт барбы?!

Уулунун «шып» эте чыгып кеткенинен, «каИда кетти?» дегенчелик кылып, баары бир туюк оИдон шекшинип, тынчы кетип артынан келген ТаИыр жанагы теледен аИтып жаткандан да кызык окуяга кабылды. Ал чала жабылган эшикти акырын ачып, билгизбеИ үИгө баш баккан. Балкон жактан эки баланын сүИлөшүп жаткан үнү угулду. Бири- АкылтаИдын үнү, экинчиси - беИтааныш баланын үнү эле.

«Ооба, баары бир сен жөнүндө, азырынча эч ким ачык билбеИт» - деген үн АкылтаИдыкы эле.

www.bizdin.kg

«Мейли. Азырынча, дагы деле эч ким ачык билбей коё турсун!» - деди бейтааныш бала.

Тайырга бул сөздөр чын эле табышмактуу болуп жатты. Акылтай өзү эле кетип, эми үйгө келген белгисиз ким менен сүйлөшүп жатат? Же чынында эле баягы «Умай досум» дегени кайрадан пайда болуп калганбы? Жанагы теледен айтып жаткан «Умай бала» дегени ошол эмеспи? Бирок Акылтай аны менен бул жерден кайдан байланыша калсын?..»

Ушундай табышмак ой анын колу-бутун тушап, денесин калтырак басып, кандайдыр бир күч алдыга жылдырбай турду.

Бирок эки кулагы тигилердин сөзүндө:

«Сен болбосоң, баары бир Нурислам табылмак эмес. Сен болбосоң, Гүлай эже өзүнүн адашкан баласын тапмак эмес. Сага чоң ыракмат. Бирок аларды коргоп жүргөн «Умай бала» деген досу бар экенин эне-аталары билбей калсынбы?»

«Мейли, айттым го, азырынча билбей эле турушсун».

«Качанга чейин ошентет? Баягыда да, Жаку табылганда ата-энелери бакчанын башчысына барып «ыракмат айтып,

www.bizdin.kg

үИүнө конокко чакырып, аяба-аИ көп «подарка» беришкен...»

«АкылтаИ, азырынча шашпагын дедим го. Бир күнү экөөбүз ачыкка чыгабыз. Ошондо экөөбүз жөнүндө элдин баары билишет! Көпчүлүк адамдар Улуу кудаИдын да, Теңир атанын да, УмаИ эненин да бар экенине ишенишпеИт. Ошентишет да, алардан ар даИым жакшылык тилешет. Көрдүңбү, Саадат апа мени көргөндө эси ооп жыгылбадыбы. Адамдар азыр баары ошентишет. Ал үчүн аларды керемет нерсени жолуктурууга даярдаш керек. Ошондон киИин гана ага ишенишет. Түшүнүштүкпү?»

«Макул, УмаИ досум. Баары бир, баары үчүн мен сага гана ыракмат аИтам!..

«Болуптур, УмаИ досум. Биздин сөзүбүздү бир адам аңдып жатат окшоИт. Мен кетеИин».

«Ким аңдып жатат?»

«БилбеИм...»

«Кош анда, УмаИ досум!»

Ошол маалда, уулунун соңку «УмаИ досум» деген сөзүн укканда, «Бул эмне деген шумдук эле?...» - деген ТаИыр чала жабылган залдын каалгасын ачып кирип келди.

www.bizdin.kg

Кантсе да, Тайыр кечигип калган. Бул учурда Акылтай досун узатып, кол булгалап турган болчу. А досу ким экенин, кандай неме экенин атасы билбей калды.

«Умай досу» деги адам сыяктуу немеби? Же жомоктогудай сыйкырдуу жандык болду бекен?» - деген боюнча кала берди Тайыр.

Умай бала учуучу килемине түшүп алып, бат эле көрүнгүстөй аралыкка төнүп баратты...

Акылтай болсо, бала болуп туруп, бала үчүн кам көргөн жүрөгү эргип, дагы деле көзүндө кылгырып ысык жаш турган.

www.bizdin.kg

«Супер окуучу»

Кереметке ишенбеген адам аны көрбөйт...

Жашыл-Нурабаддын гүлдүү көчөлөрү-нүн биринде апакай «Мерседес» машинасы келатты. Ал Акылтай бошор сабагынын убагын туштап, мектебине келаткан Тайырдын машинасы болчу. Тайырды көптөн бери ой басып жүргөнү жүргөн. Өткөндөгү окуя, андан мурдагылар, ошолордогу «Умай бала» деген акылга сыйбаган «бирдеме», аны менен Акылайдын «дос экендиги» жөнүндөгү билген-уккандары Тайырды күндө түшүнүксүз ойлорго чөмүлтөт. Албетте, мурдагы советтик мектепте билим-тарбия алып, андан кийин жогорку окуу жайдан философия менен атеизмден далай лекцияларды угуп жогорку билимдүү адистикти алган Тайырга, эми кандайдыр бир табышмак-

www.bizdin.kg

туу окуялар, «тышкы дүИнөнүн адам турмушуна киИлигишүүлөрү» тууралуу элестөөлөр акылына такыр эле сыИбады.

Макул, бала кезинен УмаИ эне жөнүндө чоң ата, чоң энелеринен укканы менен, андаИ «диниИ» түшүнүктөр ТаИырдын реалдуу турмуш жөнүндөгү сезим-туюмуна жакындабаИ коИду. Ошондо да, мындаИ сөздөрдү аИтып адамды ишендиргиси келгендер, кандаИдыр бир «оорулуу», акылынын бир жери «кем» же «ашык» катары туюлуп, укканда итатаИы тутула берчү. Эми карабаИсыңбы, ошол өзүнө жат эми өз турмушуна түздөн-түз аралашып, анысы түгүл, өз баласы ошол дүИнө менен биргелеше жашап калганына түк да ишенгиси келбеИт.

Ошондон улам, АкылтаИдын «УмаИ бала» деген неме менен болгон баИланышын билсе да билгиси келбеИ, туИса да туигусу келбеи, сырттан баикоочу гана болуп, эми мындан ары эмне болор экен дегендеи, кандаидыр бир өңүттү күтүп жүргөндөИ сезе берет. Анткен саИын, кандаидыр бир акылы жетпеген окуя каисы бир күнү өзү менен да боло тургансып, өзү да бир күнү ошого кабыла тургансып, кимдир бирөө «ошого өзүң да даяр бол»

www.bizdin.kg

дегендей, Тайыр өзүн өзү ошого даярдантып жаткансыйт...

Ансайын, өткөн жылы чоң атасынын: «Бул баланда бир касиет бардай, колдогону бардай бала окшоит, жаман айтпай, тилинди тийгизбей, жакшы кара» - деп айткан сөзүн эстейт. «Жай келип, ишимден өргүү алсам, дагы да барып, атам менен апама эм салдырып, түлөө өткөзүп коёюн» деген ою менен жүрөт.

Балада чын эле бир керемет бардыр, аны азырынча билгиси да жок Тайырдын. Керемет окуялар адамдын өз башына келип, өз көзү менен көрмөй сайын ишенбей коймою бар эмеспи. Тайыр да андайларды укканы жана жайнаган гезиттерден окуганы менен, алардын бирине да ишенбей келет. Балким, ишенбеген адамга ошондой кереметтин өзүн да Кудай Таала көрсөтпөйт, адам ошол үчүн андай кереметти көрбөйт.

Ушундай ойдо жүргөн Тайыр уулу Акылтайдын «Умай досу» менен байланышын да жактыра бербейт. Андай «жалган иллюзияга» эмитен ишенип чоңойгон сайын: «Ого бетер фанат болуп кетеби»- деп чочуйт. Сабактарын жакшылап окуса экен андан көрө, - дейт оюнда, - бул

www.bizdin.kg

деген реалдуу эле жашоо да: таң атат, кеч кирет, аны бирөө жасабаИт; нан таап бербеИт эч ким эч кимге; өз кара жаныңды өзүң бакпасаң, көктөн түшө калбаИт эч нерсе» - деп реалдуу дүИнө жөнүндө баласына күндө «лекция окугусу» келет. Бирок уулу азырынча атасынын андаИ этикалык-философиялык темадагы лекцияларын угууга эртедир, ага жеткире аларлык тилди атасы табар бекен? Баланын тилин, дилин табуу - бардык эле чоң адамдардын колунан келе бербеИт го...

Достук тартуу

Үчүнчү танаписке чыккан балдардын баары эле мектеп короосуна ыИлап кирип келаткан баланы көрүшкөн. Ал АкылтаИдын классында окуган КадырбаИ уулу Нургазы деген бала болчу. АкылтаИ болуп топураша оИноп жүрүшкөн балдар аны көрүштү да: «Тигине, Нургазы кечигип эми араң келатат» - дешип шылдыңдаИ карап калышты. Бирок анын ыИлап келатканына каИдыгер болушканы АкылтаИга жакпады.

- ЭИ, жүргүлөчү... - деди ал класташ досторуна. - Нургазыны бирөө уруп коИгон го...

www.bizdin.kg

Акылтайдын сөзүнөн кийин балдар Нургазыга келип, курчап калышты.

- Сени ким урду? - деди биринчилерден болуп Акылтай. Нургазы «шык» деп, башын чайкады.

- Эмне кечигип келдиң? - деди анча жактырбаган Асылбек. Нургазы көзүнүн жашын жеңи менен сүртүп, ийни менен солуктап алды да: «Сумкамды жоготуп...» - деди тетири карап.

Ал ызасына чыдабай же ыйлап жибере албай, араң турган болчу. Анын «сумкамды жоготуп» дегенинен тигилер эч нерсе дей албай калышты.

- Автобуска түшөйүн десем эл көп экен. Сабакка кечигем деп, түртүшүп батпай жатып зорго киргем. Шопур эшигин жапканда, колумду кыпчып калды. Колумдагы сумкам автобуска батпай сыртта калган... - деди ал дагы да ыйлактап,- колум ооруганда кыйкырсам, шопур укпай айдап кете берди... Анан сумкам каерде түшүп калганын билбейм...

Нургазы класска келгенде да ыйлап жатып эжейге ушуларды айтып берди. «Байкуш баланын сумкасы менен эмне жумушу бар экен, эл түшсө болду, акча болсо болду», - деп ойлогон азыр-

www.bizdin.kg

кы аИдоочулардын кылганы да» - деди КаИыргүл эжеИи Нургазыны сооротуп. Анан баланы аяп эркелетти да, сумкасынан бир конфет алып берди.

- КоИ, эми ыИлаба, сумкаң табылат...

- Үч аялдамага чеИин издеп бардым... ТаппаИ коИдум... - деди анда Нургазы. «ТабылбаИт го» дегендеИ.

- Эч нерсе эмес, бирөө жарым таап алса билинер же мектепке жеткирип берер... ЫИлаба, болду... Чоң эле жигит...

- Китептерим... дептерлерим... күндөлүгүм... баары жоголду... - деди дагы деле солуктап Нургазы.

Аны аяп, АкылтаИ жеңинен тартты.

- Мен сага китептеримди берем...

Анан экөө шыбыраша калды да, АкылтаИ бир таза дептерди, өзүнүн ручкасын анын партасынын алдына коИду.

ЭжеИинин, ал тургаИ, АкылтаИдын да, бул баланы аяп турган себеби бар болучу. Анын атасы жок эле. Апасы базарда маИда соода кылып иштеп, төрт баласын бага турган. КаИра-каИра сумка, китеп, дептер, дагы керектүү окуу куралдарын сатып берүү - жээр нанын эптеп тапкан энеге кыИын да.

www.bizdin.kg

Окуу жылынын башында апасы: «Силердин мектепке алгыла, жакшы окутат экенсиңер. Эптеп чоңойсо адам болор» - деп келгенде директорго кирип жатып, зорго алдырган. Төлөмөй акчасынан да куткарып берген... Эми карабайсыңбы...

Сезимтал Акылтай анын бардык шартын байкап жүрө турган. Башка балдардай болуп жакшы костюм кийбеген, эски батиңке, эски шым менен жүргөн бул баланы ал чындап эле аяй берчү. Кышында жука пальтосу менен үшүп келип көп ооруп, жөтөлө берчү.

Акылтай ошол үчүн жардам бергиси келди. Кантип жардам берүүнү сабактын аягына чейин ойлоно берди.

«Үйдөгү эски сумкамды... Пеналымды... үйдөгү ашык дептерлеримди берейин...» - деп ойлонду ал. Бирок эскисин ар кимге берсе болот. Акылтай эскисин эмес, жаңы сумкасын эле бергиси келди.

Сабак бүтүп, эжейи жана балдардын баары эшикке чыгып баратканда, Акылтай Нургазыны токтотуп калды.

- Нургазы, сен экөөбүз дос бололу, кандай дейсиң? - деди ал, Нургазынын колун кыса кармап.

www.bizdin.kg

Нургазы АкылтаИга, адегенде, түшүнбөИ турду.

Анан экөө кучакташып, бирин бири балалык сезим менен сүИүп карап турушту.

- Сага эмне керек болсо, мага аИт...

Нургазы АкылтаИдын достук тартуу катары берген сумкасын коомаИланып туруп, зорго алды.

- Ал, ал... Менин сага достук белегим... ҮИдө менин сумкам, пеналым бар...

- Ыракмат... - деди толкунданып, жанагы ызасы дагы эле кетпеИ, көзүнөн жаш кылгырып турган Нургазы.

Анан АкылтаИ акырын күбүрөдү:

- Бул жөнүндө эч кимге аИтпа, макулбу...

АкылтаИ китеп, дептерин пакетке салып алып, экөө класстан чыгышты.

www.bizdin.kg

Тайыр «арызга» келди...

Б и р күнү Тайыр Акылтайдын мугалими Кайыргүлгө атайын келди:

- Мен сизге арызга келдим, - деди ал, бир чети тамашалай, бир чети ызалуу түрдө!

- Айтыңыз, угуп жатам.

- Менин сизге «эң мыкты» деп мактаган окуучуңуз жөнүндө өтө маанилүү арызым бар...

Чынында, Тайыр Акылтайдын мугалимине көп эле сырын айтайын деп, атайын келди бул ирет. Бирок эмнеден баштарын билбей, адегенде, оозунан сөзү түшүп турду. Ошентсе да, уулунун кийинки күндөрдө, бирде китебин, бирде китеп кабын, дагы бирде пеналын жоготчу болгон «шалаакылыгынан» улам өзү эле сөз чыгып кетти.

- Анын ушундайын байкап жүрөсүзбү? - деди суроолуу карап.

Кайыргүл эжей Тайырдын бул сөзүнө эмне дээрин билбей турду. Акылтайдын «шалаакылыгы» жөнүндөгү атасынын сөзү ойлонтуп койду.

- Тура туруңузчу... Ал сумкалары менен китептерин «жоготуп жибердим»

www.bizdin.kg

деп аИттыбы? Ал жоготмок эмес... Чын эле жоготтум дедиби?

- Ооба...

- Жок... АндаИ болушу мүмкүн эмес... Мен ошону баИкабаИ калганымды карасаңыз... - деди ал каИсалактаИ. Мен аны тастыктаИынчы...

Чын эле, Нургазы сумкасын «жоготкон» окуя болгон күнү, АкылтаИ экөө бир нерсе деп шыбырашып, анан экөө класста кала беришкенин эстеди. Ошонун эртесинен баштап, кудум АкылтаИдыкындаИ асынма сумканы Нургазы көтөрүп калган. Көрсө, АкылтаИ өзүнүкүн ага берип коИгон турбаИбы...

- Жок, кечиресиз, - деди КаИыргүл бир аз оИлоно калып, - сиз экөөбүз уулуңузду жакшылап баИкабаппыз... Сиздин уулуңуз өтө боорукер... өтө мээрман... достору көп... Өзүндө эмне болсо, досторунан түк аябаИт... Сабактан баарына жардам бергенге үлгүрөт... Өгүнү бир бала сумкасын жоготуп, ыИлап келген... АкылтаИ, көрсө ошол балага берип коИгон өңдөнөт. Ал, бечара, атасы жок жетим бала...

Бул сөздү аИтып күнөөлүүдөИ жер карап, кыИлага унчукпаИ калды...

www.bizdin.kg

Тайыр иштин жайын билип күрсүндү да, жанагы оорлошуп турган кейпинен оңолуп, жазыла унчукту.

- Эгер андай эле болсо, жарасы жеңил экен... Анда жөн коюңуз. Ачык айтып койбогонуна гана нааразы болуп турам...

«Бул - бир» дегенчелик кылып, эми экинчи сөзүн баштады Тайыр:

- Ал көп нерсени эмитеден жашырып иш кылат. «Досу көп» - деп жатпайсызбы. Анын «Умай бала» деген да досу бар имиш. «Умай бала» эмне деген неме экенин мен, чынында, билбейм. Биз материалист эмеспизби! Сыркы дүйнөнүн өкүлү Умай эне, анын «Умай бала» деген баласы бар имиш. Акылтай ошол Умай бала менен жашыруун байланышып жүрөт. Ал деген идеалдуу дүйнөнүн өкүлү сыяктуу... Балам ошондой сырткы дүйнө менен байланышып, ооруп калгансыйт... Менин башым жетпей баратат... Силерде жакшы психолог барбы?

- Бар...

- Болсо, ошону менен кеңешип, консультация алып көрбөйсүзбү?..

- Макул...

www.bizdin.kg

«Макул» - деп алып, оИлонуп калды КаИыргүл. «СүИлөшөИүн, анан сиз менен чогуу кеңешели» - деди ал сөзүн бүтүрүп.

Ушуну менен «арызым бүттү» дегендеИ, ТаИыр унчукпаИ калды. Анан акырын колун булгап кош аИтышты да, кабинеттен чыгып кетти.

«Досу коп бала»

КаИыргүл АкылтаИдын атасынын аИтканын, баары бир, аИтканындаИ аткара албасын оИлоду. Атасынан жашырган нерселерин АкылтаИ баары бир, мугалимине аИта коИбос. Балким, аны аит деп кыинап аиттыра да албастыр. Адам дегениңдин, балабы, чоңбу, эч кимге аИтпас ички сыры болору чын да. АкылтаИ бала болсо да, чоң кишидеи оилонгон, «тиши кетик болсо да, акылы эмитен тетик» неме. Ошон үчүн, анын: «Өз атасынан да жашырган жан сырын зордоп аИттырууга болбоИт» - деп чечти. Акыры: «Мен кичине жол баштап көрөиүн, эгер сыр бөлүшүп аиткысы келсе, өзү эле аИтар» - деген бүтүмгө келди. Анткени адамдын жан сырын зордоп аИттырууга болбоИт эмеспи.

www.bizdin.kg

Анын жолун акыры минтип тапты Кайыргүл. Бир күнү сабагын баштады.

- Балдар, бүгүн дилбаян жазабыз. Дилбаяндын темасын мен азыр доскага жазам. Тынчтанып, дептер, калем саптарыңарды даярдап тургула.

Эжей доскага жазганын балдарга окуусун сунуштады.

- Мен эмне деп жаздым, балдар? Кана, окугулачы.

- «Досу көп бала» - деп окуду биринчи иретте Акылтай.

- Абдан туура. Эмесе, балдар, бүгүн биз «Досу көп бала» деген темада дилбаян жазабыз. Жаза аласыңарбы? Ким канча жаза алса, ошончо жазсын.

- Менин досум экөө, - деди Актан деген бала.

- Эжей, менин досум бешөө! - деп чепилдеп жиберди Канышай деген кыз.

- Ооба, сага кыздардын дагы досу болобу? - деди Актан кыйынсына сүйлөп. Канышай өз сөзүнө турду:

- Болот да! Эмне, балдардын эле досу болмок беле... Ээ, апей?!

Анын сөзүн бекемдей сүйлөдү Кайыргүл эжей:

www.bizdin.kg

- Сөзсүз болот. Балдардын да, кыздардын да досу болот. Жакшы балдар гана дос күтөт, жаман адамдардын досу жок болот. Болсо да, жаман бала болот, жакшы балдардын досу жакшы болот. Бири-бирине жардам берет, бири-биринен кеңеш сурайт, сырдашат, дайым бирге ойнойт. Биринде болуп, биринде жок болсо аянбай беришет. Билбегендерин сурап билишет. Ошон үчүн азыр дос болушат. Кимдин досу көп болсо - ошол эң бай, эң жакшы адам болот. Түшүндүңөрбү?

- Түшүндүк! - дешти баары жалпы.

- Андай болсо, жазгыла, э?

Акылтай ойлуу тунжурап отурду. Анын оюна көп достору келди. Кошуна достору, классташ достору, бакчада жүргөндөгү достору... Баягыда, кара «Ауди» менен уурдап кетип, Умай досу менен таап берген Жаку деген досу... Анан да баарынан жакын, сырдаш досу - Умай бала!.. Ушунун баарын ал жазып бере алар бекен... Сүйлөп бер десе, баарын - кимиси кандай экенин айтып берет эле да. Ошонун баарын дилбаян кылып жазып бере алар бекен? Эжейи да дайыма жаздырбайт. «Кыргыз тили» китебинде кээде гана ушундай тапшырма бар.

www.bizdin.kg

АкылтаИ УмаИ досун эстеди. «УмаИ досум, жардам бер, - деп жатты ал оюнда, - досторум жөнүндө жана дагы сен жөнүндө дилбаян жазам. АИрыкча, сен жөнүндө жазам. ЭжеИим тапшырманы ушундаИ берди. Сен жөнүндө эжеИим окуп билсин. Ал жакшы эжеИ. Сен жөнүндө окуп, ал таң калсын. Сенин балдарга берген жардамдарыңды билсин. Антпесе, сага эч ким ишенбеИ жатпаИбы. Атам такыр ишенбеИ коИду.

Ошон үчүн сен мага жардам бер. Эмне деп баштаарымды билбеИ жатам. БаштаИм го, бирок кантип кооздоп жазар экемин...»

Оюнда УмаИ досу менен ушинтип сүИлөшүп жатты. Кыялда УмаИ досу кыялданып көп кеңештерди берди: «Сенин досторуң көп го. Алардын баарын жазып түгөтө албаИсың. Кимдер досторуң экенин, алар менен эмне кыларыңды, кошуна досторуң менен короодо бирге оИноп, компьютер оюнга да чогуу барарыңды, мектепте жардам беришип сабак окуганыңды, аларды жакшы көрөрүңдү, сыиларыңды, көрбөи калганда сагынарыңды, алардын баарысы жакшы балдар экенин жаз...»

www.bizdin.kg

УмаИ досу туюмунда ушинтип кеңеш берди.

Ушинтип оИлонуп олтуруп, анан жазууга киришти. Дилбаянын: «Менин досторум көп» - деп баштады АкылтаИ,- алардын баары жакшы балдар. Умар, Замир, Элдос жана Адила - менин кошуна досторум. Кутман, АИгүл, Актан деген класташ досторум. Мен алардын баарын жакшы көрөм, жардам берем. Алар менен оИноИм. Сабактарыбызды чогуу даярдаИбыз. Сабактан киИин компьютерге, автомат оюнга чогуу барабыз. Дем алыш күндөрү көрбөИ калганда сагынам. Бири-бирибизди даИым сыИлашабыз, урушпаИбыз, таарынтпаИбыз, абдан жакшы көрөбүз.

Менин УмаИ бала деген досум бар. Ал - УмаИ эненин баласы. УмаИ бала мен карда тоңуп калганда таап алып, өлүмдөн сактап калган. Аны атам менен апама аитып берсем, алар ишенбеи коигон. Врач дагы ишенбеИ коИгон...

Мен бакчада экенимде УмаИ бала Жаку деген досум жоголуп кеткенде да таап берген. «Төрөт үИүнөн» алмашып кеткен Нурислам менен Бакыткелди деген эки баланы да УмаИ досум таап бер-

www.bizdin.kg

ген. Умай досум - менин эле эмес, жер жүзүндөгү бардык балдардын досу».

Бабактын соңунда эжейи окуучу балдардын баарынын жазган дилбаяндарын чогултуп алып, ар бириникин класста жарыя окуп берди. Айрым балдар бирден, экиден эле сүйлөм жазыптыр. Айрымдарыныкы төрттөн-бештен сүйлөм экен. Досторунун аттарын санагандары да бар экен.

Баарыныкынан көп жазганы, албетте, Акылтайдыкы болду. Анын он беш досу бар экен.

- Рекорд - деп мактады эжейи. - Ошол үчүн мен азыр Акылтайга «Досу көп бала деген наам берели» деген сунушумду ортого коём. Силер мени колдойсуңарбы, балдар! «Макулбуз, колдойбуз» дегениңер колуңарды көтөргүлө.

Балдардын баары: «Макулбуз» - деп хор менен айтышты да, колдорун көтөрүштү.

Эртеси мектептин «Темир канат» деген дубал гезитине: «Тайыр уулу Акылтай» «Досу көп бала» - деп макталып жазылган макала сүрөтү менен чыгыптыр.

Баарынан кызыгы, дубал гезитке Акылтайдын: «Менин досторум» - деп

www.bizdin.kg

жазган дилбаяны кошо жарыяланыптыр. Дилбаянда жазган анын «УмаИ бала - менин досум» дегенин мектептин бардык балдары окушту. Окушту да, анын мындаИ досу жөнүндө балдардын баары билишти. Баары анын керемет досу «УмаИ баланын дүИнөдөгү бардык балдардын досу» экени жөнүндө да билип калышты.

Жазуучу агайдын мектепке келиши

Ошол окуядан аз күн өткөн. Бир күнү КаИыргүл эже сабакка беИтааныш бир адамды ээрчитип келди. Класска кирди да, балдардын маңдаИында туруп саламдашкан соң:

- Окуучулар, бүгүн биздин класска меИман келди. ТааныИсыңарбы бул агаИыңарды?

Окуучулар унчугушпаИ, беИтааныш сыпаа адамды көңүл коюп карап калышты. ТаанышпаИт экен. Бирок жүзү жылуу, маңдаИы жарык, көздөрүнөн нур төгүлгөн, маңдаИ чачынын алакандаИ жеринде бир аз ак чачы бар сулуу агаИды тааныбаса да, негедир таанышындаИ жакын сезилди. Ал агаИ да балдарды жыл-

www.bizdin.kg

мая карап: «Саламатсыңарбы?» - деп жумшак учурашты да, өзү да балдардын эчактан берки таанышынан бетер сүйлөшүп кирди.

- Мени чын эле тааныбайсыңарбы?- деди ал, - койгулачы... Биз силер менен күн сайын класста да, үйдө да бирге жүрөбүз го сүйлөшүп, сырдашып...

Ошондо Кайыргүл эже сөзгө аралашып:

- «Алиппе» китебин жазган агайыңардын аты-жөнүн унуттуңарбы? - деп жиберди. Анын сөзүн улай Акылтай колун көтөрүп тура калды:

- Билдим... Сиз Расул Касымалиев агайсызбы?

- Ооба! Таптың! - деди анда тиги агай. Демек, силер мени тааныйт турбайсыңарбы! Мен дал ошол силердин сүйүктүү китебиңер - «Алиппе» китебинин автору болом... Силер менен атайын таанышайын деп келдим.

Сөзгө Кайыргүл эже дагы аралашты:

- Силерге «Класстан тышкаркы окуу сабагынан» окуп берген аңгемелер эсиңердеби?

- Эсибизде... - деди Айгүл деген окуучу.

www.bizdin.kg

- Айтчы? Кандай аңгемелер эле...
- «Бир түйүнчөк акча»... - деди Айгүл.
- Дагы...
- «Гүл» деген аңгеме... - деди Актан.
- Дагы... Дагы кимдин эсинде?
- «Шамбала» деген жомок мага абдан жаккан, - деди дагы бир Кутман деген бала.
- «Мендей менен Сендейдин» жоруктары абдан күлкүлүү! - деди Акылтай,- анан да «Бакыт издеген бала» деген китебиңиз мага абдан жакты...

Ошентип, ар бир бала окумуштуу, балдар жазуучусу Расул Касымалиевдин «Жылмайып турган таш», «Сыйкырдуу жазуу», «Бакыт издеген бала» аттуу китептеринен Кайыргүл эже күн сайын кайталап окуп берчү чыгармаларынан билгендерин айтып чыгышты. Расул Касымалиев өзү жөнүндө балдардын ушунчалык билгенин ойлоп, абдан толкунданды.

- Эмесе, урматтуу окуучулар, биз силер менен бүгүн өзгөчө сабак өтөбүз. Бүгүнкү сабагыбыздын аты «Биздин сүйүктүү жазуучу, окумуштуу агайыбыз Расул Касымалиевич менен аңгемелешүү, таанышуу». Макулдаштыкпы?

www.bizdin.kg

Ошол учурда коңгуроо кагылып, класс-ка мектептин директору, окуу бөлүмүнүн башчысы жана да бир нече мугалимдер кириштн. Окуучулардын бет алдына атаИын отургуч коюлуп, ага Расул Касымалиевич отуруп, тактага сүрөтү илинди. Китептеринин бир нечеси көргөзмөгө коюлду.

КаИыргүл эже Расул агаИдын ким, кандаи адам экени, балдар үчүн кандаи китептерди жазганы тууралуу кызыктуу аңгеме куруп берди. Андан киИин Расул агаИ өзү да балдар менен аңгемелешип, баарынан да балдар өтө кызыккан - анын мектепке кантип барганы, кандаИ окуганы, бала кездериндеги күлкүлүү жоруктары, балдар тууралуу жазган кызыктуу аңгемелери кантип жазылгандыгы жөнүндө аИтып берди.

Анан балдарга минтип каИрылды.

- Силер да аңгеме, жомок жазгыңар келеби?

- АкылтаИ ТаИыр уулу жазат... Ал «Менин досторум» деген жомок жазган, агаИ. Дубал гезитте илинип турат... - деп жиберди АИгүл.

- Ал «УмаИ бала» деген досу жөнүндө жазган... - деди анын сөзүн улаИ Кутман.

www.bizdin.kg

- Ийи... ал жомок эмес, дилбаян болчу... - деп жиберди чыдабай кеткен Акылтай...

- Токтогулачы... Токтогулачы... - деди сөздү бөлүп, Расул агай окуучуга кайрылып: - Жанагы... Кандай «бала» дединң? Кайталачы... «Умай бала» дединби?

- Ооба, «Дүйнөдөгү балдардын баарынын досу - Умай бала» жөнүндө...

Расул агай ойлонуп калды: «Умай бала, Умай бала»... Мен мындай сөздү буга чейин укпапмын. Жаңы сөз экен...»

Ошентип ойлоно калды да, Кайыргүлдү карады. Кайыргүл да толкунданып, жүзү кызыл тартып, бакыраң кара көздөрүнөн нур төгүлүп, бирде Акылтайды, бирде Расул агайды карай берди. Бир нерсе айтайын деп айталбай, ээрдин таптап отурду...

- Азыр сабактын ыргагын бузбайлы. Сиз уланта бериңиз, - деди Расул Касымалиевич Кайыргүлгө, - Акылтай менен өзүнчө таанышып сүйлөшөбүз. Айрыкча, «Умай досу» тууралуу. Макулдаштыкпы, Акылтай... Кааласаңар, мени да дос кылып алгыла. Мен силер менен дос болууну абдан каалап калдым... - деп күлдү. Анын жумшак күлкүсүн балдардын баары коштоп, кол чаап жиберишти.

www.bizdin.kg

Аягында КаИыргүл сабакты жыИынтыктады. Келип кызыктуу аңгеме куруп, балдар менен таанышып, достошуп кеткени үчүн жана балдарга жаккан мыкты жомокторду, «Алиппе» китебин жазып бергени үчүн жазуучу агаИга ыракмат аИтты.

- И... кечиресиз, кичинекеИ досторума бир кулактандыруу аита кетеиин. - деди анда Расул Касымалиевич. - Азыр биздин Кыргызстаныбыздын бүткүл силердеИ балдары үчүн «Жоогазын гүлү» деген фестиваль жүрүп жатат. Аны силердин сүИүктүү «Жоогазын» журналыңар уюштурган. Бул фестивалды уюштуруучулар комитетинин жардамы менен Кыргызстандын тоолорунда Жоогазын гүлүн жоготпоИ сактап калуу үчүн, 75 миллион гүл уругун силердеИ болгон балдар отургузушту. Демек, сүИүктүү мекенибиздин тоолоруна 75 миллион жаңы Жоогазын гүлүн ачат деген сөз!.. Жакшы бекен?.. Демек, силер дагы Жоогазын гүлүн сактап калуу үчүн жүрүп жаткан күрөшкө кошулууңар керек...

- Ал үчүн эмне кылышыбыз керек? - деп тактап сурады КаИыргүл эже.

www.bizdin.kg

- Ал үчүн, мынакеИ АкылтаИ, АИгүл, Кутман сыяктуу балдар-кыздар ыр, аңгеме, жомок жазып, сүрөт тартып, Жоогазын гүлүнө болгон сүИүүбүздү билдирели. Биз эгер ал гүлдү сүИбөсөк, сактап калуу тууралуу оИлонбос элек. Туурабы? Ошол үчүн аны кантип сактап калуунун жолун издеИли.

- Жазган ырларыбызды, тарткан сүрөттөрүбүздү каякка, кимге жиберебиз... - деп жиберди эмитеден эле толкунданып алган АкылтаИ.

- Туура суроо, - деди аны кубаттап Расул агаИ, - мен ошол фестивалды өткөрүп жаткан уюштуруу комитетинин мүчөсүмүн, ал тургаИ, анын жетекчисимин. Ошол фестивалды өткөрүүнүн демилгечилеринин, аны уюштуруучуларынын биримин. Мен азыр силерге дарегимди, телефонумду калтырам. ЭжеИиңер силерге берет. Макулдаштыкпы...

- Ооба, - дешти бир ооздон окуучулар.

Бүгүнкү тарбиялык сабагы кызыктуу болгонун оИлоп, жүзү жарылып сабагын аяктады КаИыргүл эжеИ.

www.bizdin.kg

«Умай досум туурал уу айтып берем»

Ошол күнкү окуя, чындыгында жазуучу агайдын сабакка келиши, анын айрыкча Акылтайга көңүл бөлүшү, «Азыр шашылыш ишим бар эле, башка бир күнү атайын Умай бала туурал уу сүйлөшүүгө келейин» дегени жакшы болду. Акылтайга да аябай жакты.

«Мен жазуучу агайга баарын айтып берем» - деп ойлой баштады Акылтай.- Ал үчүн Умай досума жолугайын. Ал макул болор бекен?»

Айткандай, эртеси алтынчы күн эле.

Акылтай үйүнүн короосуна достору менен ойноого чыкты да, алардан бөлүнүп, токойду көздөй чуркап кетти. Барып эле көк чөпкө кулады. Жүгүрүп келгенге чарчап, энтигип алган. «Эч нерсе эмес, физзарядка болот» - деп койду өзүнө өзү.

Анан Умай досун чакыра баштады:

«Умай досум, мага кел,

Умай досум, жардам бер».

Баса, ал жөнүндө төрт сап ыр дагы чыгарып алган, аны да кошо айтты:

«Умай досум, келчи,

Кучагыңды керчи.

www.bizdin.kg

Мен өзүңдү сагындым,
Келип жардам берчи!»

Ошентип күтүп туруп калды. Аңгыча кооз килемине түшүп алып учуп келе жаткан УмаИ бала алыстан эле көрүндү.

О, анын учуп келатканы кандаИ керемет!

Анын ушинтип учуп келатканын атасы, апасы көрсө кана? Жазуучу Расул агаиы, Каиыргүл эжеии, анан да досторунун баары көрүшсө кана?!

Ооба, шашпа, бир күнү УмаИ досун баары көрүшөт. Суктанышат. Жок, баарына эмес, адегенде жазуучу Расул агаИына көрсөтөт. Ал сонун аңгемелерди, жомокторду жазгандаИ, «УмаИ бала» деген жомок жазат. Балдардын баары ал жомокту окушат да, анан: «АгаИ, бизге УмаИ баланы көрсөтүңүз» - деп сурانышат. Расул агаИ: «Жок, мен силерге аны көрсөтө албаИм. Ал биринчи АкылтаИдын досу. Мага да АкылтаИ көрсөткөн. Ал чакырганда гана УмаИ бала келет. Келгенде да учуучу кооз килемине түшүп алып, көк мелжиген тоолорду аралап каИкып учуп келет. Анан баарың көрөсүңөр деИт. Ошондо баары: «АкылтаИ, АкылтаИ, сен УмаИ досуңду өзүң эле көрүп жүрө бербеИ, бизге деле көрсөтпөИсүңбү» - дешип

www.bizdin.kg

бардык достору суранышат. Аны көрүш үчүн АкылтаИдан уруксат сурашат. Анан гана АкылтаИ аларга көрсөтөт.

Ошондо да, УмаИ досу зуулдап учуп келип, анын жанына конот. Экөө кучакташып көрүшөт...

Экөө азыр да ошентип көрүшүштү. Көп болуп кеткен, көрүшө элек болчу. Ооба, баягы төрөт үИүндө алмашылып кеткен Бакыткелди табылгандан бери...

УмаИ бала мурдагыдан да кооз ак жибек, өзүнө өзгөчө жарашкан, оИмолуучиИмелүү чапан киИип, күмүш кур курчанып, башына күмүш такыя киИип алыптыр. Чачтары укмуш тим эле! КүмүштөИ болуп жылтылдаИт! Бутундагы оИмолуу башмагы да кооз экен.

«УмаИ энеси аябаИ иштүү болсо керек, э...» - деп оИлоду АкылтаИ. - Ооба, «Кыргыз тили» китебинен «УмаИ эне» жөнүндөгү жомокту КаИыргүл эже окуп бербеди беле. «Ал аябагандаИ иштүү, боорукер, анан да мээрман эне» дебеди беле. МотураИган, көзү бакыраИган, апакаИ жүздүү, мурду быИтыИган татынакаИ сулуу балага суктанып карап турду АкылтаИ.

www.bizdin.kg

- Жөн эле чакырдыңбы, Акылтай, - деди ал учурашкандан кийин, экөө бирибирин көңүл токтото карап алып.

- Жөн эле десем да болот, - деди Акылтай, - бирок жөн да эмес. Жакында Кайыргүл эжейибиз «Досу көп бала» деген темада дилбаян жаздырган. Анан мен досторум менен бирге сен жөнүндө жазгам. Аны эжейибиз мектептин дубал гезитине чыгарып коюптур. Мен класстагы «Досу көп бала» аталгам. Балдардын баары сен жөнүндө ошондо билип калышкан. Анан, баарынан кызыгы... - деп, кечээги болгон окуяны, Расул Касымалиев деген жазуучу агайдын сабакка келишин айтты. Ал агай сен жөнүндө менден сурайм деди. Аябай кызыкты. «Мен буга чейин мындай «Умай бала» деген атты уга элек болчумун. Биринчи угушум» - деди. Анан мен сени менен кеңешейин деп чакырдым, - деп сөзүн бүтүрдү Акылтай. - Сен тууралуу айтып берейинби?

- Мейли, жакшы болуптур. Айтып бер. Жазуучу агай келгени абдан жакшы болуптур...

- Ооба, ал сен жөнүндө жазат окшойт. Жазсынбы?

- Мейли, балдар билишсин. Умай энем тууралуу билсин. Умай энем качанкы

www.bizdin.kg

бир илгерки жомок эмес экенин, Теңир ата да адамдардын оюнан чыгарган куру сөз эмес экенин бардык адамдар билишсин! Антпесе, адамдар ишенбеИ жатышпаИбы. Ишенишсин. Адамдар ишенбесе, ыИманга келишпеИт. ЫИманга келбесе, жанагындаи каигылуу окуялар көбөиө берет.

- Туура аИтасың, УмаИ досум. Аны сен гана оилоисуң. Чоң адамдар да оилонушсун да.

УмаИ бала аИланага көз чаптыра карады.

- Карачы, табият эне жер бетин кандаИ гана кооз кылып кооздоп коИгон. Силер, адамдар, кандаИ бактылуусуңар. УшундаИ сонун жер бетинде жашап жатып, силердин адамдар дагы жаман иштерди жасашат. Бирин бири өлтүрүшөт, сабашат, уурдашат, алдашат, жаман сөз аИтышат, таарынтышат... Сен дагы чоңоИгондо ошентесиңби...

УмаИ бала АкылтаИ досун ушинтип сынаИ карады.

- Жок... Мен эч качан андаИ кылбаИм...

- Ооба, УмаИ энем сен жөнүндө мага көп жолу аИтып берген. Сен боИго бүткөндө УмаИ энем өзү колдоп турган

www.bizdin.kg

экен. Төрөлгөнүңдө да өзү төрөткөн экен. Атыңды койгондо да «Акылтай» деп, Умай энем өзү коюптур. Аны өзүңдүн атаң-энең туюму менен кабыл алышыптыр. Демек, сен жаман адамдардай жамандык жасабайсың.

- Ыракмат, Умай энеме. Менден салам айта бар...

- Макул, айтам.

- Анан... - деп эстей койду Акылтай. - Сага кеңешейин деген дагы бир сөз. Жакында мекенибиз Кыргызстан боюнча «Жоогазын гүлү» деген балдар фестивалы болот экен. Адамдар камкордук көрбөй жыл сайын үзө беришип, уругу азайып, жер бетиндеги эң кооз гүл Жоогазын гүлү азайып баратыптыр. Ошолорду коргоо жана көбөйтүп өстүрүү боюнча конкурс болуп жатыптыр. Балдар сүрөт тартып, ыр жазышы керек экен. Мен дагы ошол мелдешке катышып, ыр жазайын деп ойлодум. Бирок жаза аламбы...

- Жазасың... Жазайын десең эле, ниет койсоң эле жазасың. Ниет койсоң, сенин колуңдан келбеген эч бир иш болбойт. Умай энем сага дайым жардам берет...

- «Умай энем жардам бер» - дейинби?..

www.bizdin.kg

- Ооба, ошентсең, андан бетер жакшы болот...

- Ыракмат, досум...

Экөө «сөзүм бүттү» дегендеИ, бирин бири карап, унчукпаИ калышты.

- Мен кетеИин анда, - деди УмаИ бала. - Жакшы кал!

- Жакшы бар, анда. Келгениңе ыракмат.

- Жакшы кал, көрүшкөнчө. УмаИ энем колдосун!

- Ооба, УмаИ энем колдосун!..

Ошентти да, АкылтаИ кол булгалады. УмаИ баланын кереметтүү кооз килеми өзүнөн өзү көтөрүлдү да, учуп кетти.

«Жаңы замандын балдары жаңыча оилонушат!»

Окуу жылы аяктап баратканы - мугалимдерди да, ал түгүл, окуучуларды да, алардын ата-энелерин андан бетер түИшүккө салды. КаИыргүл 1-класстын бүтүрүү кечесин уюштуруу менен алектенип, окуучулары менен өтө турган класстык тарбиялык жыИынтыктоочу саатка катуу даярданды. Балдардын ырдаИ турган ырлары менен көркөм

www.bizdin.kg

айтууларын ата-энелери кошо жатташып, «балдарыбыз менен бирге өзүбүз уят болбойлу» дешип түн уйкусун унутушту.

Класстык саатта «Мен келечекте ким болгум келет?» деген темадагы ар бир баланын өз ойлорун айтчу тапшырма да бар болчу. Аларга да окуучуларды сырттан даярдоо керек. Албетте, бул абдан кызыктуу болорун ойлоп, Кайыргүл: «Окуучуларым мени уят кылбайт» - деп ишенип жүрдү.

Класстык саатка ата-энелер менен окуучулардын өтүнүчү боюнча Расул Касымалиевич агай дагы чакырылды. Ушунун өзү да Кайыргүлдү абдан толкундантты жана «ата-энелер үчүн «сюрприз» болот, анткени алар балдары окуган «Алиппе» китебинин авторун көрүшө элек да»... - деп ойлоду.

Ошентип, күткөн көз ирмем келип, бүтүрүү кечеси башталды...

Чакырылган коноктордун баары келишти.

Мектептин жарык залы аябай кооздолгон... Алдыңкы орунда, мектеп жетекчилери, мугалимдер, албетте, ардактуу орунда - Расул Касымалиевич, алардын артынан ата-энелер орун алыш-

www.bizdin.kg

ты. Бет алдыда - катарынан тизилишип, улуттук киИимдерди киИинишкен татынакаИ окуучулар...

Окуучулар дикломацияларын аИтышып, ыр-биИлерин ырдап-биИлеп башташты. Андан соң мектептин комузчулар ансамблинин балдары күүлөрдү чертишти. Мелдешип макал-лакап, табышмак аИтышка катышып, «АкыИнек» оИношту. Ата-энелер балдарынын өнөрлөрүн көрүшүп, кубанычка өзгөчө бөлөнүштү. Балдары бир жылда ушунчалык иИгиликке жетишкенине жетине албаИ, мугалими КаИыргүлгө миң алкыштарын аИтып жатышты.

Анан «Мен келечекте ким болгум келет?» деген кесиптик тапшырмага кезек келди.

Сөздү улуттук кииим кииип, перидеи кулпунган татынакаи Каиыргүл эжеи өзү алды:

- Азыр, урматтуу ата-энелер! Сиздер өзүңүздөрдүн уул-кыздарыңыздардын келечекте ким болгулары келгендиктери тууралуу оИлору камтылган сөздөрүнө күбө болосуздар. Балдарды колдоп, кол чаап коёлу.

Кол чабуудан соң, окуучулар кезек менен ар бири өзүнүн келечекте ким бол-

www.bizdin.kg

гулары келгени тууралуу ойлорун айта башташты:

Адегенде Айдай баштады: Мен келечекте врач болгум келет. Адамдарды ар түрдүү сыркоолордон арылтып, элибизди сак-саламат улут кылам. Уулдун саламаттыгы - улуттун саламаттыгы, кыздын саламаттыгы - кыргыздын саламаттыгы! Эненин саламаттыгы - элдин саламаттыгы, атанын саламаттыгы - Ата Журттун саламаттыгы!

Ата-энелер дүркүрөгөн кол чаап: «Бали!» - дешип макташты. Бул сөздөр баарынан мурда, Расул Касымалиевичке айрыкча жакты.

Андан соң Кутман сөз алды: Мен чоңойсом - укук коргоочу болом! Ар ким өз укугун ыйык тутуп жана милдетин да бийик тутуп, эч кимдин эч качан күнөө жасабашына жетишем. Укугум - керегеуугум, милдетим - ыйык түндүгүм!

Ата-энелер дагы кол чабышты.

- Биздин балдар жактыбы? Кандай экен? - деп кубаттап жиберди директор жанында отурган Расул Касымалиевичке.

- Албетте!

Андан кийин Актанга кезек келди.

www.bizdin.kg

- Мен келечекте бизнесмен болом,- деди курсагын сылап Актан. Эл буга дуу күлүп, кол чабышты. Ал курсагына жаздык салып алган го, чандаят тим эле. - Бай бизнесмен - келечектеги бай Кыргызстан пайдубалы болот, мен өзүм гана байып жатып албай, байлыгым менен элимди багам, калкымды калкалайм, завод-фабрикаларды салам, спортчулар менен ырчыларды колдойм, жазуучулардын китептерин чыгарам...

- Менин да демөөрчүлөрүм болот экен ээ! - деп күлүп калды Расул Касымалиевич.

Кезек Канышайга келди: Мен чоңойгондо депутат болом. Жыйындарда уктап отурбай, элимдин проблемаларын чечем дегенде отургандар дуу күлүшүп, дымып турган зал күлкүдөн жарылып кеткендей болду. - Элимдин биримдигин, жеримдин бүтүндүгүн жана да эне тилимдин өлбөстүгү менен ата салтымдын көөнөрбөстүгү үчүн мыйзамдарды жазам. Алардын аткарылуусу үчүн жанымды берем!

- Азаматсың, Канышай! - деген үндөр жаап жатты арттан.

- Бизге дал ушу сендей депутаттар керек! - деди дагы бир ата-эне.

www.bizdin.kg

Ошентип ар бир окуучу өзүнүн келечектеги кесиби туурасында, өзүнүн ким болуусу жөнүндөгү оИлорун толкунданып аИтып жатышты.

Анан кезек АкылтаИга келди. Анын кезеги келишин күтүп, ата-энеси ТаИыр менен Сауле гана эмес, Расул Касымалиевич дагы тынчсызданып отурган болчу.

АкылтаИ: Мен келечекте эгер сиздер, албетте, ишенип шаИласаңыздар, өлкөмдүн президенти болом! - деди өтө олуттуу түрдө, чын эле, ушул азыр өлкөнүн президенттигине ат салышып жаткан немече.

Анын сөзүн коштоп, бардык ата-энелер «дуу» кол чаап: «Бали!» - деп жиберишти.

- Конституциянын бузулбастыгына, - элимдин биримдиги менен жеримдин бүтүндүгүн коргоого, эне тилимди өнүктүрүп аны улуу тилдер менен бирге өнүктүрүүгө ант берем. Элимдин келечеги болгон наристе балдарга биринчи кезекте билим, тарбия берем. Мугалим оңолбоИ - заман оңолбоИт. Ошол үчүн, мен, ири алдыда, мугалимдердин кадыр-баркын көтөрөм!

www.bizdin.kg

Мугалимдер, ата-энелер дагы да: «Бали! Азамат! Ушуну президент шаИлаш керек!» - дешип дуулдап жиберишти.

- Балалыкты коргоИм, аларды өнүктүрөм. Уулдарыбыз өнүкпөсө - улутубуз өнүкпөИт, кыздарыбыз тарбиялуу болбосо - кыргызыбыз тарбиялуу болбоИт.

- Туура, аИланаИын! - деди арттан ата-энелердин бири.

Сауле толкунданып эки көзүнөн ысык жаш куюлуп, колуна мыкчыИ отурган жүз аарчысы менен сүртүп коё албаИ, сүиүнгөндөн ыилап отурду. Ансаиын аимончоктои татынакаи ак жүздүү бала эриндери эпилдеп, эжеИи менен бирге жазып жаттаган сөздөрүн аИтып жатты:

- Ал үчүн мен бүт аракетимди жумшаИм! Бирок президент болсом да, мен жалгызмын. Саясатын эл колдобогон президент - жетим президент! Ошон үчүн, урматтуу элим, силер мени колдошуңар керек. Баарыбыздын ниетибиз ак болуп, ишибиз так болуп, жамандыктан сак болсок гана башыбызга бакыт конмок...

- «Ооба, - деди оюнда Расул Касымалиевич, - адилет сөз. Бала болуп туруп, ушундаИ сөздөрдү аИтууга духу жеткен бул бала - анык интеллектуал! Биздин балдарыбыз - бүгүн жаңы замандын бал-

www.bizdin.kg

дары! Заманыбыз жаңы! Демек, жаңы заманды балдары да жаңы! Алар жаңыча ойлонуп, жаңыча жашашы керек! «Балдар өз ата-энелерин тарбиялоосу керек»-деп, ошон үчүн бир жарым кылым мурда Маркс деген акылман чал башын катырып отуруп айткан эмес беле!

Акылтай сөзүн улантып жатты:

- Мен жогорудагы классташтарыма таянам. Бири - врач, бири - укук коргоочу, бири - бизнесмен, бири - депутат, бири - мугалим болуп, баары элге адилет кызмат кыларына мен президент катары бүткүл мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүсүнө жол ачам! Антпесе, бүгүн Ата Журтубуз ооруп турат: наркомандар, паракорлор, уурулар, элди-жерди бөлгөндөр көбөйдү! Эне тилибизди унуткан маңкурт мителер көбөйдү. Энеден айрылган жетим эмес, эне тилинен айрылган - жетим! Атадан айрылган жетим эмес, Ата Журтунан айрылган - жетим. Бизди ошондой маңкурттар элибизди кордоп жатат, жерибизди бүлүнтүп, байлыктарыбызды уурдап жатат. Ал тургай, балдарыбыз менен кыздарыбызды чет элдиктерге сатып жатышат. Майда наристелер чоң адамдардын зөөкүрдүгүнүн айынан

www.bizdin.kg

кордолуп, уурдап-сатып акча табуунун каражатына айланды. Аны ким жасап жатат? Кыргыздар - өзүбүз! Ошол үчүн, айланайын кыргыздар, мейли иним бол, мейли агам бол, бар бол, адам бол! Кыргыз бол!

«Ооба, эң туура айтат! Азаматсың, Акылтай! Сени төрөгөн энеңе, тарбия берген мугалимиңе, тапкан атаңа рахмат!» - деп отурду мектеп директору Анара Айтбаевна.

Расул Касымалиевич дагы эле баягы ойлорун андан тереңдетип жатты:

«Биздин келечегибиз - дал ушундай ойлонгон, ушул боюнча эч кирдебей, булганбай, бусулбай, жандүйнөсү таза бойдон чоңоюп, өскөн жаңы адамдар! Алардын данектери - булар! Буларды коргоо керек! Сакташыбыз керек! Өнүктүрүүбүз керек! Ал үчүн элибизде президентибиз менен өлкөбүз колдогон атайын программа керек. Ал «Балдарды өнүктүрүү жана коргоо» аттуу программа болсо керек. Ал тургай, ушундай аталыштагы республикалык комитетти түзүү маселесин көтөрүү керек!.. Ооба, ошентиш керек!..»

Расул Касымалиевич ушундай ойлорго чөмүлүп, көөлгүп эрип отурду...

www.bizdin.kg

Акылтай Умай досу жонцндо баарын айтып берди

Эки-үч күндөн киИин 1-июнь, балдарды коргоонун эл аралык маИрам күнү болмок. Азыр балдардын баары каникулга тараганы турушат. АкылтаИ 1-классты бүтүп, чоң жигит болуп калгансып, сабакта чачын шилекеИлеп артка тарап коёт. Аны көрүп Кайыргүл эжеии ууртунан жылмаиды. Баса, бүгүн окуу жылынын соңку күнү. Эртеңден баштап каникул. Убада боюнча Расул Касымалиевич мектепке келмек. Ал АкылтаИдан «БаИчечекеИ» журналы үчүн интервью алууну болжогон. Расул Касымалиевич окумуштуу да, жазуучу да, анан бөбөктөрдүн сүИүктүү журналы «БаИчечекеИдин» редколлегия мүчөсү да эмеспи.

Ана, каалга чертилип, Расул Касымалиевич класска баш бакты.

- Келиңиз, Расул агаИ.

Расул агаИ класска киргенде, окуучулар жапырт орундарынан турушуп:

- Саламатсызбы, Расул агаИ! - дешип классты жаңырта жаидары учурашышты. Расул агаИ да жетине албаИ, адатынча жумшак, жылмая күлүп.

www.bizdin.kg

- Саламатчылык, менин кичинекей досторум! Биринчи классты ийгиликтүү бүтүрүп отурганыңар менен куттуктайм, - деди да, бир аз сүйлөшүп туруп, минтти. - Силерге жаңы чыккан китебимден ар бириңерге бирден белекке апкелдим,- деп, чындап эле жаңы чыккан «Учуп жүрүүчү боз үй» аттуу китебинен ар бир окуучуга бирден таратып берди. Балдар алиге боегунун жыты кете элек далдайган, сүрөттүү жашыл китепти колдорона алып, барактап киришти. Ошол кезде Расул Касымалиевич балдарга чогуу сүрөткө түшүүнү сунуш кылды, даярдап берген фотоаппарат менен Кайыргүл эжей «чырк» эттире сүрөткө тартты.

- Муну мен «Байчечекейдин» жаңы санына чыгарам, досторум. Жайында күркөлөрдөн сатып алып окугула. Макулбу!

Анан Кайыргүл экөө бир аз күбүрөшө калышты да, Акылтай экөөнү экинчи кабаттагы эс алуу бөлмөсүнө алып кетти.

Расул агай менен Акылтай ушул жерде сүйлөшүшмөк.

- Акылтай, - деп сөзүн баштады, Расул Касымалиевич экөө калганда. - Сен бая күнкү бүтүрүү кечедеги айткан сөздөрүңдү кайталап айтып бере аласыңбы?

www.bizdin.kg

- Ооба, - деди АкылтаИ чечкиндүү.

- Анда мен ошол сөздөрүңдү диктофонго жазып алаИын, - деп, диктофонун иштете баштады.

- А, аны эмне кыласыз?

- Мен аны кыргыз радиосунда жаңы уюшулган «Балдар РМ» аттуу программага берем. Ал ар жума саИын ишемби, жекшемби күндөрүндө уктурула баштабадыбы. Баягы өзүңөр окуган «МендеИ менен СендеИдин жоруктарын» да күн саИын уктура баштады.

Бул сөздү укканда АкылтаИ МендеИ менен СендеИ аттуу балдардын жоруктарын оИлоп «бырс» күлүп алды. Андан соң, АкылтаИ бүтүрүү кечесиндеги «Мен президент болсом» деген сөзүн да толкунануу менен каиталап аитып берди. АИтып бүткөн соң, Расул Касымалиевич диктофонун өчүрбөИ, оИлуу турду да, сөзүн андан ары улап кетти:

- Акылтаи, өзүң оилогондои, аирым «адам эмес» зөөкүр сыяктуулар балдарды уурдап кетип, кээде төрөт үИүнөн да сатып акча кылып, ички органдарын операция кылып сатышып, акчалуу болуп жаткандар көбөИүүдө. Балдарды уурдаИ качып, ата-энелеринен акча талап кы-

www.bizdin.kg

лып, өз ата-энелерине каИра сатып, акча табуу фактылары да жок эмес... УшундаИ окуялардан наристе балдарды кантип коргоп калышыбыз керек?!.

Мамлекеттик органдар көрүп туруп көрбөгөндөи, карап туруп кармаи алышпагандаИ, мамлекеттик кубаттуу машиналарга алы жетпегендеИ болуп турат! Мыкты-мыкты мыИзамдарыбыз иштебеИ жатат! УшундаИ шартта бөбөктөрүбүздү зөөкүрлөрдүн колунан курман болуудан кантип сактап калабыз?.. Бул тууралуу оИлоИ берип, кээде башым катат...

Расул Касымалиевич бул сөздөрдү чоң адам менен сүИлөшүп жаткансып аИтып отурганы анын жан сыры болгон УмаИ бала тууралуу сөз учугун чубап чыгуу эле. Ал тууралуу аИтып береби, аИтып бербеИби - деп кооптонуу сезими азыр да турат эле. АкылтаИда чоң адамдардагыдаИ куулануу, жашыруу, шектенүү же кандаИдыр бир нерседен кооптонуу деген оИ жок да. Ошондон го, ал ниети туура келип, өзү чексиз сыИлаган Расул агаИы менен чечилип сүИлөшүп кетти. Жүрөгүндөгү турган оИлорунун тосмосу ачылып кеткендеИ шар эле оозунан төгүлө баштады. Анткени бул ага даяр эле...

www.bizdin.kg

Акылтай түз эле досу Умай бала жөнүндө божурап айта баштады.

Атасы Тайыр, апасы Сауле жана достору менен кышында Салкын-Төр капчыгайына барышканын, «Жаштык» деген лыжа тебүүчү жерде муз тээп ойноп жүрүшкөнүн, ошол учурда кайдан-жайдан кар борошосу куюндап келип, аны ата-энесинен адаштырып, учуруп алып кеткенин, канча убакыт өткөнү белгисиз, карда көмүлүп тумчугуп жатканда, кандайдыр бир бала келип сактап калганын, ал бала өзүнүн Умай эненин баласы Умай бала экенин айтып, учуучу килемине салып Умалай тоосуна, Теңир ата менен Умай эненин керемет тоолордун арасындагы каухар үйүнө алып барганын, анан... анан... ошондон берки бүткүл окуяларды, Умай бала менен экиүч күн мурда эле жолукканын, «Умай досу» жөнүндө эл билбей, Умай эне менен Теңир атаны унутуп, эл эсирип баратканы тууралуу сүйлөшкөнүн бүтүндөй айтып отурду...

«Керемет!» - деп алды Расул Касымалиевич улутунуп, - мындай сенсацияны азыркы замандын адамдары качантан бери биле элек, көрө элек! Мен муну

www.bizdin.kg

ачыкка чыгарам. Аны менен кошо АкылтаИды элге таанытам, аны менен кошо... өзүм да... - деп келатып, Расул Касымалиевич оюн токтото калды. - Жок, бул жерде менин түк тиешем жок. АкылтаИдын керемет дүИнөлүү касиеттүү бала экенин эли-журту билсин, аны колдогон досу УмаИ баланы бүткүл балдар билсин, чоңдор билсин! Теңир ата менен УмаИ эненин ушул эле биз жашап жаткан реалдуу дүИнөдө бар экенин, алар адамдар чыгарып алган жомок эмес экенин, алар балдарды даИым коргоп жүрүшкөнүн, баланын да коргоочусу бар экенин ар ким билсин. АИрыкча, жанагы адам кеИиптенген зөөкүрлөр билсин!.. - деп, АкылтаИдын ар бир керемет сөздөрү денесин дүркүрөтүп, жандүИнөсүнө кандаИдыр бир билинбеген нур кирип, жүрөгүнө ал нур толуп, жүрөгүн тазалап, азыркы көр оокатка көз тоибогон дүинөдө үиүлүп-жыиылып жаткан бүксүгөн калган акыр-чикирлерден тазарып жаткансыды... «Көр оокаттан улам келип чыккан түрдүү оИлор, көрө албастыктар, атаандашуулар, талашып-тартышуулар, аИың-ушактар, баары көрпенденин жандүИнөсүнүн таштандылары... Алардан

www.bizdin.kg

адам уулу тазаруулары тийиш! Ал үчүн баладай таза, аруу болуп, Теңир ата, Умай эне жана Умай баланын аруу нурлары менен киринип, кирлерибизден тазаланышыбыз керек!..»

Акылтай азырынча сөзүм бүттү дегенсип, ойлуу токтоп калды. Керемет ойлорго толкундаган Расул Касымалиевич Акылтайды кучагына бек кысып: «Аман бол, балам. Бир гана жараткандан тилегеним - өмүрүң узун болсун!» - деп күбүрөндү...

Эшикке чыгышса, аларды Кайыргүл эже жана Акылтайдын атасы Тайыр баятадан эле күтүп отурушуптур.

Ата-энелеринин сүйүнчү, фестивалга даярдык жана кереметтүү түш

Арада көп окуялар болуп өттү...

Өткөндөгү кече Акылтайдын ата-энесине зор сүйүнүчтөрдү алып келди: Акылтай 1-класстын эң алдыңкы окуучусу болуп, жалаң «эң жакшы» баалар менен аяктады. Анын ийгилигинин шарапаты менен ата-энеси Тайыр менен Саулеанын «Манас-Ата» Улут-

www.bizdin.kg

тук гимназиянын «мыкты ата-энеси» деген дипломго ээ болушту. Сауле да өзүнчө сый-урматка татыды. Кайыргүлдүн демилгеси менен 1-класстын «энелер мектеби» уюштурулуп, анын жетекчиси болуп Сауле шайланды. Мунун баары Тайыр менен Сауленин жүзүн эл алдында жаркытып, мартабасын көтөрүп койду.

Бул окуялар Тайырдын үйүнө келгенде тойго айланды. Кайыргүлдү ой-боюна койбой жатышып, үйүнө алып келишти. «Уулубуз 1-классты ийгиликтүү аяктады, анын арты менен биз сый-урматка бөлөнүп отурабыз» - дешип шылтоосу табылып, үй ичи шаңга бөлөндү. Достору, туугандары, кошуналары келишти. Баягы эле бакылдаган Шаабай «жүздөн» экини басып алгандан кийин кошуналык кылып, бак-бак эте сүйлөп, отуруштун тамадасынын милдетин аткарды.

Бир кезде Акылтайды өзүнө жакын чакырып алып:

- Ушу сен бала, мага жагып калдың. Ушу сени мен күйөө бала кылып алсамбы деп жүрөм. Кандай дейсиң ыя? Менин Адила деген сулуу кызымды сага калың сурабай туруп берейин. Макулбу,

www.bizdin.kg

ыя? «Бир жаш улуу» деп эле чанбасаң... А көрөкчө, аИтчы, Адила жакшы кызбы? - деди эле, АкылтаИ: «Ооба» - деп баш иИкеди. Бул ШаабаИга жага бербеИ калды көрүнөт, каИрадан бакылдап коё берди.

- АИ, ТаИыр, Сауле, уктуңарбы ыя?

ТаИыр менен Сауле эмне дешмек эле, «Уктук, ШаабаИ. КудаИым буюрса, андан каИда качып бармак элек» - дешти жарыша. Алардын сөздөрүн тургандар жабыла кубатташты.

Эртесинен баштап, атасы менен апасы каИрадан АкылтаИ менен алектенүүгө киришти. Анткени КаИыргүлдүн тапшырмасы боюнча ТаИыр, Сауле «Жоогазын гүлү» фестивалына уулу менен бирге даярдык көрүшү керек да. КаИыргүл аларга ошондоИ тапшырма берген. «АкылтаИ бала да, оюнга алаксып унутуп коёт» дегени го.

Ошенткени менен, «Жоогазын гүлдөгөндө» деген темада ыр жазуу АкылтаИдын оюнда деле жок, бирок эл менен кошо мелдешке катышам деген ниети бар. Бая күнү мектебинин чоң короосунда аз күнгө гана өсүп туруп, бат эле бариктери төгүлүп калган жоогазын гүлдөрүнүн бозоргон сабактарын карап, аянычтуу бир

www.bizdin.kg

ойду ойлоп койгон. «Байкуш гүлдөр, - деп кыялданган Акылтай, - аз эле күн жашап, гүлү түшүп калат туура». Ал ошо жоодураган кооз гүлдөрдү өзүндөй балдар менен салыштырып ойлонгон. Балдар жыргап жадырап ойноп жүрүшөт, а гүлдөрдү адамдар үзүп, соолутуп коюшат, же тепсендиде калат, же мал жеп коёт.

Мектептин ары жагында бир карыя киши жашайт эле. Ал айланадагы, арыктын жээгиндеги чөптөрдү орок менен оруп, чалгы менен чаап, эшегине чиркеп алган арабасына салып, ташып жүргөнү жүргөн. Эшегин кышында багат да ошо чөп менен. А эшеги болсо, арыктын жээгине өскөн кызгалдак гүлдөрдү гүл экенин ойлобой эле аймап жейт, же тебелеп, курч туягы менен кырча басып, үстүнө заңдап да таштайт. Эшектин гүл менен иши эмне! Эшектин эшектиги ошо да! Гүлдү гүлдөй асырап сүйбөсө, чөптөн айырмасы барбы...

Карап туруп ушуларды кыялында ойлонгон Акылтайды апасы жанын койбойт:

- Акылтай эжейиңдин тапшырмасын аткарып жатасыңбы?

www.bizdin.kg

Атасы да каИра-каИра сураИ берип жадатат:

- Акы... эжеИиңдин тапшырмасын унуткан жоксуңбу?

Жооп жок. Анткени андаИ нерсени тапшырма берип аткартууга болбоИт экен... Аны ата-энеси сезбеИби?.. Ал оИлонуп-толгонгон бир нече убакыттан соң жаралат, же жандүИнөгө келе калган керемет сезим болбосо, ооздон чыга калып, кол менен бат эле жазыла калчу эсеп тапшырмасы эмес тура...

АкылтаИ УмаИ досу менен кеңешет оюнда. УмаИ энесинен жардам сураИт кыялында:

«УмаИ эне, жардам бер!.. УмаИ эне жардам бер! УмаИ эне, жардам бер!» - деп диванда оИлуу жатып, уктап кетти...

...Түшүндө не бир керемет жоогазын гүлдөрдүн арасында УмаИ досу менен, анан да бардык достору бар, кең теребелде гүл аралап оИноп жүрөт. Күндүн нуру төбөдөн төгүлөт. Анын ошондогу кооздугун аИтпа. Миң түрлүү кооз «Асан-Үсөндүн» нурундаИ болуп түрлөнүп, балдарды нуруна бөлөИт. АИ жылдыздар дагы асмандын, тээ түпкүсүндө, алыста эмес, жапжакын келип, кичине эле көтөрүлсө

www.bizdin.kg

балдардын колу жеткидеИ болуп, жапжакын экен. АкылтаИдын достору да көп экен. Бая күнкү дилбаянда он беш досун санап жазбады беле. Азыр жүздөн ашып кетиптир. Баары, УмаИ досу да алар менен кол кармашып оИноп жүрүшөт. Бир кезде баары анын кереметтүү кооз килемине түшүп алып, гүлдүү дүИнөнүн үстүндө учуп жүрүшөт... Анан баары биригип, хор кылып бир сонун ырды ырдашат: Ал ырды эжеИи КаИыргүл да буга чеИин үИрөткөн эмес болчу. Көрсө, ал жаңы ыр экен. Баса, баарынан кызыгы, ал «Жоогазын гүлү» деген ыр экен... Муну АкылтаИ качан үИрөнгөнүн, ага ким үИрөткөнүн билбеИт. Иши кылса, ырдаИын десе оозунан төгүлүп эле өзүнөн өзү ырдала берет. Ага кошулуп, досторунун баары ырдап жатышат...

Жаз мезгилде аилана,
Кооздукка бөлөнөт.
Жаратылыш жапжашыл,
Көңүлүңдү көтөрөт.

Жоогазындар жадырап,
Баары тегиз гүлдөптүр.
Сулуулук берип тоолорго,
Айлананы турдөптүр...

www.bizdin.kg

Буга чейин эч кимден укпаган бул кереметтүү жаңы ыр, теребелге төгүлгөн күндүн түркүн-түстүү нурлары, жер жайнаган жоогазын гүлдөрү, досторунун кубанычтуу оюн-күлкүлөрү Акылтайды не бир сонун сезимдерге чулгайт... Аны сөз менен айтып берүүгө дегеле болбойт эле...

«Муну эми унутпасам экен» - деп эсине миң ирет түйөт Акылтай... Азыр үйгө барып, дептериме жазып албасамбы! - дейт.

Эх десең, мындай түштү ар ким эле ар күндө көрө бербейт! Бактылуу адам гана ушундай бактылуу түштөрдү көрөт!

Жеңиш! «Супер окуучу»

Ошентип, каникул күндөрү да өтүп баратты...

Кайыргүл эжейинин тапшырмасын аткарып, алып барып берген. Эргүү менен жазылган «Жоогазын гүлү» аттуу жети куплеттен турган ырды окуп көрүп, жазуучу агай Расул Касымалиевич дагы аябай жактырган. Эжейи да, жазуучу агай дагы: «Муну кантип жаздың? Азаматсың, го! Балким, гран-прини утуп алып жүрбө! Байка!» - деп күлгөн болчу.

www.bizdin.kg

Ал ырды Акылтай кантип жазганын билбейт. Уктап ойгонсо эле таң атып калыптыр. Көзүн ача электе оозунда толо ыр туруптур. Өзү эле ээгин бүлкүлдөтүп, уйкусу толук ачылбай жатып, ырды күбүрөнүп айта берди... Мурда деле эжейи Кайыргүл берген «Алиппе» китебиндеги ырларды эки мүнөттө эле жаттап айтып берчү эмес беле. Муну деле ошенткендей болду. Бирок ал ырды кайдан жаттап алды, ким айтып берди биле албайт...

Анан түндө көргөн ажайып түшүн эстеди... Түшүндө ушул ырды ырдап, достору менен бийлеп жүрбөдү беле... Эми эстеди... Ооба, эстеди... Муну Умай досу биринчи ырдады беле... Ошондо чогуу ырдап жатып эстеп калдыбы?..

Ошондон улам, бул ырдын кимдики экенин да, кайдан келгенин да ойлоп, оюнун түйүнүн чече албады Акылтай. Ошол үчүн ал: «Мен бул ырды түшүмдө үйрөнүп алдым» - деп койгон...

Эми, ошол мелдештин жыйынтыгы чыга турган мезгил жакындап келатты...

Бир күнү үйгө «Чакыруу каты» келди. Катта «Жоогазындар гүлдөгөндө» аттуу республикалык балдар конкурсунун

www.bizdin.kg

жыИынтыгына жана ага арналган чоң көргөзмөгө чакырабыз» - деп башталып-тыр да, андан ары мындаИ деп жазы-лыптыр:

«Өткөн 2008-жылы мартта буткул Кыргызстандын мектептеринин балда-рына 75000000 голландия жоогазыны-нын уругу таркатылган эле. Окуучулар жана мугалимдер аларды өстурушуп, бөпөлөп багышты, алар тоолорубуздун көркүн чыгарышты. Быйыл март айын-да «Жоогазындар гүлдөгөндө» аттуу конкурс жарыялаганбыз.

Конкурска буткул өлкөбүздүн балда-ры өзүлөру тарткан сүрөттөру, жазган ырлары жана аңгемелери менен каты-шышты. Жеңүүчүлөрдүн көргөзмөлөру уюштурулду. Биз Сизди ушул көргөзмөгө жана конкурстун жыйынтыгына арнал-ган салтанаттуу кечеге чакырабыз.

Жеңүүчүлөргө баалуу байгелер ыйга-рылат.

Сизди 2009-жылы, 3-июль күнү Опера-балет театрында саат 11де күтөбүз.

Уюштуруу тобунун жетекчиси: Р. Касымалиев.

Бул чакыруу каты АкылтаИды асман-га чеИин көкөлөтүп коИгондоИ болду. Ал

www.bizdin.kg

тургай ата-энеси да, ал тууралуу уккан мугалим эжейи Кайыргүл да, кошунасы Шаабай дагы, баары жетине албай сүйүнүштү.

Күткөн күн да келди. Опера-балет театры айрыкча шаңга бөлөнүп, республиканын булуң-бурчунан келген жоогазын гүлүндөй болуп кулпунган балдар-кыздарга толуп чыгыптыр. Тайыр менен Сауле ээрчиткен Акылтайдын алдынан Кайыргүл эжейи жана мектептин директору Анара Айтбаевна, анан да окуу бөлүмүнүн башчысы чыгышты. Алар дагы келишиптир. Алар Тайыр менен Саулеге көп жакшы каалоолорду айтышып, Акылтайды өз балдарындай эркелетишип, мактап жатышты.

Көргөзмө аябай сонун жасалгаланыптыр. Түркүн кооз жоогазын гүлдөрүнүн кол менен да, фото менен да тартылган сүрөттөрүнөн, балдардын эмгектеринин көргөзмөсүнөн көз тайгылат.

Аңгыча салтанаттуу жыйын ачылып, уюштуруу тобунун жетекчиси Расул Касымалиевич сөз сүйлөдү, андан соң «Жоогазын гүлдөгөндө» аттуу долбоордун жетекчисине сөз кезегин берди.

www.bizdin.kg

Ал долбоордун максаты жөнүндө аИтып келип: ансыз да кооз жерибиздин гүлдөп көркүнө чыгышы үчүн биздин балдарыбыздын үлүшү чоң, - деп, балдарды алкады да, ушул конкурска активдүү катышкан, сүрөт тартып, ыр, аңгеме жазышкан балдар-кыздардын атын атап өттү. Алардын ири алдында эле ТаИыр уулу АкылтаИдын атын атады. Сөзүн бүтүрүп, жеңүүчүлөргө сыйлык ыйгаруу кезеги келгенин билдирди.

Ошондо ыр жазуу боюнча баш баИге: «Жашыл-Нурабад шаарындагы «Манас-Ата» Улуттук гимназиянын 1-классынын эң мыкты окуучусу ТаИыр уулу Акылтаига ыйгарылат!» - деп жарыялады.

Дүркүрөгөн кол чабуулар чоң залды жаңыртты! АИрымдар кыИкырып, ышкырып да жиберишти.

МындаИды күтпөгөн АкылтаИдын ата-энесинин көздөрүнөн сүИүнүчтүн ысык жашы куюлуп, уулун сахнага узатышты.

Ошондо элдин алдында жөжөдөИ бөжөИүп АкылтаИ кооздолуп жасалгаланган, жапжарык нурунан көз таИгылган сахнаны көздөИ жөнөдү. Дуулдаган кол чабуулардан башы аИланып, кулагы

www.bizdin.kg

тунуп калгансыды. Кулап кете турган-сып, араң кыбырап ушу турган жакын эле жердеги сахнага жетпей келатты...

Аны жазуучу агайы Расул Касымалиевич тосуп алып, эки колуна так көтөрүп, дуулдаган кол чабуулардын алдында анын аты-жөнүн кайрадан айтып өттү...

- Мен азыр, - деди долбоордун төрагасы узун бойлуу жаш жигит, - сөздү Акылтай Тайыр уулуна берем. Ал сиздердин көз алдыңыздарда өзү жазган «Жоогазын ыры» деген ырын көркөм окуп берет.

Акылтай мындайды күтпөсө да, түк апкаарыган жок. Эбелектей болуп, баягы миң кайталап эсине туткан ырды айтып кирди:

- *Жаратылыш жапжашыл,*
Еөңулуңду көтөрөт... -

деп баштап келип, бир аз толкундана түштү да, тамагын жасап алып андан ары улантып кетти:

Жаз келгенде аилана,
Кооздукка бөлөнөт.

Жоогазындар жадырап,
Баары тегиз гулдөптур.
Сулуулук берип тоолорго,
Айлананы турдөптур.

www.bizdin.kg

Таазим кылып ийилип,
Жыттап көрдум акырын.
Кандай кооз гулдөр - деп,
Сезилди эң жакыным...

Үзгөнум жок бирин да,
Соолуп калат себеби.
Гулдөр турса көрк берип,
Тиет бизге кереги.

Тентек балдар шоктонуп,
Тепсеп, узуп салбасын.
Жоогазындай кооз гул,
Көпкө өлбөй жашасын!..

Жүздөгөн алакандар жамгыр жааганда И шатырата чабылып, театрдын ичи дуулдап турду...

Башкы баИгеге деген жапжаңы «Ноутбук» компьютери алдына коюлуп, АкылтаИдын кучагына гүл кучактатышты. Анан да Ысык-Көлгө ата-энеси менен эс алууга жолдомо кошо берилди. Андан киИин АкылтаИдын бул иИгилигин куттуктоо үчүн, ал окуган мектебинин директору Анара АИтбаевнага, окуу бөлүмүнүн башчысы менен класс жетекчиси КаИыргүлгө сөз берилди. Алардын ар бири өзүнчө мактоо сөздөрүн аИтышты

www.bizdin.kg

да, мектеп директору мектеп кеңешинин жаңы чечимин жарыя кылды:

«Жыл боюнча окуудагы ийгилиги, тартиби жана бугунку «Жоогазындар гулдөгөндө!» аттуу республикалык конкурстагы мыкты ийгилиги учун Жашыл-Нурабад шаарындагы «Манас-Ата» Улуттук гимназиясынын 1-классынын бутуруучусу Тайыр уулу Акылтайга «Супер-окуучу» деген наам берилсин!»

Мектеп директору Анара Айтбаевна ушул жарыясын окуду да, Акылтайдын колуна «Супер-окуучу» аттуу Ардак дипломун тапшырып, кучактап бетинен сүйдү.

«Супер-окуучу! Ооба, Акылтай - Супер-окуучу!»

Жүздөгөн алакандар дагы деле чабылып жатты...

www.bizdin.kg

Керемет Кңн эне!
Керемет Көл эне!

А ч ы к турган терезеден «шау... шау... шау... шау!..» эткен көл толкундарынын добушу угулат...

Тайыр мурдун быйпыйтып, беймарал уктап жаткан уулун карап ичи эл-жирейт. Уулунун ийгиликтери болбосо, көлгө келет беле быйыл, кудай билет эле. Канчалык аракет кылганы менен, канча жылдан бери келе элек көлгө минтип Акылтайы алып келип отурат...

Бүгүн экинчи таңды тосуп отурушат көл жээгиндеги кооз пансионатта.

Тайыр туруп, терезеге жакын келди. Терезеден көйкөлүп көл көрүнөт. Уясынан эрте көтөрүлүп келаткан күндүн нуру Көл эненин көздөрүнүн кирпигиндей чачырайт. Анан Күн жарыктык көлдүн күзгүсүнөн чагылышып, экөө болуп калгандай көрүнөт. Экинчи Күн көлдүн жыбыраган миң сан тармак толкундарына аралашып, чоктой кызарып, эрип баратканда балкыйт... Айланасы бирде жашыл, бирде көк болуп түрлөнүп, бирде кызыл, бирде сарыга өзгөргөн күн нурлары көздүн жоосун алат. Тайыр мын-

www.bizdin.kg

даи сүрөттү кандаи гана сүрөтчү болсо да тартуу колунан келе албастаИ көрүп суктанат, толкунданат... КаИра уулуна караИт...

- Сауле, баланды оИготчу, - деИт акырын, «оИгонуп кетет» деп өзү да саксактаи шыбыраи унчугуп.

- КоИчу, уктасын... Кечээ кечке сууда балыктаИ оИноп жатып чарчады белем...

- УИку табылат... Карачы, мобу Көл эненин керемет сүрөтүн! МындаИ кооз сүрөттү күндө эле көрө берүүгө мүмкүн эмес! Ошону көрсө болбоИт беле...

Бул сөзгө Сауле дагы кызыгып, терезеге бир аз телмире калды да:

- Ырас эле. Күндүз деле уктаИт да...

Сауле уулун ууртунан сүИүп оИготту...

- Көлгө түшөсүңбү, уулум.

- Ооба... - деИт көзүн ачпаИ жатып АкылтаИ.

- Карачы сендеИ болуп көлгө киринип жаткан Күндү... - деИт атасы ары караган боИдон.

- Күн дагы көлгө киринеби, ата? - деИт уулу көзүн укалап тура келип... Анан атасы көрсөткөн тарапты кызыга караИт...

www.bizdin.kg

Анан үчөө ээрчишип, көл жээгине жөнөштү. Тайыр менен Сауле бирден чумкуп чыкты да, көлдү жээктеп, кум менен басып жүрүштү...

Көл жээги ээн эле. Ошондогу эркин чабактар көлдүн ар кай жеринен секирип чыга калып, секирип кайра кирген жери үй тигип тептегерек болуп, кооз майда толкундарын калтырып, кайрадан жок боло калышат... Ана, биерден, тиерден, тетиги жерден... Кандай гана сонун! Мындайды ким көргөн?!

Тайыр көлдүн бетин карап телмирет. Жөн эле телмирбейт. Ага табынат, сыйынат, жүгүнөт, ичинен тиленет, суранат, жалынып - жалбарат...

«О, Көл эне! - дейт ээгин кыбыратып».

- Сен качан, кантип жаралганыңды эч ким биле албайт!

Сенин сырың да, сыйкырың да, табышмагың да ошондо!

Сен кандай кереметсиң?!

Сага жер бетинин кайсы гана жеринен болбосун адамдардын ашыгып келишинин сыры эмнеде?

Сен кандай сулуусуң?

Сен кандай улуусуң?

Сен кандай тереңсиң?

www.bizdin.kg

Сен кандаИ табышмактуусуң?

Сен мындаИ жылуулукту каИдан алдың?

Сен мындаИ сулуулукту каИдан алдың?

Сен мындаИ тереңдикти каИдан алдың?

Сулуулугуңда эмне сыр бар?

Тереңдигиңде эмне сыр бар?

Жылуулугуңда эмне сыр бар?

Тузуңда эмне сыр бар?

Сага балам келди, о Көл эне?!

Баламды колдо!

Кереметиңе бөлө!

Күч-кубат бер!

Денесин да, жандүИнөсүн да тазарт!

Сулуулугуңду бер, улуулугуңду бер, балама!

Сууң менен дарыла!

Кереметиң менен дарыла!

Жылуулугуң менен дарыла!

Тузуң менен дарыла!

ТереңдигиңдеИ терең кыл баламды, сулуулугуңдаИ сулуу кыл баламды!

Улуулугуң менен улуу кыл баламды!

Сүрүң менен колдо! Сырың менен колдо!..

Энеси экөөбүз сенден ошону тилеИбиз!

www.bizdin.kg

Жалынып-жалбарабыз, о Көл эне!

Тилегибизди кабыл кыл жараткан! ООмиИин!»

Ушинтет да, жүзүнө бата тартат.

- Ата, - деИт АкылтаИ, - жүрүңүз, тетиги апакаИ каИыңдардын арасына «физзарядка» жасаИлы...

- ЖараИт...

Үчөө өИдөрөөктө кыркалекеИ тизилген ак каИыңдарды көздөИ тизиле чуркап келишти. Алдыда - ТаИыр, экинчи-Сауле, АкылтаИ бөжөИүп, артта. Кудум, таң эрте денесин чыңап жүрүшкөн спортчулардаИ каз-катар тизилишип чуркап алышкан. Ак каИыңдар аИлананын көркүнө көрк кошуп, саамаИ чачтары төгүлгөн сулуу кыздардаИ суИкаИышат. Көк тиреген биИигин аИтпа. Шыңга боИлуу сулуу кыздардаи түздүгүн аитпа!

Үчөөлөп, ТаИырдын көрсөтүүсү боюнча түрдүү көнүгүүлөрдү аткарып жатышты...

Ак каИыңдардын көИкөлгөн жалбырактарынын арасынан күндүн кирпиктери чачыраИт. «КандаИ гана керемет нурлар!» - деИт ТаИыр, ою оболоп.

«О, улуу Күн! - деИт ТаИыр баягы эле толкундоосу денесинен таркабаИ, сезиминен каИтпаИ, күнгө жүзүн тосуп.

www.bizdin.kg

- О, Күн эне! Сен жер жүзүн, мейли жандуу болсун, мейли жансыз болсун, баарын жылуулугуң менен, касиеттүү нурларың менен, сулуулугуң менен ырыскыга бөлөп келесиң. Ошолорго кошуп, менин мына мобу эрбейген баламды да ырыскыңа бөлө... Сулуулугуң менен, жылуулугуң менен, нурларың менен кайткыс күч-кубат бер, тазалык бер, өзүңдөй өчпөс өмүр бер, түгөнбөс бак-таалай бер, бөксөрбөс ден соолук бер, кемибес ырыскы бер! О, Күн эне! Тилегимди кабыл кыл, үнүмдү ук жараткан!»

Кайрадан эч кимге билгизбей жүзүнө бата тартат.

- Тамак ичер убакыт болду, - дейт эскертип Сауле.

- Тамак ичип алып, көлгө түшөбүзбү?- дейт Акылтай ашыга.

- Ананчы...

- Ур-раа!..

«Ушул берген бактыңды кут кыл, о жараткан!» - дейт ичинен Тайыр, дагы деле баягы оюнан арыла албай, ээгин күбүрөтүп.

www.bizdin.kg

Акылтай оорып калды

АкылтаИ эртең менен талмоорсуп зорго оИгонгон. Түштөн киИин башы ооруп, эти ысып чыкты. Кечинде бүткүл денеси от менен жалын болуп төшөккө жатып калды. Төшөгүнө батпаи ооналактаит, балыктаи туилап чабалактаИт. Кудум көл жээгинде чабак уруп сүзүп жүргөндөИ, кудум ысык кумда ысыгына чыдабаИ ооналактап жаткандаИ, кудум ак каИыңдардын арасында таштан-ташка секирип улактаИ оИноп жүргөндөИ...

ТаИыр бая эле санаториянын врачын издеп кеткен. Келе элек. Түнкү күзөткө турушпаИт көрүнөт, буларың. Болбосо ТаИыр, жок дегенде, эмчи кыздардан бирөөнү болсо да ээрчитип келбеИт беле...

Сауле сүлгүнүн бир учун муздак суунга нымдап, АкылтаИдын чекесин сүртөт, бир учу менен өзүнүн көз жашын сүртөт...

- Алтын балам аИ! Алтын балам аИ! Сук тиИдиби сага, же суук тиИдиби... АИланаИыным аИ!..

Чабалактап жаткан уулун карап, жалынып-жалбарат, жараткандан уулунун жанын сураИт...

www.bizdin.kg

- «Умай энеси колдо» - деп миң кайталайт... Көлдүн чекесинен алыстабай, кызыл кумдуу тунук жээкте уулунун балыктай сүзүп кечке ойноп жүргөнүн элестетет... Ойноп-күлгөнүн эстейт, сүйлөгөн сөздөрүн эстейт.

Көлгө жаңы келген күнү бат эле суугa түшкүсү келди да бала неме. Кайра-кайра: «Качан көлгө түшөбүз, ата? Качан көлгө барабыз, апа?» - десе, Тайыр: «Күн бир аз салкындасын, балам. Азыр аябай ысып жатпайбы. Кечки салкында түшөбүз» - десе: «А-а, азыр эмне, көл дагы ысыкпы, биртике муздаганда түшөбүзбү?» - деп күлдүргөнүн эстейт...

Бала деген бала да. Кызыгып, ашыгып жатат да, бат эле көлгө сүзгүсү келип жатат да... Атасы менен апасы түшкү ысык бир аз салкындасын деп, бала неменин ашыгып-шашып жатканы менен иши канча...

Баарынан да, Нурабаддан жолдо келаткандагысычы.

Атасынын апакай «Мерседес» машинасы орто ылдамдыкта эле келаткансыйт. Адегенде Чүйдү басып өтүп, Боомго киргенде эле Акылтай: «Ата, качан жетебиз?» - дей баштады. «Азыр, балам,

www.bizdin.kg

тетиги бурулуштан өтсөк көл башталат»-деди Тайыр. Атасы айткандай далай бурулуштардан өтүштү. Кайра эле: «Апа, көлгө качан, жетебиз?» - дей баштайт. «Аз калды, балам» - дейт Сауле.

Бир кезде Балыкчыга жете келишти. Андан өтө бергенде көлдүн жээги көрүндү.

«Анакей, көл. Карачы? Кооз бекен?»-деди рулда бараткан Тайыр, Көлдү көздөй колун жаңсап...

«Оо! Жаша!» - деп кол чаап, сүйүнүп кетти Акылтай.

«Ысык-Көл» деген ушул балам», - деди Сауле.

«Ал эмне, чын эле ысыкпы? Ыпысык көлбү?» - дейт үнү дирилдеп, көздөрү чекчейип Акылтай.

Ал: «Сулуу-Көл» деген мааниде айтылганы» - деп түшүндүрүүгө аракеттенет Тайыр. - Илгери кыргыздар көңүлүнө жаккан, сулуу көргөн көлүн ошентип «ысык» деп атап келишкен...

«Түшүндүм» дегендей башын ийкейт уулу: «Мен качан жетебиз, качан жетебиз дей берип «Ширек» фильминдеги эшекке окшоп калдым го, ата» - дейт бир кезде.

www.bizdin.kg

Анын бул сөзүн угуп баары күлгөн...

Эми минтип, эмне болуп ооруп калды, белгисиз. Миң күлгөн күлкүсүнүн бири жок, минтип алапаИын таппаИ жатат...

Саатка көзү тигилет Сауленин.

Түнкү он эки жарым...

«Врач дегендериң кырылып калганбы» - деп оор үшкүрүнөт жанын коёрго жер таппаИ Сауле. Эне да.

Аңгыча, далисте келатышкан адамдардын дабышы угулду. ТаИыр бир эмчи кызды ээрчитип кирип келди. Кыз келип эле ээрди кеберсип эс-учун билбеИ чабалактап тердеп жаткан баланын кебетесин көрүп:

- Эжеке, эмне болду уулуңузга? - деди сылык-сыпаа каИрылып. Анан жооп күтпөстөн эле, баланын чекесин кармап көрүп, температура ченегичин колтугуна салды.

Сауле ыИлагысы келип, ээгин зорго кыбыратты:

- Күн өтүп кетти окшоИт, аИлана-Иын... Кечке суудан чыкпаИ жатып... Каяктан да келдик эле...

Анан эмчи кыз сурагын баштады:

- Кустубу?

- Ооба, бир аз кусту...

www.bizdin.kg

- Ичи өткөн жокпу?

- Ичи да өттү...

- Башым ооруп, айланып жатат - деген жокпу?

- Башым ооруп, айланып, көзүм тумандап жатат - деп керебетке башын койгон боюнча уктап, ойгонбой жатат... Үч саат болду...

Бир аздан соң эмчи кыз температура ченегичин алып карады:

- «40» экен, - деди тынчсыздана. - Күн катуу өтүп кеткен... Уктап жатып ар нерсени сүйлөгөн жокпу?

- Ооба, чабалактап жатып, түшүнүксүз нерселерди сүйлөп...

Сауле сөзүнүн аягына чыкпай, көзүн сүлгү менен сүртту.

- Азыр мындай кылалы, - деди эмчи кыз Тайырга кайрылып, - баланы белине чейин чечиндириңиз. Салкын болсун, форточканы чоң эле ачыңыз. А, сиз, - деп Саулеге кайрылды, - сиз тезинен бир аз туз кошуп бир чыны муздак минерал суусун даярдаңыз. Ичирүүгө аракет кылалы... Бул дагы жакшы жардам берет.

Акылтайга суу ичирүүгө кылган аракет текке кетти. Анан эмчи кыздын кеңеши боюнча Акылтайды «жүрөгүнө

www.bizdin.kg

күч келбесин» деп, оң капталына жаткырышты да, денесин муздак сууга чыланган сүлгү менен сүртүшүп, чекеси менен желкесине басышты.

Эмчи кыз баланын акыбалын карап, жарым сааттаИ отурду да:

- УктаИ берсин. Эки-үч сааттан киИин жакшы болуп калат. Эсине келгенде сөзсүз туздуу минерал суудан ичиргиле, э, эже. Эртең менен врачты ээрчитип келип кетем. Жакшы жатыңыздар, - деди да, кезметчи врач шашылыш иш менен бир жакка кеткенин, өзү жаңыдан гана иштеп жатканын, эч кандаИ дарысы жок келгенин аИтып кечирим сурады да, туруп, кетерин аИтты...

Эмчи кызды узатышты да, ТаИыр да, Сауле да уИкуну унутушуп, АкылтаИдан эки көзүн алышпаИ түн жарымына чеИин, отурушту.

Кантсе да: «Күлкү менен уИкуда ар жок» - деп коёт эмеспи. Түн оогондо ТаИыр көзү илинип уктап кетти. Сауле уулунун эриндерин сууланган кебез менен бир сүртту да, форточканы жаап коюп, ал да үргүлөп кетти.

www.bizdin.kg

Умай баланын келиши

Түн оогон кезде эсине бир келип кайра келалбай, от менен жалынга денеси чыдабай, дагы эле чабалактап жатты Акылтай. Ысык кумда оонап чабалактап жатканы эсине бир келип, бир кетет. Ысык кумдан качат, кача албайт. Ысык күндөн көлөкө издейт, таппайт. Денеси куйкаланат... Жардам сурайт кимдер бирөөдөн... Ал келбей кечиккенсийт... Колу-буту байланып, тиги эле турган көлгө жеталбайт... Чабалактап, суу издеген балыктай чаңкап, жээкте кумда жатат. Кудум, суудан чыгып кургакта калган балыктай сезет өзүн.

«Умай досум... Умай досум... Жардам бер... Күйүп баратам, жардам бер» - деп айтайын дейт. Айта албайт. Эриндери чапталышып, кыбырата албайт...

Бир кезде эриндерин кимдир бирөө нымдуу кебез менен сүрткөндөй болду. Батташкан эриндери жумшап, бири-биринен бошоду. Кыбыратса кыбырагандай болду. Акылтай баятан миң ирет айткысы келген сөзүн кайталап кирди.

«Умай досум, Умай досум... жардам бер... Умай досум, жардам бер... күйүп баратам... өрттөнүп баратам».

www.bizdin.kg

Бөлмө тынч эле. ТаИыр да, Сауле да керебеттин бири башында, бири аягына жөлөнүп уктап жатышкан.

Аз убакыт өткөн жок, терезенин форточкасы кыИч эте ачылды. Бирөө үИдүн жарыгы түшкөн терезенин түбүнө келгендеИ болду. Бул - оор абалда жаткан досу АкылтаИга жардамга шашып келген УмаИ бала болчу. Учуучу килемин терезе түбүндөгү дүпүИгөн калың алчанын үстүнө калтырып, терезени ачып кирип келаткан. Сауле - эне эмеспи, «кыИч» эткен форточканын үнүнөн оИгонуп кетти. Бөлмө кадимкидеИ эле жарык. Түнкү шам күИүп турат. Бирок терезени ким ачты... Ал өз көзү менен мына азыр болуп жаткан керемет окуяны көрүп турду.

Адегенде «түшүмбү» деп оИлоп, көзүн чала ачкан боидон, терезе «кыич» эте каира жабылып, моитоигон кызыл жүздүү бала кирип, анын дубал түбүндөгү керебетте жаткан АкылтаИды көздөИ акырын түшүп келгенин, керебеттин четине отуруп, колу менен АкылтаИдын денесин башынан ылдыИ сылап, «киренелеп» жатканын, же тазалап жаткансып сылаИ баштаганын, кирпиктеринин арасынан көрүп турду.

www.bizdin.kg

Анан Сауле өзүн ойгоо экенин сезген соң, эмне кыларын билбей, же кыйкырып ийе албай, эриндерин бекем кымтып, унчукпастан дале болсо бүрүшүп жата берди. Колунун учун кыбыраткандан коркту, мүмкүн кыбыратайын десе деле, кыбырата алмак эместир. Ким билет? Денеси калтырап чыкты. Тайырды ойготоюн деп да, ордунан тура албады. Анысы, балким, мынабу көз алдында болуп жаткан керемет окуянын таасиринендир? Чын эле, кандайдыр бир керемет күч аны кыймылдатпай кармап тургандыр...

Умай бала да тигилер бар экен, жок экен деп да сезип койбой, алар менен түк иши жок, бир нече ирет Акылтайдын дене-боюн тазалап чыкты. Оттой жанган денесинин ысыгын кууду. Көп күндөн берки ар кимдин көзүнөн тийген «суктардан» тазалады.

Ар кимдин ар түрдүү сөзүнөн кирген «киренелерден» арылтты.

Акылтай мунун баарын түшүндө сезип жатты. Ал чабалактап кыйналып уктап жатса да, кантип Умай досу учуучу килемине түшүп алып жардамга келгенин көрүп турду. Ал келди да, киле-

www.bizdin.kg

мин үстүнө калап көлөкө кылып, ысык от чачкан күндөн калкалады. Кумдун да ысыгы кеткенсип, буттары күИүп ысыганы бир аз токтоду. Анан жээкке акырын жылып жетти да, көлгө түшүп балыктан бетер сүзүп кетти. Ысыктан денеси сууп, көшүлүп жыргап калды.

«Ырас болбодубу, УмаИ досум, ырахмат сага! Сен келбесең, ысык күндө, ысык кумда өрттөнүп кетериме аз калбадым беле...»

УмаИ бала коштошуп кете турган болду.

Ошол кезде көлгө келаткан баягы жазуучу агаИдын карааны көрүнөт. Ага кол булгалап кыИкырат АкылтаИ:

- АгаИ?! Расул Касымалиевич! Мына, баягы сизге аИткан досум. - УмаИ бала келди. Силерди азыр таанышстырам... Биякка келиңиз!

БолбоИ эле УмаИ бала коштошуп кете турган болот.

«Мен шашып жатам, АкылтаИ. Мен кетеИин... Башка күнү...» - деп кол булгалаИт...

Ошо кезде УмаИ бала АкылтаИдын денесин дагы бир ирет тазалады да, кете турган болду. Ал АкылтаИды мээрим

www.bizdin.kg

төгө соңку ирет карап алып, терезени көздөй жылды. Адегенде, керебеттин башын басып, анан терезенин кырына чыкты. Ачык терезечеге жетти да, чыгып караңгыдан көрүнбөй калды.

Терезенин пардасынын этеги бир азга делбиреп турду.

Ошондон кийин гана Сауле уйкудан ойгонгонсуп, көзү чайыттай ачылды. Эмелеки окуя же түшүбү, же өңүбү, акылы жетпеди. Бирөө мындай кереметти миң айтса да ишенбес эле го. Бирок көзү көрүп турганынан улам аргасыз ишенейин деп да ишене албай, эси кетип отуруп калды.

«Бул эмне деген кереметиң, о жараткан! - дей берди Сауле дагы эле көзүнүн жашы он талаа болуп. - Эгер алчу болсоң ал мени! Аячу болсоң ая, баламды. Жакшылыгыңды бери кыл, жамандыгыңды ары кыл. Сага гана табынам, сага гана жалынам, сага гана ишенем, о Жаратканым!» - дей берди ээги ээгине тийбей күбүрөнүп.

Ошентсе да, ордунан тура албай, жанагы керемет дагы да кайталана тургансып, терезе ачылып, жанагы бала кайра кирип келе тургансып, бүрүшө берди.

www.bizdin.kg

Бир кезде АкылтаИ колу-бутун жыИнап, эриндерин кыбырата:

- Апа, суу... суу... - деди.

Ошондо гана денесине жан киргенсип, Сауле ордунан ыргып турду. Керебет «кыИч» эткенде, ТаИыр кошо оИгонду. ОИгонду да, уулуна суу ууртатып жаткан Саулени көрүп, өзүнүн уктап калганына уялып кетти.

Сауле болсо ТаИырга эмне деп аИтарын биле албаИ, эмелеги болуп өткөн керемет «эмне деген керемет» экенин биле албаИ, ал жакшылыкка келген немеби, же жамандыкка келген немеби, ажырата албаИ, уулунун жылтыраган көзүн көргөндө шолоктоп ыИлап жиберди...

ТаИыр болсо, эмне болуп кеткенин билбеИ, селеИип катып турду...

www.bizdin.kg

«Балага агрессия улануууда» же балалыкты коргоо жана өнцктирцц комитети

Шеринедеги тополоц

Күз келип, кызыл-тазыл жалбырактар шаарды өзгөчө көркүнө чыгарып жиберди. АИрыкча, шаардын чок ортосунда «Жибек жолу» гүлбагынын кулпунуп турган чагы. Андагы ак каИыңдар менен жашыл карагаИлар өткөн-кеткендин көзүнүн жоосун алып, өзүнө аргасыз каратат. АИрыкча, түштөн киИинки салкында гүлбактагы орундуктар бошобоИ балдар менен чоңдордун көңүл ачып эс алар ордуна аИланат. Мына ушул кезде тоИлор да, ал тургаИ, ылаИыгын таап тамаша куруп тамак ичер шеринелештердин шеринелери

www.bizdin.kg

көбөйөт. Шаардын ресторандары менен кафелеринде оюн-зооктор кезек күтөт...

Бүгүн да ушул бульвардын жээгиндеги «Хан-Тоо» ресторанында Тайыр жоро-жолдоштору, ал иштеген айыл чарба министрлигинин кызматкерлери өз ара шерине өткөрүшүп, күз майрамын тоскулары келишкен. Болгондо да, үй-бүлөлөрү барлар келинчек-күйөөлөрү, балдары барлары бала-чакалары менен чогулушту. Маанайлары майрамдагыдай, ортолору түрдүү оокатка толо, тамактын түрлөрүнө үстөлдөр кайкалайт.

Айтмакчы, Тайыр менен иштегендердин арасында шаардык кеңештин депутаты Алымбек Шаршенбаевич, ички иштер министрлигиндеги чоң кызматкер Кубат Касымовичтин аялы Жанаркүл деген таасирдүү адамдар иштей турган. Экөөнүн тең балдары чоң кызматта иштеп, таасирдүү адамдардан депутаттардын «Элита» деген мектепте окуша турган. Алымбек Шаршенбаевич менен Жанаркүл Исаевалар машиналарын жиберип, балдарын өзүлөрү менен ресторанга ала келишкен.

Балдар эмне, чоңдордун кыжы-кужусун тыңшап отурушмак беле, курсакта-

www.bizdin.kg

рын тойгузушкан соң, ресторандын короосуна чыгып кетишти. Улуу-кичүү болушуп жети-сегиз бала короодо жүрүштү. Алардын ичинен эки бала ата-энелеринин айдоочуларынан машиналарынын ачкычтарын алышты да, экөө эки машинага кирип отурушту. Рулду оңду-солду буруп, терезелерден бир нерселерди сүйлөп каткырык салып жатышты. «Ланг круизерде» отурган сары бала шаардык кеңештин депутаты Алымбек Шаршенбаевичтин, ал эми апаппак «Лексузду» оюнчугундай ойноп отурган торсойгон кызыл тору бала ички иштер министрлигиндеги белдүү кызматкер Кубат Касымовичтин уулу боло турган. Аталары да өздөрүнө окшош, бири Алымбек Шаршенбаевич арыкчырай сары киши, экинчиси - кызыл жигит Кубат Касымович. Экөө бүгүн ресторанда да отуруштун көркү болуп, сөздү биринен бири жула качышып, чер жазып отурушкан.

- Актан, сен машина айдай аласыңбы?- деп терезеден башын көргөзүп, Нуркан бажылдап жатты. - Мени атам пикникке барганда айдаткан болчу...

- Эмне? Сен «Ланг круизерди» айдап көрдүңбү? - деп таң калгансып, көзү чекчейди Актан.

www.bizdin.kg

- Ооба, да... Эмне экен?
- Анда айдап көрчү...

Мактанган Нуркан Актанды өзүнө чакырды. Айдоочунун жогунан пайдаланып от алдырды да, зор машинаны ордунан жылдырды. Ылдамдыгы тез машина газга баланын бутунун башы тиери менен октой алып учкан боюнча кетти...

- Э-э-эй! Өлдүк! - деп жиберди Актан.
- Коркпо-о! - деди анда, өзү коркуп баратканы менен билгизгиси келбей Нуркан.

Бирок Нуркан корккону нан тормозду басам деп, газды дагы бир ирет тээп алды эле, машина алып-учкан боюнча алеки заматта ылдыйкы көчөгө жете барды. Светофор кызылды көрсөтүп турган. Аңылдап келаткан чоң машинаны көрүп, арытан өтүп бараткан жеңил машина жол бошото берди. Чоң машина андан өтүп, кийинки кварталды көздөй сызды.

Күн батып, бая эле кеч бешим болуп бараткан. Көчө, кудай жалгап, ээн болчу. Капкара «Ланг круизердин» чоң ылдамдык менен келатканын көргөндөр ага жолтоо болбой жол бошотуп жатышты.

www.bizdin.kg

Аңгыча, жолунан чыга берген автобустан буИтаИм - деп, ары барып капталы менен чон кара бакка жармаша түштү. «Карс» этип чыккан катуу добуш тургандарды селеИтти. Каалга шарт ачылды да, томполоңдогон бир бала качып чыгып, бакырган боИдон ары кетти. Эл ага эмес, рулда бекем жармашып, оозу-мурду канжалаган ак саргыл баланы машинадан алып чыгышты.

Көпчүлүктүн ичинен бир кара көз аИнекчен киши суурулуп келип, баланы кучактаган боюнча элден оолактады.

- Качкыла... Мен атасымын... Машинаны карап тургула... Муну ооруканага жеткирип каИтып келем... - деген сөзүн угуп, «атасы тура бечара - дешти тургандар. Кара көз аИнекчен» кандаИ машинага түшүп, каякка кеткенин да тургандар баИкабаИ калышты...

Ресторанда дуулдагандар корккону нан көзү чекчеиип, ээги ээгине тиибеи эмне деп аитканын түшүндүрө албаи сүилөп жетип келген Актандан «машина аварияга учураганын, Нуркан машинанын ичинде оозу-мурду канап калганын» гана боолголоп билишип, дүрбөлөңгө түшүп калышты заматта.

www.bizdin.kg

Физкулътура сабагында

Төртүнчү сабак физкультура сабагы болчу. Физкультура сабагы кээде мектептин ары жагындагы токойдо өтө турган. Анткени күзгү күн ысыкта мектептин сыртындагы спорт аянтында тизилип турууга же ойноого балдар чыдабай кетчү. Ошон үчүн физкультура мугалим балдарды дайыма токойго алып барар эле.

Балдар токойго барганда эле мугалим келгенче карагай-арчаларды аралап куушуп-ойноого өтүштү. Акылтай гана балдардын ичинде жүрсө да өзүн жалгыздай сезип, ою башкада болуп эленде, эмине кыларын билбей жатты. «Ою башкага кошулбаган адам - жалгыз» деген ушу тура. Анын оюнда бая күнкү кечте ресторанда болгон окуя, Нуркандын дайынсыз жоголушу турду. Телевизордогу ага издөө салынган жарыяны кечээ кечинде уккан соң, ого бетер тынчы кетти. «Атасымын» - деп алып кеткен бойдон жок болгон белгисиз кимдир бирөө баланы эмне кылды? Кайда алып кетти экен?

Уурдалганына мына беш күн болду! Атасы Тайырдан укканына караганда Нуркандын ата-энеси уулун издебеген

www.bizdin.kg

ооруканасы калбаптыр. Кокустан ма-Иып болдубу? - дешип «моргду» да тин-тип чыгышыптыр. Эмне болсо да, беш күндөн бери, жок дегенде, же күИүнтөр же сүИүнтөр бир кабар жок.

- Бала аман эле болуш керек? - деген апасы Сауленин сөзүн эстеди АкылтаИ.

- Бирок кептин баары ошол аман экен-дигинде жатпаИбы... - деди ага карата атасы ТаИыр. - Ким ал баланы уурда-ган?.. Эмне үчүн уурдады?.. КаИда алып кетиши мүмкүн?..

Атасы менен апасынын оозунан уккан ушундаИ сөздөр кичинекеИ АкылтаИды чоң кишидеИ оИлонтту. Бирок анын ко-лунан эмне келмек? Бир көргөн коркунучтуу фильмдеИ улам-улам эстеИ берге-ничи... «Ошентсе да жөн отура берүүгө болбоИт - деп оИлоду АкылтаИ, - УмаИ досума аИтаИын... УмаИ досум таап бе-рет...»

Ушинтип оИлоп келатып, АкылтаИ классташ балдардан бөлүнүп, токоИ ара-лап кетти. Бир топко чеИин жүгүрүп бар-ды да, ортосу үи ордундаи ачык болгон жерге жетип, күИүккөн көкүрөгүн басып отуруп калды.

www.bizdin.kg

- Умай досум, кел! Умай досум жардам бер! - деп күбүрөп жатты.

«Азыр агай келип издейт го» - деп да ойлоп: «Умай досум, эрте кел, Умай досум, жардам бер!» - деп артынан бирөө издеп келаткансып, акмалап каранат.

Көп деле убакыт өткөн жок. Умай бала бат эле учуучу килемине отуруп алып келип калды. Экөө көптөн бери көрүшпөй калганга сагынышып калыптыр. Узакка кучакташып турушту. Кудум жүрөгү, тилеги бир эгиздерден бетер, сагынышканын өзүлөрү да туюп турушту.

Жайында көлдө ысыктын табы өтүп ооруп жатканда келгенин эстеп, аябай ыраазы болду Акылтай. Апасынын кантип корккону айтып бергени өзүнчө эле жомок болуптур.

Акылтай ошолордун баарын төкпөй-чачпай Умай досуна айтып берди.

Умай бала Акылтайдын «Досу көп бала», «Супер окуучу» болгонун, мыкты ыр жазып чоң мелдеште жеңип чыккынын, чоң байге алганын куттуктады.

- Мунун баарында сенин жардамың чоң, досум, - деди Акылтай Умай балага. - Мен ар дайым бир иш жасарда сөзсүз: «Умай энем жардам бер! Умай

www.bizdin.kg

досум жардам бер!» - деп даИым аИтам. Анан баары жакшы болот. Ошол үчүн сага ыракмат, досум» - деди АкылтаИ УмаИ досун каИрадан кучактап.

- Жөн-жаИ эле чакырдыңбы? - деди сөз бүткөнүн туюп УмаИ бала.

- Мен сени ансыз деле сагынып, сүИлөшкүм келип жаткан эле. Бирок беш күн мурда дагы бир каИгылуу окуя болду... - деп АкылтаИ Нуркандын даИынсыз жоголгонун баяндап берди.

Ошондо УмаИ бала АкылтаИга мына буларды аИтты:

- АкылтаИ, - деди ал, - сен бул жакта жалгыз экениңди түшүнөсүңбү? Сен жалгызсың, анан да, алиге кичинекеИсиң! Сенин колуңдан чоң иш келери али алдыда! Сени чоңдор бала - деп баласынтат. Сөзүңдү укпаИт, укса да ишенбеИт. Улуулардын бир кемчилиги ушул. Алар өзүлөрүн акылдуумун дегени менен, кээде баланын акылы жеткен нерсеге акылы жетпеИт. Алар ошону да моюндарына алышпаИт. ОшондоИ болгон соң, сага чоңдордон бир жардамчы керек...

- А-а, билдим, УмаИ досум. Бизге жардам болор адам Расул Касымалиевич агаи болот, - деп аитып сүиүнүп кетти

www.bizdin.kg

Акылтай. - Эми сонун болду. Эми баарын оңой чечүүгө болот.

- Балким, ошондой болор. Мен ал агайың тууралуу дагы да көп нерсе билбейм да.

Умай бала Расул агайына ишенбей жатканына ичи тарый түштү Акылтайдын:

- Жо-ок, андай дебе, Умай досум. Ал - абдан жакшы киши. Ага ишен. Ал сөзсүз бизге жардам берет...

- Анда жакшы экен. Сен ал агайың менен ушулар тууралуу сүйлөш. Баса, ал агайың жанагы Нуркандын уурдалганын, балким, уккан эместир?

- Балким...

- Ошол үчүн сүйлөшкүлө да, болгон окуяны мага билдирип тур...

Алардын сөзү ушу менен бүттү. Бирок окуя алардын оюнан да такыр башкача уланды. Чиеленишкен анык детективге айланды...

www.bizdin.kg

«Балага агрессия улануда»

Кечки тамактануудан соң Акылтай эртеңки сабактарына даярдануу үчүн өзүнүн бөлмөсүнө жөнөгөн. Аңгыча эле, телевизордон өзүнө тааныш адамдын үнү угулуп калды. Тааныш үн аны өзүнө тартып туруп алды. «Ким болду экен?» - деп аргасыз залдын ачык турган каалгасынан баш бакты. Караса,- өзүнүн сүйүктүү жазуучу агайы - Расул Касымалиевич экен...

Сүйүнүп кетип:

- Апа, биздин агайыбыз, «Алиппенин» автору Расул Касымалиевич сүйлөп жатат! Келсеңиз! - деп кыйкырып жиберди. Анын сүйүнүп чакырып жатканынан, мектепте болгон баягы жыйында, андан кийин Опера-балет театрындагы конкурстун жыйынтыгында көргөн жазуучу экенин ойлоп, ичип жаткан чайын көтөрө телевизорго келди. Анын артынан Тайыр да келип, сөзүнө көңүл коё карады.

- Ошондон улам, түпкү калкыбыздын үчтөн бир пайызын ээлеген балдарыбыз - өзүнүн балалык бактылуу курагын татыктуу жашап жатабы? - деген суроо аргасыз туулат! - деген Расул Касымалие-

www.bizdin.kg

вичтин сөзү Сауленин да, ТаИырдын да көңүлүн бурбаИ коИгон жок.

- Бактыбектерибиз бактылуубу? ТаалаИбектерибиз чын эле таалаИлуу жашап жатышабы? Алардын балалык бактылуу курагында балалыгын өнүктүрө алдыкпы? Балалыгын коопсуз кылып, коргоИ алдыкпы, улуулар? Күн санап өз өлкөбүздө өз балдарыбызга аргессия күч алууда. Базарда каИыр сурап, балдарыбыз көбөИдү. Көрүнгөнгө кул болуп, жумушун кылып, мектепке барбаИ көчөдө жүргөн кароосуз калган балакаИларыбыз канча?! Базарда араба сүИрөп, көрүнгөндүн батинкесин тазалап күн көргөн балдарыбыз канча? Ата-энеси көр оокаттын аИынан жер кесип кетишип, көрүнгөн тууганынын көзүн карап талаалап калгандарыбыз, ошонун аИынан кулча сатылып, үИ-жаИынан адашып, тирүүнүн жетими болуп, ата-энелери балдарын, балдары ата-энелерин таппаИ издеп жүргөндөрүбүз канча?! БыИыл беш миңден ашык балдарыбыз мектепке тартылбаИ калды. Алар каИда, эмне кылып жүрүшөт...

- Туура аИтат! - деп сөздү коштоп жиберди Сауле, - биздин министрлик эмне иш кылып жүрөт муну оилонбои...

www.bizdin.kg

- Күн сайын балдарды уурдап, сатып акча тапкан зөөкүрлөр көбөйдү. Мына жакында эле «Хан-Тоо» ресторанынын жанындагы окуядан улам, үчүнчү класстын окуучусу уурдалып, аны уурдаган адам сымал зөөкүрлөр баланын ата-энесинен жүз миң сом талап кылып отурушат... Бул - эмне деген зөөкүрдүк?! Муну кантип тыюуга болот? Муну кантип алдын алууга болот? Ошол үчүн Республикабызда «Балалыкты коргоо жана аны өнүктүрүү комитети» түзүлүп, ага билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо социалдык өнүктүрүү жана да ички иштер министрликтери биргелешип иштебесек, биз өз өлкөбүздө өзүбүздүн балдарыбызды коргой албай баратабыз!..

- Капырай-ай-й! Чын эле, баягы шерине күнү жоголгон бала Алымбек Шаршенбаевичтин баласы ошол бойдон табылбай, эми минтип уурдагандар жүз миң сом берсең, баланды таап беребиз - деп жатпайбы!

- «Жүз миң сом!» - деп тактап сурады Сауле?

- Ооба...

- Аны кантип... телефондон айтышыптырбы?

www.bizdin.kg

- Ооба. Белгисиз бирөөлөр эки-үч күндөн бери жан телефонуна чалып жатышыптыр. Бир күндө бир ирет чалып коёт экен... КаИра чалса ким экенин, каИдан чалып жатышканын аИтпаИ, өчүрүп ташташат экен...

- Эми кантип табышат аларды, бечаралар...

- Балким, аИла жок, сураганын берип, баласын ажыратып алып калыш керек... Башка арга жок...

Бул сөздөр АкылтаИдын денесин дүркүрөтүп, башын аИлантып жиберди. Аны сезгенсип, ТаИыр уулун өзүнө тартып, эркелетип алдына алып кучактап отурду. Алаксытып, тиги сөздөн көңүлүн бургусу келди.

- Эртең каИсы сабактар болот, балам. Даярдандыңбы?

- Ооба, мектептен да даярданганбыз. Дагы да тапшырмалар бар?

- КаИсылар?

- Орус тилден эки көнүгүү... «Матемден» бир маселе, эки мисал... «АдабиИден» бир ыр жаттоо... «Инглштан...» сөздүк..., анан «ДоИтштан»...

- Э, аИланаИын балам... Алардын баарына качан үлгүрөсүң? - деп чыдабаИ

www.bizdin.kg

кетти Тайыр. - Кичинекей балага күндө ушунча тапшырма берүү дегенди ким ойлоп таап отурат?..

Сауле ага каршы боло мындай деди:

- Ар бир сабактын өз талабы бар да... Демек, ошого жараша тапшырма берилет да. Биз окуган жетимиш-сексенинчи жылдардагы айылдык мектептер эмес да, эптеп-септеп окуткан... Булар деген...

- Ооба, - деп жактыра бербеди Тайыр. - Ар бир сабактан күндө ушунча тапшырма аткарган балада ден соолук калабы? Биздин мектептерибиз балдарыбызга билим бербей эле, тетирисинче, алар балдарыбыздын ден соолугунан ажыратат го. Балдардын китептеринин эле салмагын карачы. Ар бири жарым килодон. Алты сабактын алты китеби эле үч килограммды түзөт. Дагы да майда-чүйдөлөрү канча? Күндө ошончо жүктү көтөрүп жүргөн баланын далысы кайкалап, жүрөк оорулуу болуп жаткан жокпу? Балдарды аёо деген сезим бизде болобу? Мына, мобул жазуучу туура айтат! Балага ар түрдүү агрессия күчөдү. Мына ушинтип күчтөп, кереги жок сабактарды киргизип, кереги жок тапшырмаларды берип зордоп окутуунун өзү анык агрес-

www.bizdin.kg

сия эмеспи! Болгондо да, маданияттуу цивилдүү агрессия!

- Эмне кылуу керек анда? Баламды жакшы окуткан күчтүү мектепке окутам деген өзүң! Анан күчтүү мектептин талабы да күчтүү болот да!

Сауленин бул сөзүнө ынанып турса да, ТаИыр макул болгусу келбеди.

- Адам дегениң резина эмес, чоё берсе эле баарын батыра берген... Же, үИлөИ берсе жел толуп чоңоё берген шар эмес да! Бир убакта «тарс» этип жарылып кетпеИт бекен?! Темир деле жешилет да. Анан ушу тырмактаИ бала ошончо жүктү көтөрө алар төө деген министр жаңылат... Мектепке, көрсө, чоң реформа керек...

Ушинтип оИлоп да, сүИлөп да жатып уулуна мээримин төгүп карап турду ТаИыр. Анын өткөн окуу жылындагы иИгиликтери, албетте, баарын кубантып келет го. Мектептин «супер-окуучусу» деген атты да ошончо тапшырманы аткарып окуп жатып алды да... Ошентсе да...

Анын бул оюн билип тургансып, уулун эркелете карады Сауле:

- Ошол үчүн уулум «Супер-окуучу» да э! - деп колунан кармап өзүнө тартты.

www.bizdin.kg

- Жок, мен буга окшогон зордукчул билим берүү системасына макул эмесмин, - деди ТаИыр баары бир чечкиндүү. МындаИ маселе акыры бир күнү коюлуп, мамлекеттик деңгээлде чечилүүсү керек!

Ошентсе да, ТаИыр уулун жетелеп, анын бөлмөсүнө жөнөдү. Ага кандаИдыр бир болсо да жардам берүүнү оИлоду.

«Балаң керекпи? Жүз миң сом...»

Азыр жан телефон деген жаИнап чыгып, элдин баары бирден-экиден көтөрүп калган чак. Мындан беш жыл мурда жан телефон көтөргөн адамга таң калышчу элек, эми анысы жок адамга таң калышчу болдук. Бирок бир жагынан, телефондун баары жакшы го, кимди каИдан, качан болсо таап аласың, а кээде анын азабынан, каИда качсаң да таап алышат... Иши кылса, бир аИда бир кат алышсаң, жаңылык болгон чак эчак артта калды.

Эми ошол жан телефонуң жан алгычыңдаИ сезилген күн да болот экен... Телефонуң «чыр» этсе, ким эмне деп сөз аИтат - деп жүрөк заарканган да мүнөт болот тура. Мына ушу азыр аИыл чарба

www.bizdin.kg

министрлигинин белдүү бөлүм башчысы, Тайыр менен жакшы ымалалаш киши Алымбек Шаршенбаевич баласынын бар же жок дайынын билбей, он беш күндөн бери убара. Ички иштер министрлигиндеги бөлүм башчы досунун канча аракети текке кетти. Эми участкалык милиция бөлүмүнүн көзүн карап отурган кези.

Бир аптадан бери улам бир түрдүү добуш менен эки-үч киши кезек-кезеги менен телефон чалат.

«Балаң керекпи - жүз миң сом бересиң...» - дейт да турат. Ким экенин, кайда экенин айтпайт. Алымбек Шаршенбаевич эки-үч күндө эле ал белгисиз адамдар сураган акчасын даярдап койгон. Бирок качан, каерден, кантип алышып-беришерин айтпайт.

ИИМдеги досунун деле айласы кетип, эмне дээрин билбей калды. Эгер курал колдонуп, «опер топ» менен изилдесек, баланы майып кылып ташташабы - деп коркот. Аялы: «Айланайын, баламдын башы-көзүнөн садага, берчи сураган жүз миң сомун. Анан кийин ал мафияны таап алышса, таап алсын» - деп, көз жашын көл кылат. ИИМдеги досу болсо, куралчан жашыруун топтун Жашыл-Нурабаддын каеринде жайгашканын билбей,

www.bizdin.kg

издөөсүн улантууда. «Акчаны берип, баланы алып жаткан учурда «опер топ» менен кармайлы» - дешип, анын сценарийин түзүп, катуу алектенүүдө.

Ошентип баш катырып отурганда Алымбек Шаршенбаевичтин жан телефону дагы да чырылдап калды. Баягы белгисиз адамдын үнү:

- Балаң керекпи? - дейт өктөм үн менен...

Үнүнүн «зоңк-зоңк» деп чыкканына караганда, куркуйган узун бойлуу, анан да орой киши болсо керек - деп ойлоду Алымбек Шаршенбаевич.

- Ооба, айланайын! Ким болсоң да баламды аман-эсен колума сал! Керек деген акчаңды ал. Мен сага айтпадым беле...- деди ордунан тура калып.

Тиги үн кайрадан кекээрдүү чыгат:

- А сен баландын майып болуп калышын каалабасаң, ИИМдеги досуң менен байланышканыңды токтот... «Опер топ» менен курал колдонуп кармайм деген оюңдан кайт... Түшүнүп жатасыңбы?

Демек, булар баарын билип алган экен... Андай болгон соң, менин ким экенимди, эмне кылып жүргөнүмдөн бери билген адамдар болгондон кийин, демек,

www.bizdin.kg

алар - ушул эле чөИрөдө жүргөндөр экен го... Душманым алыста эмес, жанымда эле экен го...» - деп оИлоп, сөгүнүп алды Алымбек Шаршенбаевич...

- Жок, дедим го, эч кандаИ андаИ аракетим жок. Мага баламды аман-эсен берсең болду. Башканын кереги жок...

- Чынбы?

- Чын...

- ИшенбеИм...

- «Ишен» - деп жатам го, аИлана-Иын...

Алымбек Шаршенбаевич эмне болсо да ишендиргиси келет, бирок маалыматтуу душман күчтүүлүк кылып, аны күндө бир маал келекелеИ берет.

Ичине сырын каткан добуш дагы эле сөзүнүн учугун аитпаи, телефонун өчүрөт...

- Эмне үчүн мындаИ? Эмне үчүн жазыксыз наристе азап тартат!? Эмне үчүн? - деит башын мыкчыи.

УшиндаИ оор мүнөттөрдө ТаИыр келип, көңүлүн сураган болот. Сураганда эмне, колунан келбеген соң. Бирок «акылабын сураган - аИыктырганга тете» демекчи, колунан келбесе, оозунан келбеИби - деген да бар эмеспи. Ал тур-

www.bizdin.kg

гай, чогуу иштеген адамдар чогулуп ак-чалай каражат да топтоп беришти.

Бул сөздөрдүн баарын үйгө келген Тайыр Саулеге айтып берип жатканда, аны бүтүндөй Акылтай уга берет. Угат да, алдыртан көз салып, иштин жөн-жайын болжолдойт:

- Балким, бул жашыруун топ баягы Жакуну уурдап кеткен жер алдында жайгашкан мафия тобу болуп жүрбөсүн? «Алардын бири Бууракан каналына түшүп өлдү. Кара «Ауди» машинасы табылды» - деп теледен айтпады беле? Демек, алар биротоло жок боло элек турбайбы?! Булардын мафиясы тууралуу ИИМ билбейт. Кайда жайгашканын андан бетер билбейт... Бул тууралуу Расул Касымалиевичке айтуу керек! Балким, Умай досума айтсамбы? Умай досу баягы Жакуну издеген жерден издеп көрсөчү... Же, «опер топ» менен барып, ошол жерди курал менен тинтсе болбойбу?.. - дейт оюнда Акылтай.

Акылтай ушинтип өзүнчө, чоң кишиден бетер, башын катырат. Оюнун аягына жетпейт...

Атасына айтсачы? Жок, ал түк ишенбейт. «Сенин жумушуң эмне? Колуңдан эмне келет, балам. Аны коюп, сабагыңы

www.bizdin.kg

окучу» - деп коёт. Ошон үчүн ага аИтпаит... Аитаиын деит, аита албаит...

Китебин ачып отуруп, оИлуу телмирет.

«Бала тарбиясына революция керек!»

АкылтаИ сабагына барып келет. Атасы эртең менен мектебине жеткирип барат, каИра түш оогон кезде үИгө алып каИтат. Ага чеИин, сабагы түш ченде аяктаИт, анан эс-алуу, тамак ичмеИ... Тамактан соң, өз алдынча иштөө. Мугалими жардам берет... Антпесе, күндө бештен кем эмес сабак... Баарынан тоодоИ толтура тапшырмалар берилет... Алардын баарын эжеИдин көмөгү-кеңешисиз аткарып жетише алышпаИт... Албетте, бул шарттар начар, орто окуган балдарга эле эмес, жалаң «беш» деген баа алган, эң мыкты, «Супер-окуучу» деген АкылтаИ үчүн да күндө оорлошуп келет...

Балалык деген жалаң эле милдеттүүлүктөн башы чыкпаган, окуудан башы бошобогон, оюнга убакыт таппаган, эртеден кечке мугалиминин аИтканын аткарып, класс бөлмөсүндө «көлөкөдө өскөн

www.bizdin.kg

гүлдөн бетер» убакыт өткөргөн куракпы? Жөк, ал кезде бала эркин ойлонуп, тапшырган ишти каалоосу менен аткарууга ниети-пейили тарбияланууга ык алуусу кажет. Баарын даяр түрдө үйрөнүүгө эмес, өз алдынча аракеттенип, кызыгуусу менен үйрөнүүгө багыт алса жакшы болмок?.. Эмитеден аткаруучулукка гана көнүп, кийин улуулардын жетелөөсүнө ык алган жетелеме адамдардан болуусунан эмитеден сактап калсак болмок! Баланын кылык-жоругуна жараша да аны сүйүү керек. Ал «бала деген баладай, башы-көзү чарадай» болуп, «айтканды туура аткарып, бергенди жеп отура бер» дегендей гана болсо десек, анда кийин чоңойгондо коркок, жалтаң, оозунан чөп алса унчукпаган момун «кой-кишини» гана тарбиялап койбойбу?

Ойлонуш керек экен...

«Жашыл-Нурабаддын мыкты мугалими» деген ушул биздин мугалимибиз Кайыргүл дагы өзүнүн мугалимдик үчүн балдарга билгенин үйрөтүп, үйрөткөнүн кайра күчтүү талап кылуу менен далилдегиси келет... Бул дегениң «эски мугалимдин эски ыкмасы» экенин, жаңы мугалим менен гана жаңы бала жаңы за-

www.bizdin.kg

мандын ыгына көнүп, ага жараша жаңы адам болуп өсүп чыгуусу керектигин эске албагандыкпы? Ооба, азырынча ошондоИ десе да эп болот.

Анын үстүнө, мугалимге министрликтин өзүнүн инспектордук талабы да ошондоИ! Андан башкача кылуу бала тарбиясында революция жасаганга барабар болмок.

Аны ким оИлонот? Качан оИлонот? Ким чечет?! Ким билет?

Ошентсе да, күндөрдүн биринде күтүлбөгөн окуя болду.

Эл үңүлүп окуп, күндө бир күтүлбөгөн окуяны күткөн «Алиби» гезитине Расул Касымалиевичтин «Бала тарбиясына революция керекпи?..» деген макаласы чыгыптыр. Министрликтин кызматкерлери, Педагогика академиясы баш болуп радио-телеберүүлөрдө ушул макала туурасында күрү-күү сөздөр жүрө баштады.

Расул Касымалиевич: «Ала-тоолук кыргыз баласынын келечеги кандаИ болорун оИлонууга убакыт жетти. Биз кыргыз баласы эмес, эч кимге кереги жок, «космополит», «функционер», коомдун кичинекеИ тетиги сыяктанган пендени тарбиялап жатабыз» - деп келип, бүгүнкү

www.bizdin.kg

биздин бала тарбиясындагы программабыз, билим-тарбия жактан концепциябыз ошого алып бара турганын, ал жараксыз көз караш сөзсүз жаңылануусу зарылдыгын баса белгилөө менен өзүнүн жаңыча «Тарбия концепциясын» сунуш кылыптыр... Анын бул концепциясы тууралуу ар күн сайын гезиттерде, мектептерде талкуу жүргүзүлүп, макалалар, чогулуш-семинарлар байма-бай өтүп жатыптыр.

- Мен муну эң туура сунуш - деп эсептейм, - деди үйдө Сауле, Акылтайлар болуп кечки тамак ичип отурушканда Тайыр. Дал ошол маалда телевизордо Расул Касымалиевич жетектеген «тегерек-үстөл» берүүсү башталып калды.

...Мисалы, кичинекей балдарга керексиз окуу сабактарын кыскартып, анын ордуна, эмитеден рухун тарбиялоого, билимге, окууга болгон табит-кызыгуусун өстүрүүгө ылайык оюн-сабак кече формасындагы көңүл ачуучу, көңүлүн көтөрүүчү, сезимин ойготуучу жана башка окутуу-тарбиялоо иштеринин системасын табуу керек. Антпесек биз, балдарыбызды күчтөп билимдүү кылабыз деп жатып, тарбия берүүнү унутуп койдук. Биз

www.bizdin.kg

«билимсиз адамдан эмес, билимдүү, бирок тарбиясыз адамдан корк» дегенди эсибизден чыгарбаИлы!..

...УшундаИ сөз жүрүп жатканда, баары бир АкылтаИ тамагын тез-тез ичип өИдө турду:

- Э-эИ, шашпа, каякка... - деп ТаИыр уулуна карады.

- «АдабиИ окуудан» ыр жатташ керек...

- Эмне деген ыр?.. ШашпаИ тамак ичип алсаң боло...

- ТоИдум, апа...

Ушинтти да ордунан тура жөнөдү. Сауле кеИип, ТаИырга карады:

- Жок дегенде, тамак ичүүгө баландын убактысы жок...

ТаИыр ага олуттуу унчукту:

- «Эне тил» деген сабак бар эле илгери. Ал дагы даИынсыз жоголуптур... Азыр балдарыбыз элдин ширин тилин сүилөбөи эле, мокок «китеп тилинде» сүИлөп калышты - деп үшкүрүндү да, минтти, - барып жардам берип коИчу...

www.bizdin.kg

Умай эне туураллуу ыр

Сауле АкылтаИынын бөлмөсүнө келгенде, ал китебин бир ачып, бир жаап, көзүн жуумп алып ыр жаттап диванда жаткан эле... Апасын көрүп тура калды да, китептеги ырды эки ирет көңүл коюп окуп чыгып, минтти:

- Апа, китепти карап текшерип турсаңыз. Мен аИтып көрөИүн.

Сауле уулунун сергек мамилесине ыраазы боло, китепти колуна алды. Адегенде ырдын мазмунуна маани берген жок. Уулу аИтып жаткан ыр саптарын, туурабы, туура эмеспи, көзү менен ээрчип, текшерип отурду...

«УмаИ эне» деИби?..

АкылтаИ жаттаганын текилдеп аИтып жаткан:

«ШеИшембиде суранган
Суранычың келчү күн.
УмаИ эне тилегин
Энелерге берчү күн...»

«ШеИшемби.» деИби? - деп, дагы да оИлонуп алды Сауле.

- Баса, бүгүн шеИшемби эмеспи. ШеИшемби күнү энелердин суранычын УмаИ эне берчү күн турбаИбы... Ооба, дүишөмбү - дүинөнүн бүткөн күнү, шеи-

www.bizdin.kg

шемби - Умай эненин күнү» - деп, жаңы келин болуп келген күнү кайненеси Таажы эне ырым-жырым жасап жүргөндөй болбоду беле... Ошол жаңы келин болуп келген күн - шейшемби күнү турбайбы, э...

Эми эстеди ошону.

«Ошондуктан бул куну
Жаман сөздөн алыс бол,
Кажылашпай, кармашпай,
Кара кылдай калыс бол...

Боло көрбө адепсиз,
Сөзду суйлө калетсиз.
Жада калса, бул куну
Кир да жуубайт себепсиз...»

Ырды Акылтай айтып бүттү...

Ошондо баягы көлгө барып, Акылтай ооруп калган түнкү болгон керемет окуя Сауленин эсине түштү... Кереметтүү мотурайган бала келип, Акылтайды «дарылап» айыктырып кеткенин, анын баарын ыйлап отуруп Тайырга айтып бергенин, Тайыр буга чейин уулу «Умай бала» деген сыйкырдуу бала менен жолугушуп, достошуп жүргөнүн, анын ба-

www.bizdin.kg

ары - бая-гыда «Жаштык» муз тепчү жаИына барганда бороондо жоголуп, эки күндөн киИин өзү келгенинде башталганын эстеди. Ошондо ал УмаИ бала жана анын УмаИ энеси менен жолукканын, андан киИин бакчада жоголгон, киИин төрөт үИүнөн алмашылып кеткен баланы табууда да УмаИ эне жана анын баласы УмаИ досу жардам бергенин, ошонун баарында АкылтаИ УмаИ бала менен баИланышып келгенин эстеп отурду.

«А-а, - деп оИлоду ошондо Сауле, - биз аталардан, энелерден калган ырым-жырымдарды унуткан экенбиз го, ТаИыр экөөбүз. Ошонун баарын көрүп-билип отуруп, жок дегенде, жаИкы эс алуу кезинде аИылга чоң эне, чоң атасына барып, эм-дом салдырып коИгонго жарабаптырбыз...»

Сауле уулун кучактап эркелетип, бетинен өпкүлөдү да, өИдө турду:

- Азаматсың, балам. КудаИым сага кубат берсин! УмаИ энең колдосун... Жакшы жатып, жакшы түш көр...

- Өзүңүз дагы... - деп АкылтаИ дагы апасынын моИнунан кучактап жыттап алды.

www.bizdin.kg

Чоц ата менен чоц эненин кецеши

Ошол күндөн бир аз өткөндө Сауле уулун алып, Теңир-Тоонун кооз тоолорунун ичиндеги чоң атасы менен чоң энеси жашаган Миң-Булак айылына келип түштү. Асманы жакын чакан айылдын үстүнөн миңдеген жылдыздар нурун төгүп, Акылтай менен апасын тосуп алды.

Бул жерден шаардыктардын чөнтөк телефондору тартпайт экен. Анын үстүнө, карыя кишилердин андай телефондор менен иши анча жок.

Булардын билинбей келип калышканы Ырыскелди чоң ата менен Таажы чоң энеге күтүлбөгөн сүйүнүч болду. Амандыкты сурашышкан соң, эртең эрте туруп сүйлөшөлү дешти да жатып калышты. Бир гана: «Тайыр небереңерге түлөө кылып, бата берип койгула - деп жиберди дегенден башка сөз айтпады Сауле.

Суйкайып сулуу таң да атты. Тоодогу мындай сулуу таңды Жашыл-нурабаддыктар күн сайын көрө беришпейт. А түнкү таза, коңур күздүн салкын абасынчы! Эх, десең! Мындай таза абага тете да дары болорбу дүйнөдө?!

www.bizdin.kg

Эки карыя алыстан келген балдары менен кайтадан учурашып, сагынычтарын таратышкан соң сөзгө кириштн. Акылтай чоң энеси каймактан көмөп куюп берген күзгү жууратка тойду да, тура качып эшикке кетти. Өзү теңдүү айыл балдары менен таанышып, ойногусу келди го.

Бирок анын оюндагыдай болбоду. Бүгүн дем алыш эмес, биринчи күн эмеспи. Балдардын баары мектептерине кетишкен. Өзү теңдүү майда балдар менен ойной албай Акылтай өзүн ыңгайсыз сезип кетти.

«Мен теңдүү балдардын баары мектепте окуп жүрсө, мен апам менен айылчылап жүрөм» - деп намыстанды. Бирок ата-энеси айтып жатса аны аткарыш керек да... Ошентсе да, бул сапар Акылтайды кыйыктанткан деле жок.

«Умай энеге арнап түлөө жасайлы»-дегени анын деле көңүлүнө туура келген сыяктуу...

Ал айылдын чаңдуу көчөсүнүн башынан аягына чейин барып, ал тургай, арттагы дөңгө чыгып кетти...

Ушул маалда келген себебин кайненесине түшүндүрүп, Сауле жайында көлдө

www.bizdin.kg

жүргөнүндөгү окуяны, андан соң кечээ эле биякка келердеги дагы бир табышмактуу туюмун аИтып берди...

Ал табышмактуу туюм баякыда АкылтаИ «УмаИ эне» тууралуу ырды жаттап отурган күнү болду беле...

Сауле уктоочу бөлмөгө келип, телевизордон футбол көрүп жаткан ТаИырды күтпөИ эле төшөгүнө кыИшая калган... Негедир, бүт денеси ымыр-чымыр ток ургандаИ титиреди да, жүрөгү «болк» эте серпилип, баягы денесинин дүркүрөгү башына жетип, күчтүү туюмга мыкчыла калды... Эмне болуп жатканын түшүнө бербеди, Сауле. Көзүн ирмебеИ жаздыгына оонады. ҮИ ичи чырак жандыргандаИ жарык боло калды. КандаИдыр нур денелүү апакаИ аялзаты көз алдында турду. Ал: «Көзүмө арбак көрүнүп жатабы» - деп, бакырып иИе албаИ, бакыруугa оозунан үн да чыкпаИ, бир керемет күч аны токтотуп турду.

Нур денелүү аял дагы деле маңдаИында турду. Ал адам беле, нур беле, кудаИ аИ, кармаса колу колуна урунар беле... Ким билет? Ал эрип бараткан күндүн нурунан төгүлүп түшө калгансып, Саулени карап, адамча сүИлөдү:

www.bizdin.kg

- Сен менден кокпогун, балам, - деди баягы нур денелүү аял. - Мен сенин Умай энеңмин... Сен Акылтайыңды төрөгөндө, мен өзүм ушул өз колум менен төрөткөм, балам... Ошондон бери, балаң менин көзүмдүн алдында... Кийин далай ирет коргоп жүрдүм, сезбедиң. Баягыда бороондо адашып майып болуп каларында да Умай баламды жиберип сактап калдым. Аны да силер түк сезбедиңер. Жайында көлгө келгениңерде да күндүн табы катуу өтүп ооруп калганда Умай баламды жиберип, анда да чоң кырсыктан аман алып калган элем... Силер, адамдар көп нерсеге туюмуңар жете бербегенден улам, көп нерсеге ишенбейсиңер... Алдыда эмне болорун баамдабайсыңар... Ошол үчүн, мен дагы да эскертип койгону атайын өзүңө келдим... Жаш болсо да, чоң кишидей акылы тетик. Акылтайыңды коргоп жүр, ал алиге жаш. Чоңдордун оюнунда жаштык кылып, алдырып койбосун...»

Ошентти да, баягы нур элес да, туюм да жок болуп кетти.

Экинчи ирет көрүнгөн бул сыр аны аябай ойлонтуп, түн бою уулунун жанында кучактап жатып таң атырган...

www.bizdin.kg

Таажы апа, Ырыскелди ата экөө өзүнчө сүИлөшүшкөн соң гана, Саулени чакырып, мындаИ деп бүтүмгө келишти.

- Мен өткөн жылы эле жанагы шаардык орус кыял балама аИтпадым беле. Бу балаңар Теңирим өзү берген, УмаИ энем өзү көз салган бала турбаИбы. Жаман сөздөн, жаман көздөн сактап жүргүлө дебедим беле... Сен балам, акылдуу-эстүү неме элең: мындан ары эми эсиңе түИө жүр. КудаИым өзү көзүңчө эки ирет эскертүү берген тура...

Анан сөздүн акырында Таажы эне эртеңки шеИшемби - УмаИ эненин күнүндө жети кемпир чакырып, «Умач аш» жасаИ турган болду.

Умай эненин «умач ашы»

УмаИ эненин «Умач ашы» дегенин Сауле буга чеИин үч уктаса түшүндө көргөн эмес. ШеИшемби күнү эртең мененки чаидан соң үигө алты баИбиче келишти. Алар үИдөгү Таажы апа менен кошулуп, жети болушту. «Умач ашты» бышыруунун тартиби да ушундаИ экен. Ошентип алар чогулушту да, адегенде Улуу Жаратканга багыштап

www.bizdin.kg

куран окушту. Андан соң, кең супараны жайып алышып, ак ундан бир табак салышты.

- Эй, шаардык келин, - деди өкүмдүү, бирок назик, жумшак үнү менен Саулеге, балпайган коңшу байбиче. - Сен көңүл коюп карап, билип ал. Биз деле бир кезде сендей суйкайган жаш келин болчубуз. Эми минтип кемшийген кемпир болдук...

Анын бул сөзүн башкалары коштоп, ызалуу күлүп алышты.

- Өмүр - аккан суу деген ошо да, - деди Таажы апа. - Жаштык деген учкан куш, колуңдан учса кайрылбайт... Келгиле, эмесе, узун күндү кыскартпай да баштайлы, байбичелер!..

Таажы апа тигилердин шаардык сулуу келинине суктана сүйлөп атканына бир чети ичи тарып, бир чети чын эле өткөн өмүрүнө суктанып, кантсе да эртерээк «Умач ашты» өткөрүп жиберүүнү каалады. Анткени Сауле уулу экөө: «Эртең кайра эле кетебиз» - деп жатышпайбы...

Байбичелер берекелүү көрүнгөн жүздөрүнөн мээрим төгүлө иштерине киришти.

Супарадагы бир табак унду ортолорына алышып, сууга нымдаган алаканда-

www.bizdin.kg

рына салып умачтап ушалаИ башташты. УпадаИ аппак ун баИбичелердин колунан миңдеген маИда мөндүрлөрдөИ тоголок-толуп, супарага төгүлүп жатты. Биринен сала экинчиси тынбаИ келме келтире күбүрөшүп, унду умачтап отурганы Саулеге да, ээгин эки колу менен таянып көздөрүн жылтыратып, көлдөлөңдө жаткан АкылтаИга да кызык көрүндү. Ырыскелди чоң ата болсо кирип-чыгып мешке кичинеден от жагып «Умач ашты» бышырууга камылга көрүп жүрдү.

Бир табак унду баИбичелер бат эле умачтап бүтүштү. Андан соң бытырадаИ үиүлгөн умачталган унду эми жети баибиче колдорун суу маи менен маилап алышып, каИрадан умачтап киришти. Анан бытырадаи төгүлгөн маига маиланган умачталган ун казандагы сууга түштү. Казандагы суу бат эле боркулдап каИнап чыгып, өңү апакаИ чаңгыл, үстүнөн маИы кылгырган, башкача бир ажаИып шорпого - «Умач ашка» аИланды. БаИбичелер ага удаалаш Улуу Жаратканга жалынып, келме келтирип жатышты.

Ырыскелди чоң ата болсо, кемегеге коИ көңдөн тирелте калап, казандагы ашты каИнатып жатты. БаИбичелер че-

www.bizdin.kg

келеринен терин куюлтуп, жүздөрүнөн кызылы төгүлүп, төрдө катар отурушат.

Бир кезде баарылап: «Бышты Умач аш, бышты» - дешип бир бүтүмгө келишти. Казанга карап ирети менен бирде жүгүнүп, ырасымын жасашты. Анан «Умач аштан» кесе-кесеге куюшуп, Ырыскелди ага узакка куран окуду. Курандан соң атайы арнап жасап жаткандан кийин деп, адегенде, Акылтайга ичиришти.

- «Быссымылда - деп уурта», - деди чоң апасы Таажы, небересине буюра сүйлөп, чекесинен мончоктогон терин апакай сүлгү менен сүртүп жатып. Анан өзүнөн өзү күбүрөп, Умай энеге табынып кирди:

- Оо, Улуу Жараткан Алла!
Оо, касиеттуу Теңир ата!
Оо, кереметтуу Умай эне!
Балама жар болгула,
Баламды колдогула,
Өмурун берекелуу кылгыла!
Бактысын тоодой кылгыла!
Ырыскысын мол кылгыла!
Жолунда тоскон душманы болбосун!
Капыстан кырсык келбесин!
Таалайына көз арткан ичи тар болбосун!
Баламды эл ичинде кыбыратып,
аман-эсен койгула! -

www.bizdin.kg

деп, анан далаИга күбүрөп, бир нерселерди сүИлөду да:

- ООмиИин! - деп жүзүнө бата тартты.

Аны коштоп, калгандары да бата кылышты.

Анан баары «Умач аштан» бирден табак ичишип, артканын кошуна бала-чаканы түгөл чакырып, баарын ичип бүтүрүштү. Акырында ар бир баИбиче узак-узак сүИлөшүп, АкылтаИга баталарын беришти...

УмаИ эненин «Умач аш» деген кереметтүү тамак ушунтип жасалып, ушинтип ичилди.

Сауле мындаИ нерсенин кантип жасалганын көрүп, анын эмне деген оокат экенин да билип алганына аябаИ сүИүнүп калды. Көңүлүндө жүргөн бир нерсе - ушул уулуна баИбичелерден бата алып алганына андан бетер ыраазы болуп, жеңилдене түштү. Деги эле, ишке барып, каира үигө келгенинен башка эч нерсеге ишенбеген күИөөсү ТаИырдын да ушундаИ «мистикалуу» нерсени жасоого руксат берип, шаардан аиылга атаиын жибергени үчүн ага да абдан ыраазы болду...

www.bizdin.kg

- Мен муну жакшы эле үИрөнүп алдым, апа... КиИин үИгө барганда да ушинтип УмаИ энеге арнап «Умач аш» жасап, УмаИ энесинин батасын небереңизге алып берип турсам боло береби? - деди баятан тартынып, эмне деИт - деп түкшүмөл болуп турган Сауле.

- Ооба, - деди Таажы апа. - БолбоИ анан. Жакшы тилек кылып, ниет түздөп, кез-кезде ушинтип балама УмаИ энесинин батасын алып берип тур. «Балама батаңды бер, УмаИ эне» - деп...

Алар ушинтип УмаИ энесинен бата алышып, шаардан апкелген таксисин чакыртышты да, кеч күүгүмдө сүИүктүү Жашыл-Нурабад шаарына жөнөп кетишти.

«Чоңдордун кебине бала аралашпайт...»

Жолдо Сауле өзүнчө оИго батып, АкылтаИ өзүнчө кыялга чөмүлүп келатышты. Сауле: «Ушу балам чоңоИгондо кандаИ адам болор экен, акыл-эстүү болсо экен» - деп оИго батса, АкылтаИ УмаИ досу, Расул Касымалиевич агаИы жана жакында жо-

www.bizdin.kg

голуп табылбай жаткан Нуркан жана аны куткарууга кантип жардам берүү тууралуу жол издей берди...

Эртеси мектептен келип, кечки тамакка ата-энеси менен отурганда, Тайыр айылда болгон жаңылыкты сурап билген соң, шаардагы окуялардан сөз кылып киришти. Ал өзүнүн бөлүм башчысы Алымбек Шаршенбаевичтин жоголгон баласы дагы эле табылбай жатканын айтып кирди.

- Бир адам улам-улам телефон чалып атып, мурдагы күнү жолугууга чакырыптыр...

Тайыр ушуну айтып баштаганда, Сауле анын сөзүн бөлүп, Акылтайга карады:

- Тайыр, кечирип кой, сөзүңдү бөлөйүн... Акылтай, балам. Тамагыңды ичип бүтсөң, барагой, «Керемет көчтү» көрүп, анан сабагыңды окуй гой... - деп, анын өз бөлмөсүнө кетүүсүн каалады.

Анын эсинде: «Баланды чоңдордун ишине көп аралаштырба, ал алиге жаш эмеспи» деген Умай эненин туюму турган...

Акылтай аргасыз өз бөлмөсүнө кетти...

www.bizdin.kg

«Эмне болуп жатты экен?.. Жанагы телефон чалган адам каякта болду экен?.. Эмне деди экен... Умай балага ал тууралуу айтсам, ал сөзсүз жардам бермек... Алардын жашынган жери, балким, белгилүү болуп калмак...»

Ошол маалда, окуя мындай болуп жаткан... Алымбек Шаршенбаевичке күн сайын белгисиз бирөө жашыруун номер менен телефон чалып тынчын кетирип жүргөн. Ал «жүз миң» сом сураганын койбойт, же уулунун дайын-дарегин айтпайт...

Бирок ошентип жатып, белгисиз баш кесер жолугушууга макул болот.

«Жетинчи кичирайонундун күн чыгыш жагындагы ээн аянтка кел» - дейт ал. Алымбек Шаршенбаевич машинасын өзү айдап, эч кимди жанына кошпой жалгыз барат. Машинадан түшөт. Адатта ошол жерде жашагандар, алардын бирин-экин машиналарынан башка эч ким жок. Гезит саткан күркө, анан чакан павильон турат.

«Мен келдим, сен кайдасың?» - дейин десе, телефондон номер чыкпайт. Кыйладан соң, баягы телефондон үн салат баягы белгисиз адам.

www.bizdin.kg

«Келдиңби?»

«Ооба.»

«КаИдасың?»

«Гезит саткан күркөнүн жанында турам...»

«А, көрдүм. Мени кара...»

«Өзүң каИдасың?»

«Мындамын, бери мени көздөИ бас...»

«Каякка, арткабы, оң жаккабы?»

«Алдыга! Мен сени көрүп турам го...»

«А мен сени көргөнүм жок...»

«Мен маңдаИыңдагы үИдүн балконунда сага карап турам го...»

«Балкондо?.. КаИсы кабаттагы?..»

«Үчүнчү кабаттагы... Сага кол булгап жатпаИмынбы...»

«КудаИ урсун... Ал жерде мага кол булгалап турган эч ким жок?..»

«ЭИ, сен каИсы кичираИондосуң?»

«Жетинчи... өзүң аИтпадың беле?..

«Сен туура эмес угуптурсуң, Алтынчы^ дебедим беле... Алтынчы кичираИонго кел... Бала керекпи?..»

Ушинтет...

Ушинтип мыскылдаган белгисиз немелер ал жерден да табылбаИт...

Ооба, АкылтаИ аралаша албаган «чоңдордун иши» ушундаИ улануууда...

www.bizdin.kg

Белгисиз бул адамдар даИынын билгизбеген боИдон убакыт өтүп жатты...

Өтүп жатты убакыт...

Чын эле алар каИда болду экен?..

УмаИ бала аны каИдан, кантип табат? КаИдан табат?

Кантип буларга жардам берет?

Расул Касымалиевдин идеясы

Жакында биринчи чеИрек бүтүп, каникулга чыгабыз, - деп жатканда АкылтаИ окуган класста кубанычтуу окуя болду. Ал окуя - капысынан Расул Касымалиевичти ээрчитип, КаИыргүл эженин класска кирип келиши эле.

Окуучулар жалпы тура калып учурашып, кубангандарынан кол чаап жиберишти.

- Ыракмат, досторум, - деп Расул Касымалиевич дагы кубанганын, кичинекеИ досторун сагынып келгенин билдирип, токтоо көздөрү менен жылмая карады.

- Мен эмне үчүн келдим, билесиңерби досторум? - деди ал, сумкасын ачып жа-

www.bizdin.kg

тып. Анан ал сумкасынан чоң китепти алып чыгып, бетин балдарды карата жогору көтөрдү.

- «Таттуу үй» - деп окушту балдар.

- Менин жаңы чыккан китебим. Силерге окугула деп белекке алып келдим... Мына эжейиңерге тапшырайын... Салтанаттуу түрдө...

Кайыргүл дагы агайга күлө карап, баары кол чаап жибериштi. Дуулдаган кол чабуу менен жапырт айтылган «ыракмат» деген сөз Расул Касымалиевичти аябай толкундатты.

Анан Кайыргүл эже сөз баштап мындай деди:

- Балдар, Расул Касымалиевич агай силерге ишенгенинен жаңы бир идеясын айтмакка келиптир. Биз агайдын идеясын колдойлубу?

- Колдойбуз! - дешти жалпы окуучулар.

- Анда, сөздү агайдын өзүнө берейин...

Расул Касымалиевич «сөзүмдү эмнеден баштасам» дегендей ээрдин бир ачып, бир кымтып, таптанып алды да, минтип баштады.

- Силер мыкты балдарсыңар! Мен силердин мыктылыгыңарга жайын-

www.bizdin.kg

дагы «Мен ким болом келечекте» деген оюнуңарды көрүп чындап ишенген элем. Ошондуктан көптөн бери айталбай жүргөн бир жаңы идеямды силер менен бирге айтып чыксам... Силер аркылуу ошол маселени көтөрүп чыксам, - деп ойлоп калдым.

Окуучулар, анын ичинде өтө сезгич Акылтай дагы: «Ал эмне деген жаңы идея?» - деп көңүл коё дымып турушту.

- Мен бул идеямды Жогорку Кеңештин депутаттарына да айттым. Колдошту, бирок жылыш болбоду. Өкмөткө да кайрылдым. Алар билим жана илим министрлигине жиберишиптир. «Акча жок, муну колдой албайбыз» - деп жооп беришти. Балдары үчүн, балдарынын келечеги үчүн Мамлекеттин, Өкмөттүн акчасы жок имиш! «Тойго» дегенде акча табылат имиш! «Балага» дегенде акча табылбайт имиш!

Ушинтти да, Расул Касымалиевич бир жагынан толкунданып, бир жагынан туталанып, азга унчукпай калды. Класс ичи дагы эле муюп турду.

- Карагылачы... Кыргызстаныбыз - эгемендүү өлкө. Эгемендүү өлкөнүн эгемендүү балдарынын Улуттук майра-

www.bizdin.kg

мы барбы? Барбы?.. - деп каИтадан суроолуу карады да, өзү жооп кылды. - Жок! Дагы аИтам - жок!

Ошол үчүн, досторум, бардан жок болгончо, жоктон бар кылсак жакшы. Биз силер менен бирге - Кыргызстан балдарынын өзүнүн Улуттук «Жомок маИрамын» уюштуралы...

- Аны эмнеден баштаИбыз? - деп тынымды бузуп жиберди АкылтаИ.

- Аныбы? - деп суроо коюп алды Расул Касымалиевич. - Аны жомок окуп, үИрөнүүдөн баштаИбыз. Эзелки жомоктон келечегибизди издеИбиз, табабыз! Анан ошол келечекке бирге барабыз...

Ошентти да, өзүнүн бүткүл оИ-максатын аИтып, өзүнүн «Шамбала», «Бакыт издеген бала» деген жомокторунун, «АИжаз менен Бегулан» аттуу романтикалуу аңгемесинин инсценировкаларын калтырды.

- Окуп үИрөнгүлө, анан ар бириңер өзүңөргө жаккан ролдорду бөлүштүргүлө да, сөздөрүн жаттагыла. Биринчи кар жааган күнү жомок маИрамын өткөрөбүз. Анткени жомоктор ак кардуу тоо-токоИлордун ичинде жашаИт... Билесиңерби?- деп оИ таштап, Расул Касымалиевич коштошуп чыгып кетти...

www.bizdin.kg

Баары жакса да, «Кап, Расул агаИ менен Умаи досум тууралуу сүилөшпөи калдым да...» деген оИдо калды АкылтаИ.

«Жашыл-Нурабадда балдарды сатып соода кылчу жашыруун уюм бар»

Баары бир, эртеси эле КаИыргүл эжеИи аркылуу АкылтаИ Расул Касымалиевичти тапты да, жоголгон Нуркан аттуу бала, ал тууралуу ата-энесинен уккандарын, билгендерин бүтүндөИ аИтып берди.

Расул Касымалиевич ошол эле күнү ТаИыр иштеген жерге келип, Алымбек Шаршенбаевичке жолугуп, уулунун жоголгонун, аны соодалап, каИсы бир жашырынган адамдар «жүз миң» сом талап кылып жатышканын, алардын күндө мазактап телефон чалып, бирок бир жарым аИдан бери уулунан же жашыруун топтон даИыны жок экенин укту.

Расул Касымалиевич бул окуя менен АкылтаИдан уккан буга чеИинки эки окуяны салыштырып көрдү. Жакунун жоголуп, табылышындагы окуя менен окшоштурду. «Балким - деди оюнда, аны

www.bizdin.kg

дагы операция кылып, бир мүчөсүн алып, аны бигизбей айыктырып, анан бир күнү таштап кетишер... Же, чындап эле жүз миң сом талап кылып жатышкандыр...» Анан оюна бир нерсе «тык» эте калып, минтти.

- Балким, баланызды уурдагандар башкадыр, а сизди эрмектеп акча доолап соодалашып жатышкандар башкадыр... же, баары чогуудур...

Ушуну айтып, ал Жаку деген бала менен болгон окуяны ортого салды.

Эки-үч күндөн кийин эле «Кыргыз байрагы» гезитине Расул Касымалиевичтин «Жашыл-Нурабадда балдарды сатып соода кылчу жашыруун уюм барбы?» аттуу көлөмдүү макаласы жарыяланды. Эмне үчүн ички иштер министрлиги ушундайларды билип-туюп жүрүп унчугушпайт?! - деген чоң доомат коюптур анда!

«Туура, - дешти окугандар, - биздин милицияга колуна салып берсең да коё берип оозун ачып отуруп калышат. Тоок уурдасаң соттошот, бала уурдаганды таба алышпайт...»

Ошол макала жарыялангандын эртеси таң эрте Расул Касымалиевичтин жан телефону чырылдап калат. Караса

www.bizdin.kg

ал - Алымбек Шаршенбаевичтин номери экен.

- Сиз менен тезинен жолугушуум керек... Мүмкүн болсо, жумушуңуздан сырткары жерде, ээн сүйлөшөлү.

- Болот...

Ошентип экөө «Жибек жолу» гүлбагынын жээгинен жолугушту да, ээн орундукту таап отурушту.

- Мен бир сыр көрдүмбү, билбейм... Чын көрдүмдү билбейм... Кечээ кечтен бери эсим ооп отуруп, сизди ойлодум...

- Айтыңыз...

- Айтам... азыр айтам... - деп жүрөгүнүн тушун басып энтигип алды. - Жүрөгүм кысылып, энтиктирип жиберди.

Расул Касымалиевич кубара түшкөн тиги кишини карап чочуп кетти.

- Эс алыңыз... Шашпаңыз...

- Коркпо, эч нерсе эмес... Азыр... Бул «эзелки тарых» дегендей кеп, Расул Касымалиевич... Жүрөгүм ошону туюп жатат окшойт...

Ошентти да, ойлуу тартып сөз баштады...

www.bizdin.kg

Эски мыктын даты жаман, эски кектин өчү жаман...

Алымбек Шаршенбаевич мындан алты-жети жыл мурда Өкмөттүн ишкердикти өнүктүрүү иштери боюнча бөлүмүндө лицензиялоо боюнча жетектөөчү кызматкер болуп иштеген болчу. Азыркы козу карындаИ жаИнаган менчик орто бизнести өнүктүрүү менен бирге, андагы көмүскө экономикага көзөмөл күчөп баштаган чак эле. Көпчүлүк бизнесчилер лицензиясыз иштеп, лицензиясы болсо да, өкмөткө жыл бою налог төлөбөИ көпкөлөң тарткандар көбөИүп, жең ичинен паИда көрүп, четтен келген гранттарды чөмүчтөИ чалып, өлкөдөгү бизнести өнүктүрүү боюнча түзүлгөн жагымдуу шарттарды өз көмөчүнө күл тартып паИдалангандар атасын тааныбаИ бараткан. ОшондоИ иштерди териштирүү боюнча өкмөттүк комиссия түзүлүп, анын төрагасы катары Алымбек Шаршенбаевич республиканын дубандарынын менчик ишканаларын текшерген.

Анын арты менен далаИ жашырынып иштеп жаткан ишканалардын бети ачылып, өкмөткө налог төлөнбөИ, электр энергиясына карызы жүз миңдеген сомго

www.bizdin.kg

жеткен бир нече бизнесчилердин дайындареги табылган. Алардын ичинен миллиондогон сом карызы менен ойноп-тойлоп жүргөн «Сан-Таш» ишканасынын жетекчисинин иши сотко өткөрүлүп берилген...

Сотко өткөрөрдө Алымбек Шаршенбаевичке Өкмөттөгү таасирдүү бир адам телефон чалып, ошол ишти жаап коюусун өтүнгөн эле. Бирок принципке бекем турган жигит аны укпай койгон. Анын натыйжасында «Сан-Таш» менчик фирмасынын жетекчиси олбурлуу болук жигитттин иши сотко ашып, Алымбек Шаршенбаевич болсо Айыл чарба министрлигине «өз арызы менен» которулуп кеткен...

Ошондон туптуура жети жыл куштай учуп өтүптүр... Аны Алымбек Шаршенбаевич эстеп-эстеп жүрүп унутуп да койгон...

Эки күн мурда иштен кеч чыгып, карды ачкандыктан бир кафеге баш багып чай иче кетүүнү туура көргөн.

Бир чайнек ысык көк чай демдетип ичип, бурчта чекесин укалап отурган... Ары жак, бери жакта отурган бейтааныш адамдарга кез-кез көз кыйыгын салып, чайдан ысык-ысык ууртайт...

www.bizdin.kg

Олбурлуу бирөө далысын салып арыта отурган...

Эмнегедир эки көзү ошол адамдын далысына каИра-каИра урунат... Тааныш деле эмес...

Бирок туюм деген - туюм белем...

Бир маалда ошол адам артында бирөө карап отурганын билгенсип, кылчая карап алды.

Бир аздан соң, баягы адам Алымбек Шаршенбаевичке каИра да бурулуп карады. Анан денесин бери бура обдулду.

ОИго тунган Алымбек Шаршенбаевич карап турганы менен тааныган эмес...

Баягы олбурлуу адам орундугунан кычырата өИдө турду да, Алымбек Шаршенбаевичтин столуна келип шашпаИ отурду.

- Салоом алеИкум... Тааныган жоксуңбу?.. - деди тиги олбурлуу жигит.

УИкудан оИгонгонсуп, Алымбек Шаршенбаевич көзүн ирмеп алып, бет алдындагы адамды көңүл коё карады да, алик алды.

- ТааныбаИ турасыңбы? - деди беИтааныш каИрадан каадалуу, чиренген калыбында.

- Жок, кечиресиз... Мен... баИкабаИ отургам...

www.bizdin.kg

- Кантип эле... чоң адамдар биздей бечараларды унутуп коёт да... Эмне, көк чай ичип?.. Жумуштан кийин жакшылап эс алуу керек го... Аны сиз жакшы билесиз го...

Анан официант кызды өзүнө чакырды:

- Сулуу кыз... Бизге «жүздөн» экини... Анан жакшы салаттан... Тезинен...

- Жок, мен рулдамын...

- Эч нерсе эмес...

- Убара болбоңуз...

- Эч нерсе эмес... Азыркы Жашыл-Нурабаддын көчөлөрүндө ичпеген адамдар машина айдай албай калышыптыр го...

Башка жактан келгендей сынап сүйлөгөн бул жигитке эми Алымбек Шаршенбаевич «кайдан көрдүм эле» дегендей шекший карады.

- Сиз...

- Ооба, мени эми тааныдыңызбы?

- Жок... Кечиресиз сиз.

- Койчу маалкатпай, сен мени жакшы тааныйсың... Азыр «жүздөн» бирден алабыз... Анан эстейсиң...

Алымбек Шаршенбаевич дагы эле өк-төм унчугуп, кекээрдүү сүйлөгөн бул

www.bizdin.kg

жигиттен негедир шексине, бирок жакшылап эстеи албаи бүшүркөи көңүл ала качты...

Тиги жигит Алымбекти күтпөИ эле бир рюмканы тартып жиберди. Анан шылдыңдаИ, каИрадан сылыктана сүИлөп кирди:

- Алымбек Шаршенбаевич, сиз бир кезде арстан болуп, мага окшогон коёндорду мыжып оИногондоруңузду унуттуңузбу?... «Сан-Таштын» чаИын ичип, бирок маИын жебеИ Алымбек Шаршенбаевич мукактана калды, кеткениңизди эстесеңизчи...

- Сиздин «чесныИлыгыңыздын» эсесин ким канча тартты?.. Билесиз... Мен жарым жыл отуруп чыктым... Бирок азыр кудаИга шүгүр, жашап жүрөм... Жаман эмесмин. Сиз болсо, тишиңиздин кирин соруп, сасыган бир бөлмөдө, сары чаИ ичип жашап жатасыз...

- Эстедиңизби... Дагы да эстеИсиз...

Анан идиштин түбүндө калган аракты өз рюмкасына толо куИду да, бирок жактырбагандаИ болуп, кичине ээгин тиИгизип, каИра столго коИду.

- Мени эми көрбөИсүз... ИздеИм, табам, - деп убара болбонуз. Мен бул жакта эмесмин... Сырттамын... Бирок мен

www.bizdin.kg

сизге эң керектүү кишимин... Эсиңизде болсун! Тагдырыңыз - менин колумда. Кош болуңуз! Артымдан чыкпаңыз!..

Эмне сөз болуп жатканын ойлоп түшүнө албай, отурган ордунда катып калган Алымбек Шаршенбаевичке анын: «Тагдырыңыз менин колумда» деген табышмактуу сөзү мээсине мык болуп кайра-кайра кагылып жатты...

«Эмне үчүн? - деп ойлоп жатты ал башын мыкчыган бойдон. - Эмне үчүн менин тагдырым анын колунда болмок?.. Эмне, жети жылдан мурдагы эзелки өчүн эми алып, мени өлтүргүсү келип жүргөнбү?.. А өлтүргүсү келсе, коштошуп кетмек беле...»

Ошентип ой туңгуюгунан бошоно албай отуруп, башынын катуу ооруганынан коркуп кетти... Коркуп кетти да, чайдын акчасын шашылыш төлөп, эшикти көздөй басты...

Ошондо жоголгон уулун эстеди... Үйдө күтүп отурган уулу жок, жүрөгү дагы бир ирет «зыр» эте түштү. Анан жанагы жигиттин «тагдырыңыз - менин колумда» деген кекээрдүү сөзү эсине келди...

«Эх!» - деп алды да, башы айланып, өзүн жоготуп койду...

www.bizdin.kg

...Көзүнөн жашы кылгырып отуруп, Алымбек Шаршенбаевич ушул окуяны Расул Касымалиевичке зорго аИтып бүттү.

- Көрсө, баламды уурдаган зөөкүр ошол экен го. - деди оор үшкүрүнүп. - Эзелки кегин алгысы келген тура!.. «Эски мыктын даты жүрөгүмө батып баратат... Расул Касымалиевич, жанагы сиз гезитке жазып, көтөрүп отурган мамлекеттик маселе - дал ушунун өзү эмеспи!

КаИгыга баткан адамдын ачуу үшкүрүгү Расул Касымалиевичтин денесин от менен каптап өткөнсүдү.

- Көрдүңүзбү, - деди ошондо ал муштумун бекем түИүп, - зөөкүр кылмышкер аз болсо да, уюмдашып алгандыгынан улам күчтүү жана көп, а биз көп болсок да бирикпегендигибиз үчүн азбыз, бечарабыз... Азбыз! Биригүүбүз керек...

Алымбек Шаршенбаевич эрксизден көз жашын жүз аарчысы менен сүртүү.

- Сиз абдан туура аИттыңыз. Бул - жеке адамдын жеке тагдыры эмес. Бул - мамлекеттик масштабдагы көкөИ кести проблема! - деп сөзүн андан ары улантты Расул Касымалиевич. - «Балалыкты коргоо жана өнүктүрүү» аттуу комитет

www.bizdin.kg

түзүү өтүнүчү менен Өкмөткө кайрылып жатам. Буюрса, макулдашып жатабыз. Ага бүтүндөй күч органдары менен бирге билим, маданият жана башка министрликтер да баш кошушат. Буюрса, мындай зөөкүрлөрдүн уюгун таап, ташын талкан кылабыз...

Сөз бүтүп баратты.

- Мен доктурума барайын... - деди алсыз, Алымбек Шаршенбаевич жүрөгүнүн тушун басып, - врачтардан зорго жоop сурап келдим. Бул эле жердеги өкмөттүк ооруканадамын... Эки-үч күн дарыланып алып, сиз менен кабарлашайын...

- Мен да ага чейин бир нерсени ойлонормун. Буюрса, уулуңузду аман-эсен табабыз...

- Оозуңа май, Расуке... Балам аман-эсен табылса...

Ушуну айтып, кайрадан жүрөгүн мыкчый калды:

- Эч нерсе эмес... Азыр...

www.bizdin.kg

Зөөкцрлөрдцн жашыруун жайы табылды

УмаИ бала учуучу килемине түшүп алып, күндүзү да, түндөсү да бу кең ЧүИдүн ар бир коктусу менен жылгаларын калтырбаИ көзөмөлдөп жүрдү. Чыгышынан бери келгенде: Сын-Таш, Жылуу-Булак, Салкын-Төр, андан аркы Ак-Булак капчыгаИлары аИрыкча көңүлүндө турду. Анткени мурдагы окуя эсинде турган: Салкын-Төр капчыгаИынын токоИлуу коктусундагы жашыруун жаИдагы жертөлөнү канча ирет текшерди. Бирок ал жерде эч нерсе жок болуп чыкты. Эми аИрыкча, Жылуу-Булак капчыгаИы негедир көңүлүн буруп, бир нерсенин шеги бардаи аиланчыктады.

Бир күнү күздүн саргаИган чөбү баскан билинбеген жол менен бир боз түстүү машина келди да, коктуга кирип көрүнбөстөн жок болду. Аңдып келип, үстүнөн каИкып учуп өтсө, дубалдаИ болгон тегиз буИткалуу бетте гараждын каалгасы түспөлдөнгөн боз темир каалга тургансыИт.

Каира-каира каирылып өттү... Умаи бала баамдагандаИ эле, каалга экен.

www.bizdin.kg

«Болсо болгондур, бирок булар кимдер болду экен?..» деген ой Умайды бийлеп алды. - Бул, болду-болбоду жөн жай жер эмес, жашыруун жай болсо керек. Ким болсо да ушундай жерде бекеринен жайгашкан жок.

Жүрөгү да сезип тургансыды бир нерсени. Кандайдыр бир туюм ал жер өтө жашыруун жай экендигин, ал жерде эки чоң адам, бир жаш бала бар экендигин, экөөнүн ниетин кара чүмбөт басып, баланын жүрөгү көз жашка толуп, жарылар чегинде турганын сезди. Умай бала кереметтү Умай энеден жардам сурап, анын аныктыгын туйду... Булар баягы Жакуну уурдаган зөөкүрлөр экенине да чындап ишенди.

Бир канча убакыт көзөмөлдөгөн соң гана, темир боз каалга билинбей ачылып, баягы боз түстүү машина чыгып, ылдый жөнөдү. Ийрилдик жолу жыландай чубалжып жаткан бу бозоргон тар коктудан боз машина билинер-билинбес эле көрүнөт. Умай бала кайкып учуп келди да, машинанын үстүнөн айлана өтүп, алдынан тороду. Машинадагы адам аны көрүп, токтой калды. Көпкө чейин турду да, машина кайра артка жөнөмөкчүдөй

www.bizdin.kg

көрүндү. УмаИ бала каИрадан анын арт жагынан аИланып учуп келип, жолун каИрадан тороИ келип жерге конду.

Машинанын каалгасы ачылып, узун боИлуу бетине кара чүмбөт тагынган, тартаИган адам чыкты. Чыкты да УмаИ баланы карап туруп, бетин жапкан кара чүмбөтүн чечип, жерге таштады.

- Сен баягы... немесиңби? - деди тиги «зоңк-зоңк» эткен үнү менен, бирок таИ-салдагансып калтырап тургансыИт.

- Тааныдыңбы?

- Ооба... деги сен, бала. Эмне деген жансың?

- Мен...

- Же, менин жанымды алчу немесиңби? Же, Улуу кудаИдын периштесисиңби?

- КудаИдын атын оозанганыңа канча болду?

- КудаИ урсун, аны оозанбаганыма көп болду? Азыр каИрадан көрүнгөн улуу сырдан улам, кудаИ бар экенине чындап ишенип отурам...

- АндаИ болсо, мен УмаИ баламын, - деди УмаИ бала, тигини сынаИ карап. - Мен Улуу кудаИ өзү жараткан пенде балдарынын коргоочусумун! СилердеИ зөөкүрлөрдөн балдардын өмүрүн сакта-

www.bizdin.kg

ган сакчысымын!.. Кудай бар экенин ойлосоң, ошол! Нуркан кайда?..

Бул суроого тигил зөөкүр буйдала калды эле, Умай бала демитип жиберди:

- Жакуну салган азапка Нурканды да салып, муштумдай жаш жүрөгүнө көз жашын толтуруп, тумчуктуруп өлтүргөнү калыпсыңар го! Таап бер азыр!

Чындыгында, бул - узун бойлуу тартайган адам сыягы жок таш боор неме, баягы Жакуну уурдаган, анын бөйрөгүн операция кылып сатып марыгандардын бири, анан аны Умай баланын күчү менен, Термезге сатып жиберерде бакчасына аргасыз кайра жеткирип берген зөөкүрдүн өзү эле. Ошондо, бул - «Паханына» калп айтып, жолдон рейдге кабылып, баланы издеп жүргөндөр кармап алып, зорго качып кутулуп, машинам менен «Бууракан» каналына түшө качып араң аман калдым - деп, зорго жанын сактап калган зөөкүрдүн өзү ушу эле. Бир менчик фирманын ээсинин Нуркандын атасына болгон өчүн алып бермекке, анын уулун уурдап, «Паханына» апкелип берип, андан элүү миң сомду өз энчиси катары алып маарыгысы келип жүргөн зөөкүрдүн дал өзү ушул эле!

www.bizdin.kg

Мына эми, каИтадан УмаИ баланын жолуна кабылып, колуна түшүп отурат.

«Уурунун жолу кууш» дегендин өзү да ушу белем.

- Болуптур... - деди зөөкүр күрсүнүп,- менин жанымды коИ, Нурканды өз колуңа тапшырам...

- Качан?.. Ал каИда?

- Азыр аИта албаИм...

- Качан аИтасың?

- Эки күндөн киИин, үчүнчү күнү чак түштө тетиги Кызыл-КаИкыдагы чоң таштын жанынан баланы алып кетесиң...

- Убадалаштыкпы?!.

- Сөз бүттү?..

УмаИ бала учуучу килемине отурду да, жеңил көтөрүлүп, коктуну өрдөп кетти. Тиги зөөкүр болсо, эс-акылын жыя албаИ, экинчи ирет көргөн бул кереметке эмне дээрин билбеИ, жакасын карманып көпкө турду.

Жакасын кармаса, миң кармана бersин, ал эми бул ирет кылган кылмышы, адамга адам жасабаган зөөкүрлүктү жасагандыгы үчүн кудаИ алдында кантип жооп берер экен?!.

КаИсы бир чет элдик наркобарондун леИкоз болуп ооруган аялына жаш ба-

www.bizdin.kg

ланын таза канын куИса болот экен деп, ошол максатта Нурканды уурдап келип, анын жаш канын бир жарым аИдан бери ал аялга куюп жаткан жашыруун эксперименти Улуу КудаИ кечиреби? Анан иш бүтүрүшкөн соң, бечара баланы чет өлкөгө чоң суммадагы долларга кул катары сатып жиберүүгө даярдык көрүп жатышканын мыИзам кечиреби?! Улуу КудаИ дагы, мыИзам дагы кечирбеИт!

Эгер ал максаты ишке ашпаИ калса, бул эки зөөкүр Нуркандын атасынан талап кылган акчаны алышы керек эле да, из жашырып, биротоло башка жакка кетиши керек эле... Алардын божомолдогону ушул болчу. Ошонусуна «жете алар бекенбиз» деген эки көзү төрт болчу...

Зөөкүр ушуну оИлоп, үчүнчү күнү эмне кылуу керектигин акылдашмакка «паханын» көздөИ аргасыз артка каИтты.

www.bizdin.kg

Умай бала кайтадан Акылтайга келди

Ата-энеси «окубасын» деп катып койгон «Кыргыз байрагы» гезитин Акылтай окуп алды. Андагы Расул Касымалиевичтин «Бала сатып кылмышкерлик кылган зөөкүрлөрдүн жашыруун тобу» туурасында чагылгандай жазылган макаласы Акылтай үчүн жаңылык эмес эле. Аны Расул агайынын өзүнө айтып берген. Эчактан бери Умай досу аркылуу алар менен күрөшүп келаткан.

«Мейли, алар Өкмөт менен биргелешип балдарды коргоо комитетин түзө беришсин. Алар ишке киргенче, мен Умай досумдан жардам сурайын. Балким, Умай досум тезинен таап берер...» деген ниетте, досу менен эртең жолукмакка кыялданып жатып, Акылтай уктап баратты.

Дал ошол уйку-соодо Акылтайга Умай досу жолукту. Кудум экөө бири-бирин издеп, күтүп жатышкандай, бир күчтүү туюм экөөнүн сезимдерин табыштырды. Балким, экөөнүн ортосундагы биотелефон жардамга келип, экөөнүн туюмдарын байланыштыргандыгынан болгондур.

www.bizdin.kg

Экөө ошол биотелефон аркылуу туюмдарында сүйлөшүп жатты.

«Мен азыр сенден аябай-аябай алыстамын, - деп жатты Умай досунун назик ички добушу. - Сен менин сөздөрүмдү унутпай эстеп калууга аракет кыл. Ансыз деле эске тутуун жакшы. Мен Жылуу-Булак капчыгайынан Нурканды барымтага кармап жаткан кылмыштуу топту таптым. Алар баягы Жакуну уурдап кеткен зөөкүрлөрдүн өзү экен. Үчүнчү күнү чак түштө Жылуу-Булак капчыгайындагы Кызыл-Кайкыдан жолугасыңар... Мен дагы ошол жерге келүүгө аракет кылам... Сен тезинен Расул агайыңа айткын. Жардамчы күчтүү топ менен жашыруун түрдө жолун тосуп кармашса болот...»

Умай досунун биотелефону үзүлдү белем, коштошпой сөзүн бүттү Умай досу...

Эртеси сабакка келген соң, түндөгү Умай досунун тапшырмасын Расул Касымалиевичке айтканча шашты.

- Кайыргүл эжей, - деди биринчи эле танаписте Акылтай, эжейин далистин бурчуна чакырып. Анын үнү дирилдеп, колдору калтырап турган болчу.

- Эмне болду? Ооруп калдыңбы?

Кайыргүл да сезимтал, сүйүктүү окуучусунун алайган көздөрүнө тигилди.

www.bizdin.kg

- Жок... ЭжеИ, Расул Касымалиевич агаИ менен сөзсүз жолуккум келет... АИта турган сөзүм бар...

- Качан жолуктураИын.., - деп КаИыргүл жан телефонун кармалады.

- Атам келгенче...

- ЖараИт...

КаИыргүл болгон сөздү аИтып: «Түшкө чеИин мектепке келе алар белеңиз» - деди эле, ал «макул» дегендеИ болду.

- СүИлөштүм. Бир сааттан киИин келем, - деди...

- Рахмат, эжеИ... Рахмат...

АИткандаИ эле, Расул Касымалиевич киИинки танаписте ашыгып келип калды. АкылтаИ экөө сыртка чыгып, ары жактагы токоИго кирип кетишти. Акылтаи Умаи досу менен сүилөшкөнүн аитты эле, Расул агаИы ишенип-ишенбеИ жатып макул болду. Тезинен ишке киришерин билдирип, каИтып кетти.

Алымбек Шаршенбаевичке келсе, баягы белгисиз бирөө дагы да телефон чалып: «Балаң керек болсо, Жылуу-Булак капчыгаИындагы 25-километр белгиси коюлган Кызыл-КаИкыга чоң кара таштын түбүнө жалгыз кел. АИткан акчаңды ала кел» деген буиругун угуп, элеиип отуруптур.

www.bizdin.kg

«Демек, чын экен. Баары дал келди» - деп ойлоп Расул Касымалиевич Алымбек менен кеңешип, ИИМдеги анын досторуна билдиришти. Алар тезинен күчтүү куралданган «опер топ» түзүшүп, иштин так планын түзүштү.

Ошентип, баары үчүнчү күндү күтүп жатып калышты...

Капка салынган бала

Баары алдын ала акылдашкандай башталды. ИИМдин жети снайперден турган кыраакы «Бүркүт» тобу экинчи күндүн түнүндө жанга билинбей Кызыл-Кайкынын арча-четиндүү өйүз-бүйүзүнөн бекем орун алышты. Таңдан баштап кайкыдагы чоң кара таштын айланасындагы жөргөлөп жүргөн чычкандарга чейин карап, көз салып жатышты. Булардын ичинде Расул Касымалиевич дагы бар болчу. Техникалык жардам иретинде капчыгайдын оозундагы дачалардын ичине брондолгон үч «Жип» машинасы коюлду. Алар рация менен ар бир эки мүнөт сайын байланышып жатышты. Ким билет, тиги зөөкүрлөр каяктан келет - капчыгайдагы жертөлөдөн

www.bizdin.kg

келеби, же Жашыл-Нурабад тараптан баИкатпаИ келишеби, белгисиз эле...

Чак түш да келип жетти...

Сааттын жебеси 12ни көрсөттү.

КапчыгаИ тараптан кара түстөгү брондолгон «Хамер» машинасы катуу ылдамдыкта келатты. Дал ошо маалда Кызыл-КаИкыга кызыл-күрөң түстөгү «Ауди» да келип токтоп, ичинен купкуу болуп арыктаган Алымбек Шаршенбаевич жалгыз чыгып келди. Ал: «Мен мындамын. Өзүм элемин» дегени эле.

Капкара «Хамер» Алымбек Шаршенбаевичке жакын келип токтоду да, арткы терезеси ачылып, кара чүмбөт киИген адам көрүндү. Алымбек Шаршенбаевич даярдап турган акчаны жылаңач тутамдап сунду...

«КанакеИ, балам» дегендеИ, акчаны бергиси келбеИ, «баламды берсең, анан акчаңды берем» дегендеИ, көз ирмемче буИдалып турду Алымбек Шаршенбаевич.

КиИинки көз ирмемде акчаны алган чүмбөттүү адам аИдоочуга кол шилтеди. «Хамер» «ар-рр» эте ордунан жылды. Ошондо даяр турган снаИперлер ок жаадырып жибериштн. «Хамер» өгүздөИ

www.bizdin.kg

өкүрүп Алымбек Шаршенбаевичти аз жерден тепсеп кете жаздап, жандап өтө берди. Колунан акчасын алдырган Алымбек Шаршенбаевич аз жерден тепсендиде кала жаздап чалкасынан кетти да, чаңга аралашып жатып калды.

«Хамердин» ачуу күрүлдөгүн жамгырдай жааган октун үнү басып, капчыгай ичи заматта алааматка түшүп калды.

Эсине келе албай Алымбек Шаршенбаевич жакын эле жерден жаш баланын үзүл-кесил уңулдап ыйлаганын угуп, обдулуп тура албай чаңда жатты. Үн кайдан чыгып жатканын, өзүнүн кайда жаткан-нын билбейт. Бир топтон кийин жанына жетип келген Расул Касымалиевич бетине суу чачып өйдө кылганда гана өзүнө келгендей болду да:

- Балам барбы, айланайын... - деп өңгүрөп ыйлап жиберди жаш балача.

Карбаластаган Расул Касымалиевич ары-бери карады. Ошондо гана тээ арыта чаңда оонап бир мешок жатканын, мешок былкылдап ичинде жандуу бир нерсенин бар экенин байкады. Андан жаш баланын ыйы чыгып жатканын кулагы чалды.

www.bizdin.kg

Алымбек Шаршенбаевичти жерге таштаИ салып, жүгүрүп капка жетти. Каптын оозун ачып бала бар экенин көргөндө Расул Касымалиевич:

- СүИүнчү! Балаңыз тирүү... - деп кубанганынан кыИкырып жиберди. - Бактыңыз бар экен!.. Нурканыңыз тирүү... Мына!

Ошентти да, машинадан күү менен ыргытып жибергенде тоголонуп барып, бети-башы тытылып, бирок акыл-эси ордунда, ыИлап жатып чарчап алы кеткен Нурканды наристе баладаИ кучактап, ордунан тура албаИ буркурап ыИлап турган Алымбек Шаршенбаевичти көздөИ көтөрүп келатты...

«Жомок майрамы» - Кыргызстан балдарынын майрамы

Зртең жомок маИрамы» деген күнү окуучулар, КаИыргүл эжеИ жана ата-энелери мектептен каш караИганда кетишти. Анткени балдардын соңку даярдыгын көрүү керек эле. МаИрамга КаИыргүлдүн эле окуучулары гана эмес, мектептин бүткүл окуучулары катышмак. Алардын ата-энелеринен да

www.bizdin.kg

келип отурушту. Бул соңку даярдыкты көрүүгө Расул Касымалиевич дагы катышып, эртеңки майрамдын маанисин, ага даярдык жакшы экенин, буюрса, майрам жакшы өтөрүнө ишенгенин айтып, эл менен ал дагы чогуу кайтты.

Мектептин чоң фойесине чыга келишкенде, бардык ата-энелер: «Биздин мектептин супер-окуучусу» - деп сүрөтү илинип турган Акылтайды көрүшүп, анын чекесинен өөп учурашышты. Ушундай мыкты уулду тарбиялап өстүргөн ата-энесин да алкап өтүштү. Расул Касымалиевич дагы Акылтай тууралуу эң бир сонун сөздөрүн айтып: «Чыныгы супер экенине эртең дагы бир ирет ынанабыз» - деп, анын мыкты достору тууралуу да мактоо сөздөрүн айтууну унуткан жок.

Үйгө барып, өз бөлмөсүндө уктоого кеткенде да көпкө чейин уктабай жатып, Акылтай Умай досун ойлой берди. Ага миң ыракматын айтып, Умай энесине миң ирет жалынды.

Бая күндөн бери үзүл-кесил, же ата-энесинен, же кийин Расул Касымалиевичтен тактап уккандары, капка салынган Нуркандын табылышы, атасынын абалы, экөө тең азыр ооруканада дарыланып, психологдун көзөмөлүндө экенди-

www.bizdin.kg

гин, зөөкүрлөр качууга аракет кылышканы менен баары бир узабаИ, «Хамер» машинасы капчыгаИда катуу аварияга учурап, ичиндеги экөөнүн тең өлүгү табылганын, жүз миң сом ээсине каИра каИрылып берилгенин угуп, бирине төбө чачы тик турса, экинчисине кубанган. Ошонун баарына УмаИ баланын жардамы чоң болсо да, ал тууралуу бир ооз сөз аИтылбады. «Жашыл-Нурабаддын чыгыш-түштүгүндөгү «Жылуу-Булак» капчыгаИында жашынып жатышкан кылмыштуу топ ИИМдин «Бүркүт» тобунун өткүр жигиттери аркылуу колго түшүрүлгөнү» туурасындагы дуулдаган көп сөздөр кулак тундуруп телевизор менен радиодон күндө аИтылып, андан бетер ызалуу жүрдү.

«Качанга чеИин сенин балдардын коргоочусу экениңди адамдар билбеИ жүрө беришет, УмаИ досум? Сен качан элге көрүнөсүң? Сен ошондоИ зөөкүрлөргө даана көрүнүп коИсоң, балким, адамдар зөөкүрлүгүн токтотушат беле...

Качан сени балдар билип: «УмаИ бала - биздин баарыбыздын досубуз», - деп сыИмыктанышат?! Качан сени: «Биздин коргоочубуз бар» - деп коркунучсуз жашашат?

www.bizdin.kg

Качан?

Качан?

Ушинтип жатып, уктап кеткенин билбей калды.

Эртеси «Манас-Ата» Улуттук гимназиясын балдардын майрамы шаңга бөлөдү. Эшиктин астында: «Жомок майрамы - Кыргызстан балдарынын улуттук майрамы» - деп бадырайта жазылып илинип коюлган.

Майрамга деп, буга чейин келбеген Билим жана маданият министри, КТРдин директору, Басма үйлөрүнүн, Борбордук китепканалардын башчылары, Куурчак театрынын, мектептердин, бала бакчалардын, билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери келишти.

Салтанатты жазуучу жана окумуштуу Расул Касымалиевич ачып, узакка сөз сүйлөдү.

Сөзүндө ал Кыргызстандын балдарынын мындай улуттук майрамы эгемендүүлүктөн бери уюштурулбагандыгын, буга чейин майрамдалып келген 2-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп сүйүүчүлөрдүн майрамы экендигин, ал дүйнөлүк жомокчу Х.К.Андерсендин туулган күнүнүн урматына майрамдаларын, ал эми 1-июнь

www.bizdin.kg

болсо, өткөн кылымдагы улуу согуштан калган эл аралык саясиИ маИрам экендигин, ошондуктан эгемендүү Кыргызстандын эгемен балдарынын өзүнүн улуттук маИрамын уюштуруу зарыл экендигин далилдеп аИтты.

Анан да, маИрамдын максат, милдеттери катары Кыргызстан балдарын рухиИ жардылыктан сактап калуу, элдик маданиятты, улуттук нарктарыбызды, анын ичинен, балдарыбызга китеп окуу маданиятын каирадан каитарып берүү, деги эле балдарыбыздын балалыгын коргоп калуу, аны өркүндөтүү, «балдарыбыздын балалыгын бактылуу балалык кылуу», балдар китептерин, балдар экранын, балдар сахнасын өркүндөтүү зарылдыгын баса аИтты...

Келген министрлер, уюм, мекемелердин жетекчилери бүгүнкү жолугушуу улуттук деңгээлдеги зор маИрам болгондугун туура түшүнүшүп, бир добуштан колдоп чыгышты. АИрыкча, Билим жана маданият министри, КТР, Балдар театрынын жана басылмалардын жетекчилери бул маИрамдын келечеги зор экендигин баса аИтышты. Анын демилгечиси болгон балдардын сүИүктүү жазуучусу

www.bizdin.kg

жана белгилүү окумуштуу Расул Касымалиевичке чоң ыраазычылыктарын айтышып, ишине ийгилик каалашты.

Сөздүн жыйынтыгында мындай майрамды жыл сайын салттуу өткөрүү үчүн Өкмөткө кайрылуу иретинде жазылган катка жалпы кол көтөрүштү...

Андан соң балдардын майрамына кезек келди. Акылтай баштаган достору, классташтары, адегенде, ар түрдүү көркөм айтышып, ырларды ырдап, бийлерин бийлеп беришти. Кыргыздын элдик жомокторунан, дүйнөлүк мыкты жомоктордон инсценировкаларды аткарышты. Аларга айрыкча, Расул Касымалиевичтин «Шамбала» жана «Бакыт издеген бала» аттуу жомокторунун инсценировкалары аябай жакты.

Баарынан да маңдайында жылдызы жаркырай жанып, жүзүн жадыраткан, «Мектептин супер-окуучусу» аталган Акылтай майрамдын ажарын ачкан периштедей болуп, көпчүлүктүн эсинде өзгөчө калды...

Оюн жабыларда Акылтайды колунан жетелеп, Расул Касымалиевич алдыга чыкты. Анан кол чабуулар токтогондо эки ооз мындай сөзүн толкундануу менен айтты:

www.bizdin.kg

- Мени ушул идеяга шыктандырган, мага дем берген, мага көп нерсени үИрөткөн, менин окутуучум, мугалимим - дал ушул «Супер окуучу» - АкылтаИ ТаИыр уулу! АкылтаИ үчүн кол чаап, периштедеИ болгон ушул балабызга баарыбыз бата берип коёлу, - деп сөзүн бүтүрдү да: - ООмиИин! - деп жүзүнө бата тартты.

Баары дүркүрөп бата кылышты...

«Салкын-Төр» капчыгайындагы сөцку кездешцц

ЖаИ аптабы бүтүп, күзгү салкын түшсө да, шаардыктардын баягы эле адаты. Эс алгысы келсе, шаардын чаңдуу түтүнүнөн «Салкын-Төр» капчыгаИын кагып, таза абасынан бир жутуп келмекке ашыгышат.

Бул ирет дагы да жакшы шылтоо табылды.

Алымбек Шаршенбаевич уулу Нуркан менен ооруканадан эсен-аман чыгышкан. Албетте, алардын өмүрүн Улуу Жараткан өзү каИрып бергени аныктыр. Ошентсе да, ага шыпаа болушуп, өидөсүнө өбөк, ылдыиына таяк, жанына

www.bizdin.kg

аралжы болуп берген адамдарга ыракматын айтып, ыраазылыгын билдирмекке шарт издеди.

«Шаардын ызы-чуулуу ресторанын көрүп эле жүрбөйлүбү. Табият эненин кооз кучагында анын таза абасына магдырап Салкын-Төргө барып эс алып келели» деген чечимге келишти. Муну Расул Касымалиевич да колдоп, анын ИИМдеги достору, үй-бүлөлөрү менен Акылтай жана анын ата-энеси, Алымбек Шаршенбаевичтин үй-бүлөсү болуп баары капчыгайдын карагайлуу төрүндөгү Көк-Сай чыйыр жолунун учуна келишти.

Тайыр аялы жана уулу менен машинадан түшкөндө күн шашке болоюн деп калган... Көк-Сай чыйыр жолу баштал-ган жерде баары чогулушкан соң, карагайлуу токойду аралап ичке жол менен эң кооз кең жайыкка токтошту.

Мындай көк тиреген карагайлар менен кооз кайыңдардын кучагында күндө эле отура бербеген шаардыктар заматта башка бир керемет дүйнөгө кирип келгендей элестетишти. Мындай керемет дүйнө көз алдында турганында ишенишпегендей болушуп, ажайып түштүн кучагында, же бир жаңы уккан сыйкырдуу жомоктун дүйнөсүндө жүрүшкөн

www.bizdin.kg

сыңары, үнсүз-сөзсүз Табият эненин чеберчилигине суктанып, кыилага токои аралап жүрүштү...

Тээ алыста «Таажы» чокусу Хан-Теңир өңдөнүп заңкаят. Төбөсүндөгү ак мөңгү күн нуруна чагылышып, күмүштөИ жаркырап, көздү уялтат. Тоолордун биИигин талашып, карагаИлар бутактарын кенен жаиып, бои керишет.

Өзөндө Көк-СаИ суусу күрүлдөИт.

Сагызгандар учуп-конуп «шакылык-ташып», өз тилдеринде бир нерселерди аИтып жаткансыИт...

«Ак сүИлө, ак сүИлөсөң, так сүИлө» - деп ТаИыр АкылтаИды колунан жетелеп, Көк-СаИ чыИыр жолу менен өИдөлөп барат. Улам өИдөлөгөн саИын жол татаалдап, токои коюуланып, чыргаи башталат... Анык жапаИы токоИ сыяктанып, сырдуу көрүнөт...

ЫлдыИ жактагылар өзүнчө күрү-күү, балдардын күлкүлөрү, чоңдордун бакашака сөздөрү угулат. Алар ИИМдин адамдары, бүгүн аИрыкча көңүлү ачык Сауленин, Алымбек Шаршенбаевич менен Расул Касымалиевичтин үИ-бүлөсү менен балдарынын добушу...

Аңгыча: «ТаИы-ыр, каИдасыңа-ар, мында келгиле-е!» деген Расул Касыма-

www.bizdin.kg

лиевичтин коңур үнү токой аралап буларга жетти.

- Мейли, баралы, чакырып жатышат... Анан кайра келебиз, - деди да Тайыр уулун жетелеп ылдый басты...

Ошол кезде, кандайдыр, токой ичин шуулдаган бир добуш аралап, бакдарактар шуудурай түшкөнсүдү...

Сагызган кайрадан шакылыктап, бир нерсенин кабарын бергенсип, уча качты...

Шуулдаган добуш күчөп, токой ичи бир нерсени сезгенсип, кайрадан шуудурады...

Мындайда Умай бала келчү эле го. Бирок ал Акылтайга эскертпестен келе турган дагы эмне шашылыш нерсе болду экен?!

Акылтай эленде атасын бир, айланасын бир карады. Тайыр болсо, «шамал болуп, аба ырайы бузулабы» дегендей, асманга көзүн агытты. Ошол кезде бийик карагайлардын учу көрүнгөн көктөн учуп келаткан кооз килем, анын үстүндө отурган татынакай, мотурайган балакай көрүндү. Көргөн көзүнө ишенбеген Тайыр мындай кереметке таңыркап, жакасын карманды...

www.bizdin.kg

- УмаИ досум! - деп жиберди АкылтаИ. - Ата, коркпоңуз. Ал - менин УмаИ досум!

- «УмаИ досум?» УмаИ бала - ушулбу? Жанагы?.. Сенин?..

- Ооба, ата. Мени «Жаштык» лыжа базасында буюккан жеримден сактап калган, Жакуну, ШаабаИ баИкенин баласын, анан акырында Нурканды таап берген менин - УмаИ досум...

УмаИ бала килеми менен ылдыИлап келип, жерге конду да, килеминен түшүп, беркилерди көздөИ басты. ЭлеИип бир азга туруп калган АкылтаИ, кош колун созуп, УмаИ досуна чуркап жетип, экөө сагынышкан немелердеИ кучакташыша калышты...

Анан АкылтаИ артка бурула:

- УмаИ досуна, бул - менин атам, ТаИыр... Таанышып алгыла - деди.

МындаИ кереметти көрбөгөн ТаИыр дагы деле көргөн көзүнө ишенбеИ турган. КандаИдыр бир күч аны ордунан жылдырбады...

УмаИ бала өзү келип, ТаИырга таазим этип учурашты эле, баланын колдору кебездеИ жупжумшак экен. Кудум, булуттун үзүмүн алаканына сала коИгондоИ назик эле...

www.bizdin.kg

«Бул - кыдыр болуп көрүнүп жаткан бир сыр го...» - деп ойлой берди Тайыр.

Умай бала Акылтайга кайрылды:

- Акылтай, Умай энемдин сага жиберген саламын айтайын: Сага азыр Умай энем жер бетиндеги адамзаттын арасында периштедей тазалыкты жиберди. Аны сенин жандүйнөңө салып берди. Эми аны сен булгабай таза сактап ал. Бардык балдарга үлгү болгудай бол! Умай энем сага ушуну айт - деп жиберди.

Акылтай эмне дээрин билбей, апкаарып туруп калганына уялып кетти да, кайра эсин жыйып, Умай эненин элесине табынып, башын ийди.

- Эми башка сөз жок болсо кетейин... Бир канча убакытка чейин алыска-алыска кетем... Ага чейин кош, көрүшкөнчө... - деди Умай бала. - Керек болуп калсам, биотуюмтелефону менен сүйлөшүп турабыз...

- Ооба...

Умай бала килемине отуруп, кол булгалады. Килем акырын көтөрүлүп, калың карагайларды аралап бийиктеп баратты.

Кереметке ишенбеген Тайыр эми аргасыз ишенип, Умай бала учуп кеткен

www.bizdin.kg

тарапка тизелеп отуруп, көзүнөн жашы төгүлүп, табына баштады...

КарагаИлардын арасынан көздү уялтып күн нурлары чачырады. Күндүн ал нурлары чогулуп келип, кудум ТаИырдын жүрөгүнө куюлуп жаткансыды...

- О, Улуу Жараткан! О, Улуу УмаИ эне! - деди ТаИыр эки колун созуп, көздөрүн жумуп жалбара. - Мен силерге эми ишендим. Мен азыр көз көрүнөө бир укмуш кереметти көрдүм... О, касиеттүү, кереметтүү УмаИ эне! Жер бетинде кыбыраган бардык адам баласына бирдеИсиң. Баары, адегенде, сенден жаралып, УмаИ энем деп, атыңды ардактап атап, ыИык тутуп келет. Энелик жүрөгүңдүн жылуулугун, мээримиңден төккөн жарыгыңды ар бирибизге төгүп келесиң! Мына менин жанымда сенин ошол энелик мээримиңден кубат алып, жарыгыңдан жан алып, жаңы өскөн балаты сымал чүрпөм АкылтаИ турат. АкылтаИыма берген касиеттериңди мурда билбеи, туибаи, аирым күндөрү акарат келтирип жүрүпмүн. О, УмаИ эне, жаңылыштыктарымды кечир, өзүңдүн энелик мээримиң менен, мээримдүү энелик жүрөгүң менен кечир! Мен эле эмес,

www.bizdin.kg

мага окшогон «кардым ток болсо, кийимим бүтүн болсо, үстүмдө жылуу үйүм болсо, астымда кооз машинам болсо, кылар кызматым болсо, чөнтөктө акчам болсо болду, башканын баарын сатып алам» - деп Улуу Теңирди тааныбай чиренип жүргөн сан жеткис пенделериңди кечир!

Мен билем, о Умай эне, өзүңдүн энелик мээримиң менен Акылтайымды коргоп, касиетиң менен касиет берип, акылың менен акылына акыл кошуп келесиң. Түшүнөм аны. Акылтайыма нуруңдан аяба, жарыгыңдан аяба, жылуулугуңдан аяба, мээримиңден аяба! Мээримиңди төк, нуруңду төк, жарыгыңды төк! Ошол жарыгың менен, нуруң менен, жылуулугуң менен уулумду аруула, тазала, дем-күч бер, ден соолук бер, береке бер!

Умай балаң менен менин Акылтайымды ажырагыс дос кыл. Акылтайым дагы сенин касиеттүү балаңдай болуп, эл керегине жараган, ага кызмат кылган, мээримдүү, адал жүрөк, ак ниет, кең пейил элдин уулу болсун! Менин жана апасы Сауленин тилегени ушул. Мындан ары, өзүң айткандай, Акылтайым менин

www.bizdin.kg

гана уулум эмес, сенин дагы уулуң жана элдин уулу болсун!

О Улуу Жараткан! О, Улуу УмаИ эне! Ушул жалгыз уулум АкылтаИыма мына бу турган миң жылдык арча-карагаИ-лардаИ узак өмүр бер! Ушу турган миң жылдык карагаИ-арчалардаИ касиет бер... Ушул сураныч тилектеримди орундат, о Улуу УмаИ эне! Бул тилектеримди күндө таңда тилеИм, аИ жаңырган саИын тилеИм, жыл жаңырган саИын тилеИм, качан жер басып жүргөнүмдө өмүр бою тилеИм!!!

Ушинтип, кудум баягы жаИында көлдө жүргөндөгүдөИ уулуна зор тилектерин тилеп, УмаИ бала учуп кеткен тарапка созгон кош колу менен жүзүнө бата тартып, үнсүз көпкө отурду...

Отура берди...

Ал дагы да эмнени оИлонуп, уулуна дагы да эмнени тиленип жатты экен...

АкылтаИ атасына келип, жеңинен тартты.

Ошол кезде ылдыИтан Сауленин үнү келип жетти:

- ТаИы-ыр! Акылта-аИ! КаИдасыңа-ар?

Жакын эле жерден карагаИлардын арасынан Расул Касымалиевичтин үнү чыкты:

www.bizdin.kg

- Э-эй, Акылта-ай, кайдасы-ң-а-ар?

- Ата, - деди Акылтай акырын, атасынын ийинине колун секин тийгизип, - апам менен Расул агай бизди издеп таппай жүрүшөт окшойт... Туруңуз... Кетели...

Тайыр өйдө туруп, Акылтайды узакка кучактап жыттагылады да, өзүнө келип, көзүнөн сызылып аккан ысык жашын жүз аарчысы менен сүрттү. Анан уулун жетелеп, арытан көрүнгөн Расул Касымалиевич менен Саулени көздөй басышты...

«Кош, көрүшкөнчө, Умай досум! - деп ойлоп баратты Акылтай, Умай бала кеткен тарапка кылчактап карап. - Теңир атам менен Умай энеме менден, апам Сауледен, атам Тайырдан, агайым Расул Касымалиевичтен, эжейим Кайыргүлдөн, Нурислам менен Бакыткелдиден, Жаку менен Нуркандан, анан дагы менин бардык досторумдан ысык салам айта бар! Кош, кайрадан көрүшкөнчө!..»

2007-2009-ж.
Ак-Өргө — Сары-Камыш — Ысык-Көл - Кашка-Суу.

www.bizdin.kg

МАЗМУНУ

Баян башы 3

1-бөлүк.
Бороондо буюккан бала
Кереметке жолугуу 6
Умалай тоосунда 12
Акылтай үИүнө каИтты 16
АкылтаИ - үИүндө 19
Психиатрда 23
Чоң эне менен чоң атанын кеңеши 28

2-бөлүк.
Бакчадагы сырдуу окуя
Бакчадан уурдалган бала 32
«УмаИ досум, жардам бер» 35
«Жаку жер үстүнөн көрүнбөИт» 39
Зөөкүр аңчынын туткунунда 42
Издөө 47
Аңчыга көрүнгөн «ажаИып сыр» 49
«Аңчынын чыккынчылыгы» 52
Сенсациялуу билдирүү 59

3-бөлүк.
Төрөт үйүнөн алмашылган наристе
АкылтаИ мектепке бара турган болду 64
Көңүлсүз аятаган кече 68

www.bizdin.kg

Кичинекейлердин кум дөбөдөгү
чоң сөздөрү 73
«Умай досум, жардам бер» 78
Адила сүйүнчү айтып келди 80
Ата-энесине окшобогон сары каш бала 85
Токойдогу «жашынмак оюну» 87
«Акылтайды жез тумшук жеп кетти» 93
«Башкадан бөлөкчө бала» 97
Куурчактардын «үйлөнүү тою» 102
Тумоологон наристе, же үрөй
учурган иликтөө 108
Издөө керек... Бирок кайдан? 112
Издөө улануулда 116
Соттун чечиминен кийин 122
Умай бала жардамга келди 124
Жанара чындыкты айтты, бирок 131
Умай эненин касиети 136
Үч күн бою көргөн окшош түш 139
«Бактылуу тагдырлар»
тууралуу телебаян! 143
«Адамдар бизге ишенишпейт, бирок
бизден дайыма жакшылык тилешет» ____ 148

4-бөлүк.
«Супер окуучу»

Кереметке ишенбеген адам аны көрбөйт 153
Достук тартуу 156
Тайыр «арызга» келди 161
«Досу көп бала» 164
Жазуучу агайдын мектепке келиши 170
«Умай досум тууралуу айтып берем» 177
«Жаңы замандын балдары
жаңыча ойлонушат!» 183
Акылтай Умай досу жөнүндө
баарын айтып берди 192

www.bizdin.kg

Ата-энелеринин сүИүнүчү, фестивалга даярдык жана кереметтүү түш 198
Жеңиш! «Супер окуучу» 204
Керемет Күн эне! Керемет Көл эне! 211
АкылтаИ ооруп калды 218
УмаИ баланын келиши 224

5-бөлүк.
«Балага агрессия улануу да» же балалыкты коргоо жана өнүктүрүү комитети

Шеринедеги тонолоң 230
Физкультура сабагында 235
«Балага агрессия улануу да?» 240
«Балаң керекпи? Жүз миң сом» 246
«Бала тарбиясына революция керек!» 251
УмаИ эне тууралуу ыр 256
Чоң ата менен чоң эненин кеңеши 259
УмаИ эненин «умач ашы» 263
«Чоңдордун кебине бала аралашпаИт» 268
Расул Касымалиевдин жаңы идеясы 272
«Жашыл-Нурабадда балдарды сатып соода кылчу жашыруун уюм бар» 276
Эски мыктын даты жаман, эски кектин өчү жаман 279
Зөөкүрлөрдүн жашыруун жаИы табылды 287
УмаИ бала каИтадан Акылтажга келди 293
Капка салынган бала 296
«Жомок маИрамы» - Кыргызстан балдарынын маИрамы 299
«Салкын-Төр» капчыгаИындагы соңку кездешүү 305

www.bizdin.kg

Көркөм-адабий басылма

Рысбаев Сулайман

УМАЙ БАЛА

Романтикалуу жомок-повестъ

Тестиер жана өспцрцм балдар цчцн

Бишкек, «Бийиктик» басмасы

(Кыргыз тилинде)

Редактору *Жакин Теңирбергенова*
Мукабаны кооздогон *Мырзабек Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Мукай Кадыров*

www.bizdin.kg

Басууга 20.01.2011-ж. кол коюлду.
Офсент кагазы. Кагаздын форматы 84х108^/16.
Көлөмү 20 б.т. Заказ № 472. Нускасы 500 даана.

«Биииктик» басмасы.
Ю. Абдрахманова көчөсү, 170 А